КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К. КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

УДК:811.512.154:811.111-26(575.2)(043.3)

Сооронкулова Назира

АНГЛИС ТИЛИНЕН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КАБЫЛ АЛЫНГАН СӨЗДӨРДҮН ФОНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи:

ф.и.д., проф. Кадырова Ш.К.

Бишкек-2021

Киришүү.....4

I БАП. Изилдөө ишинин теориялык өбөлгөлөрү. Тилдик кабыл алуунун маселелери.....11

1.1. Кыргыз тилинин өнүгүү тарыхы. “Кабыл алуу” терминининин маанисин аныктоо жана кабыл алынган элементтердин маселелерин изилдөө. 11

1.2.Салыштырылып жаткан тилдердеги тилдик кабыл алуулар жана фонетикалык кабыл алуулар жөнүндө жалпы түшүнүк.....41

1.3.Тилдик кабыл алуудагы ассимиляция маселеси.....50
1.4.Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык жактан ыңгайлашуусу.....65

II БАП. **Кабыл алынган сөздөрдүн изилдөө методдору**.....70
2.1.Изилдөөнүн материалы.....70

2.2.Изилдөөнүн негизги методдору.....75

III БАП. Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдөгү фонетикалык ассимиляциянын негизги тенденциялары.....78
3.1.Англис жана кыргыз тилдериндеги вокализм системаларын салыштыруу.....78
3.2.Кыргыз жана англис тилдериндеги үнсүздөрдүн артикуляциялык өзгөчөлүктөрү жана алардын колдонулушу.....88
3.3.Кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы палатализацияланган үнсүздөр.....111
3.4.Дифтонгдордун фонематикалык субституциясы.....119
3.5.Англис жана кыргыз тилдериндеги басымдын мүнөздөмөсү.....120
3.6. Кабыл алынган сөздөрдөгү басым.....124
3.7.Англис тилиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын кеп агымында айкашып келишиндеги типтүү каталар.....145

Корутунду.....148

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси.....151

Киришүү

Тилдердин өз ара карым-катнашы азыркы тил илиминдеги татаал табияттуу жана кызыгууну жараткан маселелердин катарында турат. Атап айтканда, элдердин коомдук турмуштун ар кандай тармактарындагы (саясий, соода, маданий ж.б.) байланыш-катыштары, биринчи кезекте, алардын тилдеринин өз ара карым-катнашка тийгизген таасири менен коштоло тургандыгы талашсыз. Тилдердин мындай өз ара аракетке кирүүсү жана ал аракеттердин натыйжасында өзгөрүүлөргө учурашы, тарыхый жана тилдик себептерден улам эки же андан көп тилдер үчүн орток тилдик элементтердин пайда болуусун изилдөөдө ачык көрүнөт. Тигил же бул тилдин лексикалык курамындагы чет тилдеринен кирген сөздөрдүн табияты, кабыл алынган тилдин системасына ыңгайлашуу деңгээли жана бөтөнчөлүктөрү тилчи-окумуштуулардын кызыгуусун жаратып келгендиги маалым. Анткени мындай сөздөр тилдин лексикалык корунун басымдуу бөлүгүн түзүү менен, кабыл алынган тилге ыңгайлашуу процессинде рецептор тилдин системалык кубулуштарын бузулууга таасирин тийгизет. Мындай тилдик процесстер тигил же бул тилдин лексикалык курамындагы кабыл алынган сөздөрдү диахрондук өңүттөн иликтөө ишинде даана байкалат. Тагыраак айтканда, конкреттүү бир тилдеги тилдик элементтердин башка тилдерге кабыл алуу процессинде алардын тыбыштык түзүлүшүнүн, кээде маанисинин дагы өзгөрүү динамикасын көрүү жана түшүнүү үчүн ортомчу тил менен рецептор тилдин тилдик ярустарындагы системалык катыштарды аныктоо зарылдыгы келип чыгат.

Бул актуалдуу багытка, анын жалпы идеяларына, принциптерине жана ыкмаларына тил илиминде чет өлкөлүк, россиялык жана ата мекендик бир топ көрүнүктүү фонетистер И.А. Бодуэн де Куртене (1914), В.И. Кодухов (1963), Н.С. Трубецкой (1967), У. Вайнрайх (1974), Л.В. Щерба (1974), В.Д. Аракин (1972, 1989), Г.П. Торсуев (1977), Н.Д. Светозарова (1982), С. Арнольд (1986), С. Ю. Кравченко (2000), А.О. Орусбаев (1991), Т. Садыков (2006), Ж.К. Сыдыков (2007), Ш. К. Кадырова (2008), Ч.С. Тулеева (2008), Ж. Дуйшеев (2010), Ы. Чанаков (2011), Д. Кадыралиева (2014), К.Т. Токтоналиев (2015) карашкан.

Кабыл алынган лексикага байланыштуу жазылган илимий эмгектерде көбүнесе, кабыл алынган сөздөрдүн ички структурасына басым жасалып, ал эми алардын кабыл алуусу фонетикалык маселелери, асыресе, акцентке байланышкан жагы үзүл-кесил изилденип, же такыр эле көз жаздымда калып келатат. Демек, бир тилден экинчи бир тилге тилдик каражаттардын кабыл алуусу фонетикалык маселелерин жана өзгөчөлүктөрүн кыргыз тилинин материалдарынын негизинде изилдөөнүн зарылдыгы биз тандап алган теманын **актуалдуулугун** айгинелейт.

Жогоруда сөз болуп өткөн зарылдык аркылуу шартталган маселелер, атап айтканда, кыргыз тилине чет тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, акценттик структураларын, алардагы басымдын позициялык мүнөздөмөлөрүн этимон тилдеги варианттар менен салыштыруу өңдүү практикалык маселелер изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт.

Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Манас таануу жана лингвистика институтунун Англис тилин окутуунун технологиясы, теориясы жана практикасы кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Кыргыз тилине кабыл алынган лексикалык бирдиктерге фонетикалык деңгээлде илик жүргүзүү менен, алардын кыргыз тилиндеги тыбыштык курамы жана англис тилиндеги этимондорунун тыбыштык түзүлүшүндөгү бөтөнчөлүктөрүн салыштырып, лексикалык бирдиктердин ар кандай социалдык топтор тарабынан айтылышындагы тенденцияларды жана варианттарды аныктоо изилдөөнүн негизги максаттарынын бири.

Изилдөөдө коюлган бул максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** алдыга коюлган:

-лексикалык кабыл алуунун жалпы теориясынын алкагында кабыл алынган лексикадагы адаптация процессинин ролун жана ордун аныктоо;

-кабыл алынган лексиканын структурасын бир нече тилдик деңгээлде эксперименталдык-салыштырма планда изилдөө:

а) фонемалык (фонемалардын курамы жана дистрибуциясын аныктоо);

б) акценттик (басымдын позициялык мүнөздөмөсүн берүү);

в) лексика-семантикалык салыштыруу;

-этимон сөздөр менен салыштыруу аркылуу кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, ошондой эле акцентик структурасындагы өзгөрүүлөрдү аныктоо.

-социолингвистикалык эксперименттин негизинде кабыл алынган лексиканын жандуу кеп агымында колдонулган варианттарын аныктап алуу менен, кабыл алынган лексикалык каражаттардын кыргыз тилинде сүйлөгөн кеп маданияты ар кандай деңгээлдеги адамдар тарабынан колдонулуш тенденцияларын бөлүп көрсөтүү.

Иштин илимий жаңылыгы. Социолингвистикалык эксперименттин негизинде англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн реципиент тилдин фонетикалык системасына ассимиляцияланыш тенденциялары, басымдын мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болушу алгач ирет илимий жактан сыпаттоого алынышын иштин илимий жаңылыгы катары белгилөөгө болот. Мындан тышкары кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, асыресе, акценттик варианттарын иликтөөнүн негизинде реккуренттүү деп табылган варианттардын сунушталышын да кошумчалоого болот.

Коргоого коюлуучу жоболор:

-Англис жана кыргыз тилдеринин типологиялык системасынын, өзгөчө фонетикалык жана акценттик бөтөнчөлүктөрүнөн улам, кабыл алынган лексика реципиент тилде бир нече варианттарда айтылып, ал эми орток деп эсептелген варианттар узустук туруктуулукка ээ эмес. Андыктан төл лексикадан айырмаланып, кабыл алынган лексика үчүн акцентуациянын так эрежелери иштелип чыга элек.

-Англицизмдердин кыргыз тилине кабыл алынышында алардын акценттик структураларынын өзгөрүүлөргө учурашынын олуттуу себеби катары кыргыз тилинин ички системасына байланышкан факторлорду талдоо.

- Массалык-маалымат каражатары кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн сөздүк запасын англис тилинен кирген сөздөр менен толуктап турган негизги булактын ролун аткаруу менен, ошол эле учурда англис тилинен кирген сөздөрдөгү акценттик компоненттин калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизүүсүн аныктоо.

- Басымдын кабыл алынган сөздөрдүн тигил же бул муунуна коюлушунда адамдын кеп маданиятынын деңгээли, кесиби, англис тилинде сүйлөй алуусу же албоосу жетектөө ролундагы факторлордун милдетин аткаруусун далилдөө.

Диссертациялык иштин методологиялык базасын XX-кылымдын 30-жылдарынан баштан англис тилин изилдеген эмгектерден тартып, советтик көрүнүктүү окумуштуулардын изилдөөлөрү Н.С. Трубецкой (1960), Л.В. Щерба (1963), В.И. Поставалова (1972), А.А. Абдуазизов (1974), А.А. Реформатский (1970), Ж. К. Сыдыков (1984), В. Д. Аракин (1989), азыркы герман тилдеринин фонетикалык системасын талдоого алган илимий эмгектер И.Г. Торсуева (1953), В.Я. Плоткин, (1976), А.Л. Трахтерев (1976), Н.Д. Лукина (1985), И.С. Тихонова, (1991), азыркы агглютинативдик кыргыз тилинин фонетикалык системасын изилдөөгө алган эмгектер И.А. Батманов (1963), Т.К. Ахматов (1968), А.О. Орусбаев (1974), Р. Чанаков (1980), К. Ш. Кадырова (1988), Ж.К. Сыдыков (1990), Т. Садыков (1992), герман англис тилинин фонетикалык системасын кыргыз, же башка турк тилинин фонетикасы менен салыштырылып изилдеиген эмгектер Гатиатуллина (1973), А.К. Шаменова (1974), Дж. Буранов (1983), Д.Х. Бакеева (1985), А. Ибраев (1986), А.М. Аязбаева (2006), А.Н. Нурахманов (2007), кыргыз тилинин фонетикасын орус тилинин фонетикасы менен салыштырып изилдеген эмгектер Машакова (1985), Д.Ж. Кадыралиева (1997), Н.К. Салахитдинова (2002), Ж.К. Сыдыков (2008) түздү.

Иштин теориялык жана практикалык мааниси. Кыргыз тилине англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн акценттик структурасын изилдөөнүн жолдорун, ошону менен эле катар алардын фонетикалык жактан адаптацияланышындагы айрым бир тенденцияларды эксперименталдык-салыштырма анализдин негизинде аныктоо аракетинен алынган илимий жыйынтыктарды изилдөө ишинин теориялык мааниси

катары сыпаттого болот. Өз кезегинде, мындай жыйынтыктар чет тилинен кабыл алынган сөздөрдүн реципиент тилге фонетикалык жактан адаптацияланышына байланышкан процесстер багытында билимдин кеңейишине жана тилдердин өз ара карым-катнашта болуу теориясындагы айрым маселелердин чечилишине шарт түзөт.

Ал эми изилдөөнүн **практикалык маанисин**, эң оболу, алынган жыйынтыктардын тилдик каражаттардын өз ара аракетке кирүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө багытындагы илимий иштерде колдонуу зарылдыгын түшүндүрүү. Мындан тышкары иште алынган практикалык маңыздагы тыянактарга таянуу аркылуу, кыргыз тилин алып жүрүүчүлөрдүн жандуу кебинде кабыл алынган сөздөрдүн айтылышына байланыштуу адекваттуу практикалык мүнөздөгү сунуштарды берүүгө боло тургандыгын баса белгилөө зарыл. Ал эми академиялык билим берүү жаатында иштин жыйынтыктарын фонетика боюнча атайын курстарда, англис жана кыргыз тилдеринин салыштырма-типологиясы, кеп маданиятынын теориясы жана практикасы курстарында пайдалануу сунушталат.

Изилдөөчүнүн жеке салымы болуп диссертациялык иштин илимий натыйжалары, алардын терең изилдениши, кыргыз тилине чет тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, акценттик структураларын, алардагы басымдын позициялык мүнөздөмөлөрүн айырмачылык жактарынын аныкталышы, коргоого коюлган теориялык негизги жоболор, чыгарылган корутундулар изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы. Изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары 2014-2020 жылдар аралыгында И. Арабаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде, Б.Ельцин атындагы КОСУда өткөн жаш окумуштуулардын конгрессинде, республикалык, эл аралык илимий практикалык конференцияларда баяндама түрүндө апробациядан өткөн. Изилдөөнүн материалдары чет өлкөдө жана Кыргызстандын ЖОЖдорунун лицензияланган илимий басылмаларында жарык көргөн он илимий макалада чагылдырылды.

Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы. Изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 10 макала жарыяланып, анын ичинен РИНЦ индексине кирген басылмаларда Кыргызстанда 3 жана чет өлкөдө 3 макала жарык көрдү.

Иштин курамы. Иште коюлган негизги максат-милдеттерге ылайык, диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду бөлүмдөн, тиркемелерден жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүү бөлүмүндө диссертациялык иштин темасы негизделип, анын актуалдуулугуна, теориялык жана практикалык маанисине, илимий жаңылыгына, максат-милдеттерине, коргоого коюлуучу жоболорго орун берилген.

Биринчи бапта англис тилинен кирген сөздөрдү кабыл алуу процессине байланышкан теориялык жалпы мүнөздөгү маселелер каралат. Атап айтканда, тилдердин карым-катнашка кирүү теориясынын алкагында формалдуу адаптация кабыл алуунун жалпы процессинин бир компоненти катары каралган.

Экинчи бап кабыл алынган сөздөргө эксперимент жүргүзүүнүн методдору, сөздүк материалды тандоо жана иликтөө, изилдөө методдорун сыпаттоо, тилдик бирдиктерди талдоонун критерийлери, ошондой эле экспериментке катышуучулардын мүнөздөмөсү берилет.

Үчүнчү бап изилдөө жүргүзүүнүн принциптерин негиздөөгө арналган. Башкача айтканда, кабыл алынган сөздөрдүн реципиент тилдеги прототиптери менен формалдуу адаптацияга учураган варианттарын салыштыруу аркылуу, алардын фонетикалык, акценттик жактан айтылыш өзгөчөлүктөрү каралган. Мындан тышкары бул бапта кабыл алынган лексикага жүргүзүлгөн социолингвистикалык анализдин жыйынтыктары берилип, ал жыйынтыктардын негизинде англицизмдердин айтылышындагы тенденциялык мүнөздөгү өзгөчөлүктөр, ошону менен катар рекурренттүү варианттар аныкталган.

Корутунду бөлүмдө изилдөө ишинин жыйынтыктары, проблеманын келечекте изилдениш жолдору чагылдырылган.

I Бап. Изилдөө ишинин теориялык өбөлгөлөрү. Тилдик кабыл алуунун маселелери.

1.1. Кыргыз тилинин өнүгүү тарыхы. “Кабыл алуу” терминининин маанисин аныктоо жана кабыл алынган элементтердин маселелерин изилдөө теориясы.

Дүйнөдөгү көп тилдердин тарыхый өнүгүш жолундагыдай кыргыз тилинин сөздүктөрү да далай мезгилден бери өнүгүп келет. Ал байыркы замандардан азыркы күнгө чейин өзүнүн ички ресурстарын жана башка тилдерден ар түрдүү сөздөрдү, терминдерди турмуштагы обьективдүү жана субьективдүү реалдуулуктар менен тыгыз байланышта, үзгүлтүксүз өздөштүрүп келүүдө. Башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн же терминдердин арасында аралаш, транскрипция жана транслитерация ыкмаларын колдонуу менен жаралган, кабыл алынган терминдердин тектеш гана тилдерде эмес ар түрдүү системадагы баардык тилдердей бирдей эле мааниде кездешери белгилүү. [Ж.К. Сыдыков, Лингвистика, типология, терминология. Б., 2007].

Революцияга чейин кыргыз тилине орус тилинен саналуу гана сөздөр алынса, азыр орус тилинен алынган термин сөздөр өндүрүштүн бардык тармагында колдонулат. Мисалы: *керебет, самоор,машине, шекер, үстөл* ж.б. Араб, иран тилдеринен сөз алуу токтотулду. Эски маанидеги сөздөрдүн колдонулушу азайганы байкалат. Мындай жаңылыктар тилдин табиятын өзгөртпөй койбойт.

Кайсы тилди изилдебейли, андагы чет сөздөр сан жагынан бирдей эмес. Бир тилде чет сөздөр көп болсо, экинчи тилде аз жана ал сөздөрдүн тыбыштык турпаты, кээде семантикалык мазмуну да өз булагынан башкача болуп кабыл алынган. Тилдердеги мындай айырмачылыктардын көп болушу жакын диалектилерди же тилдерди бири-биринен дагы алыстатып отурат. Маселен: кыргыз тилине салыштырганда татар, башкыр тилдеринде орус тилинен алынган сөздөр көп. Башка тилдерден алынган сөздөр тилдин сан жагынан байытып гана тим калбастан, алар өздөрү менен кошо тыбыштык жаңы айкалыштарды, муундун жаңы түрлөрүн,

кээде жаңы фонемаларды да ала келишет. Ошентип алар төл сөздөгү тыбыштарга да өздөрүнүн таасирин тийгизет. Кыскасы, четтен кирген сөздөр эне тилдин тыбыштык түзүлүшүнө таасир этүү менен жаңы морфемалардын пайда болушуна да негиз болот. [К. Дыйканов., Кыргыз тилинин тарыхынан,- Б. 1980ж].

Тилдин өнүгүү тарыхында лингвистикалык ички себептер да маанилүү орунду ээлейт. Алсак, эне тилинде сүйлөгөн адамдардын кеби ар дайым бирдей эмес. Бир эле адамдын үйдө сүйлөгөнү менен көпчүлүктө сүйлөгөнү тактык жагынан айырмаланат. Өз айылындагы жергиликтүү адамдар менен байланышы чектелген кишинин сүйлөгөнүнө караганда эл кыдырган адамдын сүйлөөсүндө улуттук тилдин жалпылык элементтери көп. Тилде жергиликтүү норма менен чектелгендик диалектилик белгинин жашай беришине жардамчы болот. Диалектилер арасындагы лексикалык, фонетикалык айырмачылыктар жоюлуп, өз учурунда адабий нормага салынып турбаса, адабий тилдин өрүшүнө тоскоолдук келтирет. Кыргыз тилиндеги созулмалар, казак тилиндеги дифтонгоид өзбек тилиндеги диэреза жана казак, кыргыз тилдеринде шуулдама үнсүздөрдүн (с, ш, ч) алмашылып колдонулушу; тектеш тилдерде сөз башында түгөйлөш үнсүздөрдүн алмашылышы; сөз аягындагы каткалаң үнсүздөрдүн интервокалдык позицияда жумшарып, же жумшарбай айтылыштары ж. б. сыяктуулар ошол ички себептин натыйжасында пайда болгон кийинки кубулуштар болуп саналат. Бул көрүнүш азыркы тилдердин улуттук өзгөчө белгисине айланып отурат.

Кыргыз тилинин лексикасын И. А. Батманов «Краткое введение в изучение киргизского языка» деген эмгегинде беш катмарга бөлгөн:
I катмар – VII кылымга чейинки жалпы түрк сөздөрү; II катмар – түрк жана монгол тилдерине орток сөздөр; III катмар – араб, иран тилдеринен алынган сөздөр; IV катмар революцияга чейинки орус сөздөрү; V катмар – Революциядан кийинки орус сөздөрү. Бешинчи катмар жөнүндө ал мындай деген: «5. Сөз катмары, Октябрь революциясынан кийин кыргыз тилинин орус тили менен аралашуу процессинде

кирген жана түзүлгөн. [И.А. Батманов. Краткое введение в изучение киргизского языка. Фрунзе, 1947, 60-бет].

Аралашуунун биринчи этабында көп сөздөр фонетикалык өзгөрүүлөргө жолугушту, бирок кыргыз тилинин сөздүк запасынын сан жагынан болгон өзгөрүшүнүн артынан анын фонетикалык системасы да өзгөрдү». Ал фонетикалык кабыл алууну тилдердин аралашуусу (скрещивание) деп түшүндүргөн.

Бул катмарлар хронология жагынан туура сыяктанганы менен эне тилдин базасында пайда болгон жаңы сөздөрдү өз ичине камтый албай калат. Экинчиден монгол тилдери менен түрк тилдеринин бөлүнүшү биздин замандан мурда болгон деп, божомолдоого болот. Бул тилдердин тектештигин, I менен II катмардын ордун алмаштыруусуна багыттоого болот.

Б. М. Юнусалиев кыргыз тилин үч доорго бөлгөн. Биринчи доору байыркы кыргыз тили (IX–X кылымдарга чейинки мезгил, же орхон-енисей доору); экинчи доору – орто кылымдык кыргыз тили (X–XVI кылымдарга чейинки мезгил, б. а. алтайлыктар менен кыргыздардын тилиндеги окшоштуктар пайда болгон доор); үчүнчү доору – жаңы кыргыз тилинин мезгили. Мындай бөлүштүрүүнүн өз себеби бар. Байыркы кыргыз тили жөнүндө ал мындай дейт: «Енисейлик эстеликтердин тилин жалаң кыргыз тили гана эмес, башка жакын тектеш тилдерге да ошол эле даражада жакындатууга болор эле, анткени азыркы убактан байыркыны көздөй канчалык алыстаган сайын тектеш тилдер ошончолук бири-бирине жакындай түшөт»2 – деп, енисейлик эстеликтердин тили тектеш тилдерге тең экендигин жана азыркы тилдердин байыркыда бир экендигин айкындайт. [Б. М. Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971, 57-бет].

Орто Азиялык түрк калктарына иран, араб сөздөрүнүн таралышы тээ байыркы доордон башталат деген божомолдоолор бар.

Ал убакта Орто Азиянын чыгыш-түндүк жагын мекендеген, көчүп-конуп жүргөн кыргыз, казактар араб жазуусун толук өздөштүрө албаган. Жазма тили катнаш курал даражасына көтөрүлө албаган. Буларга кирген араб, иран сөздөрү оозеки сүйлөө тили аркылуу тыбыштык түспөлүн өзгөртүшкөн. Айрым сөздөр мааниси

жактан «адашууларга» дуушар болушкан. Маселен: чарба иран тилинде «төрт аяктуу» дегенди билдирсе, кыргыз тилинде 4–5 маниге ээ. Орто азиялыктарга араб сөздөрүнө караганда, иран тилинин элементтери көп жана мурдараак "тараган. Буга байыркы түрк жазма эскерткичтери күбө болот.

Араб алфавити менен араб дини – ислам Кыргызстанга IX кылымда тараган. Буга Алфарабинин жазган эмгектери, андан кийинки кылымдардагы Махмуд Кашгари менен Юсуп Баласагундун жазып калтырган дастандары күбө болот.

Араб, иран тилдеринен алынган сөздөрдүн таралышы жергиликтүү тилдеги көп сөздөрдү сүрүп чыгып, төл сөздөрдүн колдонушу начарлаган. Бул тилдердин сөздөрү көп таралган жерде төл сөздөрдүн көбү архаизмге өтүп кеткен.

Монгол тили менен кыргыз тилинин жакындыгы кыргыз тили менен якут, же кыргыз тили менен чуваш тилдерине барабар келет десек жаңылыш болбойт. Себеби, бул тилдер (чуваштар менен якуттар) түрк тилдерине киргени менен кыргыз тилине болгон катышы монгол тилиндей эле. Буга караганда, алтай тилдеринин бөлүнүштөрү дарак сыяктуу эмес, территориялык аймакташ экенин айтса болор эле.

И. А. Батманов «Краткое введение в изучение киргизского языка» деген эмгегинде кыргыз тилиндеги сөздөрдү 5 катмарга бөлүштүрүп экинчи катмардагы сөздөрдү түрк-монгол тилдерине орток сөздөр дейт. Б. М. Юнусалиев кыргыз тилин үч доорго бөлүп, кыргыз лексикасында монгол тилинен алынган сөздөр бар экенин көрсөтөт. С. Садыков «Тюрко-монгольские параллели» деген макаласында 500гө жакын сөздү лексикалык тематикаларга бөлүштүрүп, ал сөздөрдүн тыбыштык жагын башка түрк тилдерине салыштырып чыккан.

С. Кудайбергенов «Синтетический способ образование глагола в киргизском языке» деген докторлук диссертациясында 600гө жакын этишти монгол тилине салыштырат. [С. Кудайбергенов. Синтетический способ образования глагола в киргизском языке (АДД) - Ф.,1968].

Башка тилдерден алынган сөздөр эне тилдин грамматикасына багынбаса, алар тилдин тыбыштык курулушуна тескери таасир тийгизет. Сөздү башкача айкалыштар менен чаташтырып, анын коомдогу коммуникативдик функциясын төмөндөтөт. Ошентип тексттин түшүнүгү начарлайт. Сөздөр турпаты менен мазмуну жактан элдик тилге (диалектиге эмес) канчалык жакындашса, ал ошончолук тез өздөштүрүлөт, анын чет тилдик сөз экендиги таанылбай, сүйлөгөндө төл сөздөй колдонула берет. Алсак, араб-иран тилдеринен кирген кыргыз тилиндеги сөздөр XI кылымдагы жазуу эскерткичтеринде (маселен Ж. Баласагын “Кутадгу билиг” 1967-1970 жж.) ошол арабчасындай жазылган болсо да, сүйлөө речинде алар турпаты менен мазмуну жактан эне тилдин тыбыштык үлгүсүнө салынган. Алардын жазылышы кыргыздарга таралбай калды, бирок өзбек калкына негиз болгон тайпалар бул жазуу тилине көбүрөөк жакындашкан. Натыйжада тилдин фонетикасында жергиликтүү айырмачылыктар түзүлүп, анын диалектилерге ажырашына себеп болот. Тилдин фонетикалык туруктуулугун сактоо проблемасы ушунда турат. Мурунку кабыл алынган сөздөр турпаты жактан кыргыз тилинин үлгүсүнө салынган болсо, азыркы сөздөр орусча жазылышындай алынып жатат. Бул жаңыча кабыл алынган сөздөрдүн жазылышы менен тыбыштык курулушу массага тегиз тараган болсо, ошондо гана андай сөздөр акырындап көбөйүп отуруп, тилдин фонетикасына жаңыча тыбыштык айкалыштын түрлөрүн, кээде жаңы фонемаларды ала келет. Ошентип чет тилдик сөздөр тилдин тыбыштык өзгөрүшүнө себеп болот. Мындай фонетикалык жаңылыктын түрдүү аймакта түрдүүчө болушу тилдик айырмачылыкты пайда кылат; бирдей болушу – тилдин фонетикалык бирдигин камсыз кылат. Тил ошентип отуруп мурдагы абалынан улам өзгөрүлө берерин лингвистер далилдешкен.

Азыркы кыргыз, казак, өзбек ж. б. тилдердин тыбыштык айырмачылыгы ошол өткөн доордогу чет тилдик таасирлердин бирдей эместигинен пайда болгон; ал өзгөчөлүк азыркы тилдердин өздүк белгисине айланды. Азыркы тектеш тилдердин өрүшү алардын улуттук орфографиясынын, алфавитинин тегерегинде болуп жатат.

Орфография менен алфавиттин бирдей эместиги жана андагы тамгалардын түрдүүчө кызмат аткарышы – жакын тилдердин аралыгын алыстатат; тетирисинче, орфография менен алфавиттин бирдейлиги тилдерди жакын тутат. Мына ошондуктан Советтик түркологияда тектеш тилдердин алфавити менен орфографиясын изилдеп, алардын аралыгын мындан да жакындаштыруу проблемасы сөз болуп келе жатат. [К. Дыйканов., Имя существительное в киргизском языке.- Фрунзе, 1955, 15–20-беттер].

Сөздөрдүн кабыл алуусу ар кайсы тилдердин сөздүк корунун байышына ар кандайча таасирин тийгизет.Айрым тилдерге кабыл алынган сөздөрдүн кириши алардын сөздүк коруна олуттуу деле таасир этпесе, башка бир тилдер үчүн ар кайсы тарыхый доорлордо кабыл алынган сөздөрдүн таасири күчтүү болгон. Ал гана эмес, мындай тилдерде кабыл алынган айрым ат атооч сөздөр, кызматчы сөздөр төл лексикага кирген ат атооч, кызматчы сөздөрү сүрүп чыгарган тилдик фактыларды да кездештирүүгө болот. Демек, кабыл алуу процесси бардык тилдер үчүн орток көрүнүш экендигин, ошону менен бирге башка тилдерден кирген сөздөр кыргыз тилинин лексикалык курамынын ажырагыс бөлүгү экендигин танууга болбойт. Андыктан сөз болуп жаткан маселенин изилдениши бардык учурда актуалдуу экендигин баса белгилешибиз керек. Сөз болуп жаткан маселелердин актуалдуулугу жандуу тилдин улам өнүгүп-өзгөрүп туруу табияты, тагыраак айтканда, улам жаңы сөздөрдүн кирип туруусу менен да түшүндүрүлөт. Бул жагынын алганда, лексикология жаатында иш алып барган окумуштуулар үчүн изилдөө объектисинин улам жаңырып турушу да-мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Мындай маселелер кыргыз тилинин лексикологиясына да мүнөздүү, анткени башка тилдердей эле кыргыз тили дагы өзүнүн узак мезгилди камтыган өнүгүү тарыхында көп сандаган сөздөрдү чет тилдеринен тигил же бул жол аркылуу кабыл алган. Мындай сөздөрдүн катарында лексикалык маниге ээ болгон сөздөр, ошону менен бирге кызматчы сөздөр жана сөз жасоочу морфемалар да бар экендигин белгилөөгө болот.

Кыргыз тилинин лексикасынын сырткы булактардын эсебинен байышында олуттуу ролду орус, англис, түрк, немис жана француз тилдеринен кабыл алынган сөздөр ойногондугу белгилүү. Мындан тышкары араб, иран, монгол тилдеринен кирген сөзөр да кыргыз тилинин лексикалык катмарларын түзөт.

Акыркы мезгилдерде сөз болуп жаткан маселелер кеңири масштабда, жаңы динамика менен изилденип жатканды мамлекеттердин ортосундагы соода-сатык, дипломатиялык, маданий, саясий, гуманитардык карым-катнаш, байланыштардын жаңы деңгээлге көтөрүлгөндүгү менен да түшүндүрүлөт. Ал эми мындай тышкы факторлор, өз кезегинде, тилдердин карым-катнашка кириши менен коштоло тургандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Ушул жагынан алганда, тилдик карым-катнаштар теориясында чет тилдеринен кирген сөздөрдү изилдөөнүн жаңы перспективалары ар кандай тилдик системалардын өз ара аракетке кирүү жана өз ара баюу өңүтүнөн ачылып, изилденүүгө багыт алып жаткандыгын кошумчалоо зарыл.

Тилдик структуранын тиги же бул деңгээлиндеги “бош клеткаларды” тил өзүнүн ички же болбосо тышкы булактары, резервдери аркылуу толуктап туруу касиетине ээ. Мындай булактардын ролун кабыл алынган тилдик каражаттар да аткарат. Мындай учурда тил кабыл алынган тилдик каражаттардын кабыл алынышына бир жагынан “каршылык кылса”, экинчи жагынан башка тилдерден кирген сөздөрдүн кабыл алынышын шарттаган факторлор кирет.Анткени тилдин лексикалык катмары бөтөн тилдик системанын таасирине тез ыңгайлашып, ийкемдүүлүгү менен айырмалана тургандыгы белгилүү. Себеби тилдик каражаттардын конкреттүү бир тилдин системасына өздөштүрүлүү процесси тилдин универсалдуу элементи катары биринчи кезекте сөз менен байланыштуу каралат. Бирок кабыл алынган тилдик каражаттарды сөз аркылуу гана чектеп коюуга болбойт. Маселен, окумуштуу Э.Хауген сөздөрдөн, б.а., субституциясыз, толук же толук эмес субституциялуу чет тилиндеги морфеманын кабыл алуудан башка дагы, морфемалардын (сөз бөлүктөрүн) жана маанилердин (башка тилдеги морфемалык жана фонемалык моделдерди) кабыл алууу кезиге тургандыгын

белгилейт [Хауген Э. Процесс заимствования//Э. Хауген//Новое в лингвистике. Языковые контакты. - М.: Процесс,1972. - с. 342-344].

Жалпы тил илими жаатында башка тилдерден кирген сөздөрдүн, асыресе, диахрондук өңүттөн изилдениши кабыл алуу терминин маанисин кеңейткени менен, аталган терминдин так мааниси аликүнчө аныктала электигин баса белгилөөгө болот. Сөз болуп жаткан процесске карата ар кайсы тилчи-окумуштуу тилдик системанын өзү изилдөөгө алып жаткан өңүтүнөн туруп мамиле жасоо менен, бул терминдин маанисин ошого ылайык аныктап келет. Ошого карабастан тил илиминде сөздөрдүн реципиент тилге кабыл алуу процессин аныктоочу формалдык, семантикалык ошондой эле функционалдык белгилер бар экендиги маалым.Маселен, окумуштуу Ю.С. Сорокин кабыл алуунун төмөндөгүдөй белгилерин бөлүп көрсөтөт:

1) башка тилдерден кирген сөздөрдүн кабыл алынып жаткан тилдердин графема-фонетикалык каражаттары аркылуу берилиши;

2) башка тилдердеги сөздөрдүн кабыл алынып жаткан тилдердин грамматикалык класстарына жана категорияларына ылайык келиши (грамматикалык кабыл алуу);

3) башка тилдерден кирген сөздүн семантикалык жактан өз алдынчалуулугу, б.а. ал кабыл алынып жаткан тилдин төл лексикасында ага синонимдик катыштагы сөздүн болбоосу (эки тилдеги сөздөрдүн семантикалык жактан бирдей маанини туюндурган учурларда, эреже катары, сөздөрдү кабыл алуу зарылчылыгы жоголот);

4) адабий тилдеги сөздүн кептин экиден кем эмес жанрында колдонулушу жана терминдин белгилүү бир терминологиялык системанын ичинде туруктуу колдонулушу); [Сорокин Ю.С. Развитие словарного состава русского литературного языка. Л.,-1965ж.]

Айрым окумуштуулар кабыл алынган сөздөрдүн структуралык курамын эске алуу зарыл экендигин баса белгилешет. Маселен, Б.Н.Забавников сөздөрдүн бир тилден экинчи бир тилге кабыл алууңдө реципиент тилдин фонетикалык,

графикалык, синтаксистик деңгээлдериндеги мыйзам-нормаларынын сакталышына көңүл буруу зарыл экендигин белгилейт. [Забавников Б.Н. Теоретические основы коммуникативно-ориентированной грамматики. Саратов-1984ж.] Бир сөз менен айтканда, аты аталган окумуштуунун пикиринде, сөздөрдүн кабыл алууундө тилдердин структура-типологиялык жактан шайкеш келиши же келбей калышы дыкат изилдениши шарт. Бирок мындай теориялык мүнөздөгү жобо-талаптарга карабастан, сөздөрдүн кабыл алууунун айрым теориялык жана практикалык маселелери талаш-тартыштардын объектиси бойдон калууда. Маселен, сөздөрдүн бир тилден экинчи бир тилге өтүү периоддоруна байланыштуу бир катар маселелер боюнча бирдиктүү пикир жок. Айталы, кабыл алынган сөздөрдүн диахрондук планда өнүгүү этаптарынын кайсы учурун анын башка тилге кабыл алууунун башталышы катары эсептешибиз керек: жазууда анын алгачкы ирет катталган учурунбу, же ал сөздүн оозеки кепте бир нече ирет пайдаланылышынбы? Бул маселени, тагыраак айтканда, башка тилден кирген сөздөрдүн кабыл алууу кайсы учурдан башат алгандыгын так аныктап алуу бир катар зарыл жагдайлар аркылуу шартталган. Себеби, сөздөрдү кабыл алуу процессинин кайсы өңүттөн карала тургандыгы анын башталыш чекитин тактап алууга көз каранды. Сөздөрдүн кабыл алууу оозеки кепте башка тилдерден кирген сөздөрдү, алардын фонетикалык жана графикалык турпатына көңүл бурбастан колдоно баштаган учурдан башат алабы? Же оозеки кепте бир канча ирет колдонулгандан кийин ал сөздөрдүн реципиент тилдин каражаттары аркылуу башка формага ээ болушу өздөштүрүлүүнүн башталышыбы? Балким, башка тилден кирген сөздөрдүн алар кабыл алынган тилге биротоло турукташып калышын кабыл алуунун башталышы катары эсептөө керекпи ? Сөздөрдүн кабыл алууунун башталышын аныктаган негизги фактор катары анын социализациясын, б.а. конкреттүү бир тилдик жамаат аркылуу кабыл алынышын эсептеген көз караштар да бар. Ал эми сөздүн тилдик жамаат аркылуу кабыл алынышын тастыктаган тышкы факторлор катары алардын оозеки кепте активдүү колдонулушу, сөздүктөргө киргизилиши сыяктуу көрсөткүчтөр эсептелип жүрөт [Гак В.Г.,

1983:46]. Бирок мындай көрсөткүч-талаптар дайыма эле ойдогудай аткарыла бербестигин соңку мезгилдерде турмуш тажрыйбасы көрсөтүп жатат. Анткени эл аралык байланыштардын күчөшүнөн улам, тилдердин сөздүк курамына башка тилдерден кирген сөздөрдүн агымы ургаалдуу мүнөзгө өтүп, алар кабыл алынган тилдерде активдүү колдонулуп, турукташып калганы менен, сөздүктөргө улам жаңы сөздөрдү киргизип турууга жетишүү кыйынга туруп жаткандыгы да маалым.

Кабыл алынган сөздөр номинация процессинин өңүтүнөн да, тилдик каражаттардын колдонулушунун жүйөлөнүшү өңүтүнөн да, лингвопрагматикалык өңүттөн да лексиканын өзгөчө катмарын түзөт. Анткени атоо зарылдыгын канааттандыруу менен мындай сөздөр тилдик каражаттардын үнөмдүү, ошол эле учурда натыйжалуу пайдалануунга ыңгайлуу шарт түзөт. Мындан тышкары башка тилдерден кирген сөздөр, жогоруда белгиленип өткөндөй, денотаттарды атоодогу боштуктарды толуктоо менен, тилдердин атоо мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишине шарт түзөт. Ошол эле учурда кабыл алынган сөздөрдүн баштапкы ассоциативдик байланыштары алар кабыл алынган тилдерде жоголуп, мындай жагдай өз кезегинде кабыл алынган сөздөр туюндурган маанилерди кеп агымында түшүнүүнү кыйындатат. Демек, сөздөрдүн бир тилден экинчи бир тилге кабыл алуусун диалектилик карама-каршы табиятка ээ процесс катары мүнөздөөгө болот. Мындай карама-каршылык тилдик белгилердин диалектилик табияты менен түшүндүрүлөт: бир жагынан, кабыл алынган сөздөр аркылуу тилдердин кызматынын ийкемдүүлүгү артса, экинчи жагынан, сөздөрдүн кабыл алынышы ага тоскоолдук жараткан тилдик жана тилдик эмес факторлор менен коштолот. Сөздөрдүн кабыл алууундө мындай ички жана тышкы факторлордун орун алышынан улам, сөздөрдү кабыл алуу сандык катыштан алып караганда, сөз жасоо жана семантикалык деривация өңдүү номинация процесстеринен аздык кыла тургандыгы далилденген. Бирок мындай пикирден тилдерде, айталы, англис тилинде кабыл алынган лексиканын саны чектелүү деген бир жактуу жыйынтыкка келүүгө болбойт. Англис тилинин лексикасына 50гө жакын дүйнө тилдеринен кабыл алынган лексикалык бирдиктер анын лексикалык курамынын 70% түзө тургандыгы жана

бул пайыздык көрсөткүчкө ар кайсы тарыхый доорлордо экономикалык, тарыхый, географиялык, социалдык, маданий ж.б. себептерге байланыштуу кабыл алынган сөздөрдүн лексикалык катмарлары кире тургандыгын кошумчалоого болот. Демек, сөздөрдүн кабыл алууу тилдердин узакка созулган тарыхый мүнөздөгү өз ара карым-катнашка кирүү процесси жана анын түздөн-түз натыйжасы катары да бааланууга тийиш. Бул тарыхый процесс тилдин тарыхы жаатындагы кызыгуу жараткан маселелерди өз кучагына камтыйт. Мындай маселелердин катарына кабыл алуунун булагы катары эсептелген тилдер, сөздөрдүн кабыл алууунун жолдору, формалары жана типтери, ошондой эле кабыл алынган тилде сөздөрдүн өзгөрүүлөргө учурашы өңдүү маселелерди киргизүүгө болот.

Ал эми синхрондук лексикология үчүн кабыл алынган сөздөр лексиканын системалык түзүлүшүнө таасирин тийгизген бир катар генетикалык мүнөздөмөлөргө, өзгөчө макамга ээ тилдик факты катары кызыгууну жаратат. Синхрондук лексикологияга кабыл алынган лексиканын тийгизген таасири кабыл алуу процессине белгилүү бир бирдиктер эле эмес, булак катары эсептелген тилде өз ара карым-катнаштагы сөздөрдүн бүтүндөй топору кириптер болгон учурларда даана байкалат. Атап айтканда, мындай учурлардын катарына булак катары эсептелген тилдердеги сөздөр менен ошол эле сөздөрдүн алар кабыл алынган тилдердеги варианттарынын ортосундагы релеванттуулук, деривациялык байланыштар катары мүнөздөлгөн учурларды киргизүүгө болот.

Айталы, авторлордун басымдуу көпчүлүгү англис тилиндеги «borrowing», «borrowed word» жана «loan word» деген үч терминди синонимдер катары колдонушат [Гинзбург 1979; Арнольд 1986; Антрушина 1999; Ахманова 2004; Williams 1975; Crystal 2003; Ayto 2005; Podhajecka 2006]. У. Вайнрайх «borrowing» терминин тышкары «transfer» терминин да пайдаланат [Вайнрайх, У. Языковые контакты: Состояние и проблемы исследования./ У. Вайнрайх - Киев: Высшая школа, 1979. - 263 с.]. “Азыркы англис тилинин сөздүгүнүн” 5-ирет басылышында «borrowing» жана «loanword» создөрү синонимдик катыштагы сөздөр катары берилет [Longman 2009: 1026]. Бирок аталган сөздөрдүн сөздүктө берилген

маанилерин иликтей келгенде, «borrowing» сөзү аркылуу туюндурулган түшүнүктүн «loanword» сөзү туюндурган түшүнүккө салыштырмалуу кененирээк экендиги аныкталган. Себеби «borrowing» сөзү кабыл алуу процессинин өзүн туюндуруу менен гана чектелбестен, бул процесстин жыйынтыгына карата да колдонулат. Аталган сөздүн колдонулуу чөйрөсү кенен экендигин Оксфорд редакциясынын сөздүгүндө берилген аныктаманы келтире кетүүгө болот: «a word or idea taken from another language, person, or source and used in one's own language or work» [Oxford Dictionaries Online 2014: http://oxforddictionaries.com/view/entry/m_en_gb0094220#m_en_gb0094220] Демек, «borrowing» терминин айырмаланып, «loanword» термини түздөн-түз кабыл алынган сөзгө (лексикалык бирдикке) карата колдонулат. [Oxford Dictionaries Online 2014: http://oxforddictionaries.com/view/entry/; Crystal 2003: 449].

Жогоруда келтирилген карама-каршы пикирлер илимий адабияттарда кабыл алуу терминине карата бирдиктүү көз караштын жоктугун далилдейт. Себеби аталган термин, көбүнесе, конкреттүү бир изилдөөлөрдүн методологиясына жана максат-милдеттерине ылайык, ошондой эле тил илиминдеги ар кандай багыттардын жана мектептердин өкүлдөрү тарабынан аныкталып келгендигинен улам ар кандай маанидеги, бирин экинчиси танган көз караштар пайда болгон. Маселен, тилдердин карым-катнашка кирүү теориясынын негиз салуучуларынын бири У.Вайнрайх сөздөрдүн кабыл алууну кош тилдүүлүктөгү (билингвизм) интерференциянын баштапкы стадиясы катары караган да, кабыл алуу процессин төмөндөгүдөй маанилерде чечмелеген: 1) тилдик элементтердин бир тилдик системадан экинчи бир тилдик системага өтүүсү; 2) эки тилдин ортосундагы тилдик элементтердин аралашуусу, кош тилдүү адамдын кебиндеги эки тилдин элементтеринин аралаш колдонулуусу. Бир катар окумуштуулар кабыл алууну дүйнөлүк алкактагы байланыш, карым-катнаштын таасири астында тилдердин аралашуу процесси, анын бир баскычы катары карашат [Вайнрайх, У. Одноязычие и многоязычие. М.,-1972].

Кабыл алуу процессине кеңири алкакта караган окумуштуулардын ичинен С.О.Карцевскийдин ысымын баса белгилөөгө болот. Анткени аты аталган окумуштуу кабыл алуунү кандайдыр бир конкреттүү тилге башка бир тилден сөздөрдүн кириши катары гана карабастан, колдонулушу социалдык жактан чектелген лексиканын (кесиптик, жаргондук же говордук ж.б.) элементтеринин жалпы элдик тилдин лексикалык курамына кириши катары да караган [Карцевский С.О.1923]. Бул көз карашка үндөш пикирди окумуштуу Л.Блумфильд дагы тутунган:

1) маданиятка байланыштуу түшүнүктөрдүн кабыл алуу;
2) ички кабыл алуулар, б.а, аймактын ошондой эле тарыхый жактан жакын элдердин тилдеринин карым-катнашка кирүүсү аркылуу шартталган кабыл алуулар;
3) диалектилик кабыл алуулар, б.а. адабий тилге диалектилик элементтердин кириши [Блумфилд, Л., Язык./Л. Блумфилд.- М.: «Прогресс», 1968. - 608 с.].

Структуралык лингвистиканын өңүтүнөн алып караганда, кабыл алуу процесси бир тилдеги тилдик моделдерди экинчи бир тилде пайда кылуу катары түшүндүрүлөт. Кабыл алуунун мүнөзү тилдин ар кайсы деңгээлдери үчүн ар кандай болуусу мүмкүн.

Жогоруда сөз болгон процесстердин таасиринин аркасында башка тилдер сыяктуу эле кыргыз тилинин лексикасы да чет тилинен кабыл алынган интернационализм сөздөр менен толукталды. Интернационализмдер дегенде адатта ар бир тилдин орфоэпиялык бөтөнчөлүктөрүнө ылайык, ар башкача айтылган бир эле сөздүн көптөгөн тилдерде кездешишин түшүнөбүз. Интернационализм сөздөр көпчүлүк учурларда грек жана латын тилиндеги сөздөрдүн этимологиялык дублеттери болуп чыгат. Мындай сөздөрдүн кыргыз тилинин айтылыш жана жазылыш өзгөчөлүктөрүнө ыңгайлаштырылбай колдонулуп жатканын жана бул тенденция күн санап өсүп баратканын баса белгилөөгө болот. Кыргыз тилиндеги толук ассимиляцияланбаган мындай сөздөрдүн катарына төмөндөгүдөй топтогу сөздөрдү киргизүүгө болот: француз

тилинен кабыл алынган сөздөрдөгү [g] тамгасы [ж] болуп окулган: genre, prestige, ал эми [ch] тамгаларынын комбинациясы [ш] болуп окулган: machine, chauffeur, ошондой эле акыркы үнсүз окулбаган: corps, ballet сыяктуу учурларды айта алабыз.

Грек тилинен кирген сөздөрдө [k] тыбышы жазууда [ch] тамгалары аркылуу туюндурулган учурлар: Christ, character сыяктуу сөздөрдө, [p] тамгасы [s] тамгасынын алдында келгенде окулбаган учурлар: psychology, psychiatry өңдүү сөздөрдө, [f] тыбышы жазууда ph тамгаларынын айкашы аркылуу туюндурулган учурлар alphabet, emphasis сөздөрүнүн жазылышында, сөз ортосунда [i] тамгасы [y] тамгасы аркылуу берилүүсү sympathy, physics сыяктуу сөздөрдө ачык байкалат.

Жогоруда сыпатталып берилген аныктамаларды иликтей келгенде, кабыл алуу термини тар жана кенен мааниде колдонула тургандыгын түшүнүүгө болот. Кенен маанисинде бул термин жаңы тилдик элементтин башка бир тилге ыңгайлашуу процессин түшүндүрсө, ал эми тар маанисинде кабыл алуу термини процесстин жыйынтыгына карата колдонулат. Маселен, И.В.Арнольд кабыл алуу процессин бир тилден экинчи бир тилге сөздүн кабыл алынышы, тыбыштык жактан ыңгайлашы, анын жазуу эрежелерине баш ийдирилиши катары түшүндүрөт [Арнольд И.В. Лексикология современного английского языка. М.,1986]. Ал эми окумуштуу Р.С. Гинзбург кабыл алуунү башка тилден сөздөрдү кабыл алуу процесси катары, ошону менен эле катар бул процесстин жыйынтыгы катары карайт [Гинзбург 1979: 161]. Кабыл алуу терминин маанилик сыйымдуулугун аныктоодогу мындай тенденциялар филологиялык сөздүктөрдө да ачык байкалат. Маселен В.Н.Ярцеванын редакциясы астында жарык көргөн көлөмдүү “Энциклопедиялык сөздүктө” кабыл алуу процессине карата “...тилдердин карым-катнашка кирүүсүнүн натыйжасында бир тилдеги тилдик элементтердин (сөз, морфема, синтаксистик конструкция ж.б. у.с.) экинчи бир тилге өтүүсү, ошондой эле аталган процесстин жыйынтыгы” деген аныктама берилген. Ал эми О.С.Ахманова тарабынан тилдик каражаттардын кабыл алууу төмөндөгүчө түшүндүрүлгөн: “Кабыл алуу (borrowing) – 1. Бир тилде мурун белгисиз болгон

предметтерди, ошондой эле жаңы түшүнүктөрдү атоо үчүн башка тилдердин лексикалык фондуна кайрылуу; 2. Кабыл алуунун (биринчи маанисинде) натыйжасында тилге сөздөрдүн, сөз жасоочу аффикстердин жана тилдик конструкциялардын кириши”[Ахманова,О.С. О фонетических и морфологических вариантах слова- М.,1959].

Тилдик кабыл алуулар теориясы жаатында изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын ичинен Л.П.Крысин сөз болуп жаткан терминди кенен маанисине басым жасоо менен, кабыл алуунү “тилдик элементтердин бир тилден экинчи бир тилге өтүүсү катары” аныктаган [Крысин, Л. П. К определению терминов заимствование и заимствованное слово . Л.-1965].

Э.Ф. Володарская тарабынан кабыл алуу процесси “тилдердин ортосундагы экстралингвистикалык байланыш-катнаштардын негизинде алардын тилдик материалдарынын биринен экинчисине акцепияланышы” маанисинде сыпатталган. Ал эми сөз болуп жаткан термин айрым окумуштуулар тарабынан тар маанисинде, “конкреттүү бир тилдик жамааттын тилиндеги чет тилдеринен кирген элементтер, же болбосо бир тилден экинчи тилге өткөн “субстанционалдык элементтер”: морфемалар, сөздөр, фразеологизмдер” деп чечмеленет. Келтирилген аныктамалардан чыккан орток пикир катары тилдик кабыл алуу процессин “тилдердин карым-катнаштарынын фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик денгээлдердеги конкреттүү жыйынтыктары” эсептешибиз керек.

Бир тилден экинчи тилге өткөн элементтердин ар кандайлыгына карабастан, тилдик белги катары, сөз, тилдик кабыл алуунун негизги объектиси бойдон кала берет. Анткени сөз предмет, кубулуш же абстрактуу түшүнүктөр туурасында маалыматтарды камтуу менен, атоо кызматын аткарган тилдик бирдик катары, тилдик башка бирдиктерге салыштырмалуу бир тилден экинчи тилге көбүрөөк өздөштүрүлө тургандыгы талаш туудурбайт. Андыктан семантикалык өңүттөн алып караганда, бир тилден экинчи бир тилге жалпы аттар менен бирдикте энчилүү аттар дагы өздөштүрүлө берет. Энчилүү аттардын кабыл алууу, биринчи кезекте,

алардын индивидуалдуу тартипте предметке бекитилгендигине байланыштуу болот. Алардын мындай касиети башка тилдик жана маданий чөйрөлөрдө да сакталышы керек. Андыктан энчилүү аттар да башка тилдик бирдиктердей эле тилдер жана маданияттар аралык кабыл алуунун объектиси катары кызмат аткарышат [Ермолович Д. И. Имена собственные на стыке языков и культур. М., 2001].

Окумуштуулар кабыл алынган лексиканын типологиясы жаатында маселелер талаш-тартыштардын жана кайчы пикирлердин объектиси экендигине карабай, дайыма актуалдуу маселелердин катарында турарын бир ооздон белгилешет. Жалпы тил илими жаатында кабыл алынган лексиканын бир катар классификациялары бар. Маселен, И.В. Арнольд, Л.М. Баш, Р.А. Будагов, Е.И. Диброва, В. И. Заботкина, Л.П. Крысин, Э.В. Кузнецова, Э. Хауген, Н.М. Шанский, О.Б. Шахрай ж.б. окумуштуулар сөз болуп жаткан жаатта өз классификацияларын сунушташкан. Ошого карабай азыркы лексикологияда кабыл алынган сөздөрдү классификациялоодо жалпыга орток типологиянын жоктугун да белгилөөгө болот.

Айрым авторлор тарабынан “тилдик кабыл алуунун классификациясы” жана “кабыл алынган тилдик бирдиктердин өздөштүрүлүүсү” түшүнүктөрү бирдей да каралып жүрөт. Ошого карабастан башка тилдерден кирген лексиканын басымдуу көпчүлүк классификациясы төмөндөгүдөй орток принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

-тилдик кабыл алуунун булагы (этимологиялык аспект);

-тилдик кабыл алуунун мүнөзү;

-тилдик кабыл алуунун мезгили;

- сөздү кабыл алган тилде башка тилден кабыл алынган сөздүн функционалдык макамы (анын кепте колдонулушунун стилдик бөтөнчөлүктөрү);

-тилик кабыл алуунун структуралык өзгөчөлүктөрү;

-реципиент тилдин системасына кабыл алынган тилдик каражаттардын ыңгайлашуусунун деңгээли ж.б.

Саналып өткөн бул принциптердин ар бирине токтолуп өтүү зарыл деп ойлойбуз.

1. Тилдик кабыл алуунун булагына карата классификацияланышы. Кайсы гана тилде болбосун башка тилдерден кирген сөздөр колдонулуш чөйрөлөрү жана ал тилде формалдуу кабыл алуу жагынан бир тектүү мүнөздө болбой тургандыгы белгилүү. Мындай жагдай тилчи-окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип келет. Так ушул негизге таянуу менен немис лексикографтары тарабынан башка тилдерден кирген сөздөр “кабыл алынган” («Lehnworter» - «loanwords») жана “чет тилдеринен кирген сөздөр” болуп бөлүштүрүлгөн [Шлейхер 1879; Браун 1993]. Минтип бөлүштүрүү сөздөрдүн колдонулуш чөйрөсүнө карата жүргүзүлгөн. Анткени “кабыл алынган” сөздөрдөн “башка тилдерден кирген сөздөр” алардагы түп нуска тилдердин тыбыштык, орфографиялык, грамматикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүнүн сакталгандыгы менен айырмаланат. Мындай өзгөчөлүктөр өздөштүрүлүүчү тилдерге мүнөздүү болбостон, сөздөр кабыл алынган тилдердин тилдик семантика-грамматикалык бөтөнчөлүктөрүн күбөлөндүрөт. Мындай сөздөр, эреже катары, билимдин жана өндүрүштүн атайын тармактарына мүнөздүү келет. Мындан тышкары кабыл алынган жана башка тилдерден кирген сөздөргө төл сөздөр каршы коюлат (native word, word of native word stock) [Arnold I. V. The English Word. — Moscow: Higher school, 1986. — P. 228.].

О.С.Ахманованын редакциясы астында жарык көргөн “Лингвистикалык терминдердин сөздүгүндө” “төл сөз” баштапкы лексикалык курамдагы негизги “көөнө сөз” катары аныкталган [Ахманова 2004: 185]. Ал эми Р.С. Гинзбургдун белгилөөсүндө, төл сөздөргө этимологиясын аныктоого мүмкүн болбогон сөздөрдү да киргизүүгө болот. Маселен, кыргыз тилинде төл сөздөрдүн келип чыгышы жагынан түрк, кыпчак, ногой, татар, кумык, башкыр, карайым, каракалпак тилдери менен тамырлаш топтору белгиленип жүрөт. Ал эми англис тилинин төл лексикасы өзүнө индоевропалык, роман, герман тилдик элементтерин камтыйт.

Сөздөрдүн өзгөчө макамдагы топторуна интернационализмдерди жана интернацилнализм сөздөрдү киргизүүгө болот. Аталган түшүнүктөр О.С.Ахманованын редакциясы астында жарыкка чыккан “Лингвистикалык терминдердин сөздүгүндө” эки башка түшүнүктөр катары мүнөздөлгөн. Ал эми аталган сөздүктө “эл аралык сөздөр” жана “интернационалдык сөздөр” синонимдер катары берилет: “эл аралык сөздөр” (англ. international words) дүйнөлүк тилдердин көпчүлүгүнө сөз аркылуу туюнтулган предметти жараткан элдин тилиндеги аталыштын эл аралык колдонууга өтүшү катары түшүндүрүлөт. Маселен, англ. sputnik, нем. Sputnik < русск. спутник».

Башка бир катар окумуштуулар (айталы, И.В. Арнольд жана Р.С. Гинзбург) жогоруда келтирилген аныктамага жакын пикирлерди айтышкан. Ал эми В.В.Акуленко сөз болуп жаткан терминди кенен мааниде түшүндүрүү менен, ага жалаң терминдерди киргизүү менен чектелбестен, тыбыштык турпаты, мааниси, жазылышы жагынан жакын сөздөрдү да киргизүүгө боло тургандыгын белгилеген. Мындай көз карашка ылайык, интернационализм сөздөр толук кабыл алынган сөздөр катары каралышы мүмкүн эмес, анткени алардын курамына төл лексикага мүнөздүү элементтер да кирүүсү ыктымал.

2. Тилдик кабыл алуунун мүнөзүнө карата классификацияланышы. Маалым болгондой, бир тилден экинчи бир тилге сөздөр оозеки жана жазуу жолдору аркылуу кирет. Ошол себептүү тил илиминде тилдик кабыл алуулөрдү оозеки жана китептик кабыл алуулөр деп бөлүштүрүү салты да бар. Китептик кабыл алуу аркылуу өткөн тилдик каражаттардын басымдуу көпчүлүгү оозеки кепте жазылышына карап айтылат. Мындай тилдик каражаттардын айтылышы тил илиминде “орфографиялык айтылыш” деген аталыш аркылуу туюндурулат. Ушул себептен улам, китептик кабыл алуулөр мааниси жана тыбыштык турпаты жагынан түп нуска тилге жакын болот. Кабыл алуунун китептик түрү аркылуу кирген сөздөр “өздөштүрүлбөгөн варваризмдер” катары кабыл алынган тилге тыбыштык жактан ыңгайлашпай, башка түп нуска тилдердин фонетикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүн алып жүргөндүгү менен айырмаланат. [Реформатский А. А.

Введение в языковедение: Учебник для вузов / Под ред. В. А. Виноградова. — 6-е изд. — М.: Аспект Пресс, 2004]. Мындан тышкары кабыл алуунун мүнөзүнө карата көпчүлүк окумуштуулар тарабынан түз кабыл алуулөр менен калькалар белгиленип жүрөт. Түз кабыл алуудө сөз өзү кабыл алынып жаткан тилдин системасына толук өтүү менен, ошол тилдин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөрүүлөргө дуушарланат. Калькалоо процессине карата “жашыруун кабыл алуу” (“скрытое заимствование”) деген аталыштын да колдонулуп жүргөндүгүн белгилөөгө болот.

Адепки маанисинде калькалоо “сөздүн же кептик түрмөктүн бир тилден экинчи тилге сөзмө-сөз которуу жолу аркылуу кабыл алууну” түшүндүрөт. Калькалар кайсы тилдик бирдиктер калькаланып жаткандыгына карата сөз жасоочу, фразеологиялык жана семантикалык калькаларга бөлүнөт. Мындан тышкары жарым кабыл алуулар же жарым калькалар да кездеше тургандыгы белгилүү, адатта, мындай жарым-жартылай тилдик кабыл алуулар сөз кабыл алынып жаткан тилдин жана чет тилинин материалдарын камтыйт. Мындай жол менен жасалган “гибрид сөздөргө” карата Л.М. Баш “квазикабыл алуу” (“квазизаимствования”) деген аталышты пайдаланган.

Илимий адабияттарда калькалоо ар кандайча түшүндүрүлүп жүргөндүгүн баса белгилөөгө болот. Изилдөөчүлөрдүн бир тобу калькалоо тилдик кабыл алуунун бир түрү катары мүнөздөйт. Анткени сөздөрдүн бир тилдеги мааниси калькаланган тилде маанисин шарттап турат. Ал эми А.А. Реформатский калькалоо кабыл алынган сөздөрдөн өзүнүн мүнөздүү белгилери менен айырмалана тургандыгын далилдөөгө аракеттенген [Реформаторский, А. А. Что такое термин и терминология?//А.А. Реформатский.// В кн.: Вопросы терминологии. -М., 1968.]. Р.А. Будагов дагы калькалоо менен кабыл алуу жолдорун бир катарга коюп карабастан, калькалоо жолу аркылуу кабыл алынган сөздөрдү төл лексика менен кабыл алынган лексиканын ортосундагы катмар катары белгилейт. Бирок ошол эле маалда аты аталган автор калькалардын тыбыштык жана лексикалык материалдары боюнча төл сөздөрдөн айырмаланбай

тургандыктарын, ал эми жаралуу табияты боюнча кабыл алынган сөздөргө жакындыгын кошумчалаган.

Сөз болуп жаткан жаатта Д.С. Лотте тарабынан “түз кабыл алуу” деген түшүнүк да колдонулган. Бул түшүнүк аркылуу автор кабыл алуу учурунда сөз кандай тыбыштык формада болсо, ошол калыбынын сакталышы менен конкреттүү бир тилге өтүү процессин түшүндүрүүгө аракеттенген. Автордун пикиринде, аталган процесстин жүрүшүндө эки тилдин тыбыштык системаларынын ар кандайлыгына байланыштуу келип чыккан фонетикалык майда өзгөрүүлөр олуттуу маниге деле ээ эмес. А эми өзгөрүүлөргө сөздөрдүн уңгулары дуушарланып, же ага суффикс, аффикстер кошумчаланып, же башка бир өзгөрүүлөр болсо, мындай жагдайды тилдик кабыл алуу катары эмес жаңы сөздүн жаралуусу катары мүнөздөө керектигин айткан.

3. Тилдик кабыл алуунун мезгилдик классификациясы. Тилдик кабыл алуулар мезгилдик өңүттөн алып караганда, биринчи жана экинчи ирет кабыл алуу болуп бөлүнөт. Экинчи ирет кабыл алуулөр, жогоруда белгиленип өткөндөй, “жашуруун” типтеги кабыл алуулөргө кирет [Маринова 2003: 134]. Сөздөрдүн экинчи ирет кабыл алуусундө башка тилден башта кабыл алынган тилдик прототип башка маниге ээ болуу менен өтөт. Кыргыз тилинде оздөштүрүүнүн калькалоо жана экинчи кабыл алуу сыяктуу эки түрү тең активдүү жүргүзүлүп келгендиги маалым.

4. Стилдик жактан колдонулуш бөтөнчөлүктөрүнө карата кабыл алынган сөздөрдүн классификациясы. Чет тилдеринен кирген сөздөрдүн классификацияларынын басымдуу көпчүлүгү сөздөрдүн стилдик жана функционалдык жактан колдонулуш бөтөнчөлүктөрүнө негизделген. Кабыл алынган сөздөр Р.А. Будагов тарабынан чет тилдеринен кабыл алынган сөздөр жана интернационализм сөздөр деп бөлүштүрүлгөн [Будагов 1953: 90].

Л.П. Крысин чет тилдеринен кирген сөздөрдүн үч тибин бөлүп көрсөтөт:

а) кабыл алуулар;

б)экзотикалык лексика;

в) башка тилдердин тилдик элементтеринин, грамматикалык формаларынын, өздөштүрүлбөгөн тилдик кириндилердин (вкрапления) орун алышы.

Ал эми М.И. Фомина тилдик кабыл алуулар алар кирген тилдердеги турукташуусуна жана текстердеги стилдик ролуна карата бөлүштүргөн:

а) интернационалдык лексика;

б) экзотизмдер;

в) варваризмдер [Фомина 1983].

Лекисика-семантикалык системага байланышкан тилдик фактылар катары эсептелген сөздөрдүн кабыл алуунөн айырмаланып, экзотизмдер жана өздөштүрүлбөгөн тилдик кириндилердин колдонулуу зарылчылыгы кайсы өлкөнүн, элдин, маданияттын өзгөчөлүгүн, салтын, кайталангыс өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу зарылчылыгы (экзотизмдер), же болбосо чет тилинде сүйлөп жаткан адамдын ал тилди билүү деңгээли, анын кебинин стилдик бөтөнчөлүктөрү менен (өздөштүрүлбөгөн тилдик кириндилер) шартталган.

5.Кабыл алынган элементтердин структуралык өзгөчөлүктөрүнө карата классификацияланышы.

Э. Хауген бардык тилдик кабыл алууларды морфемалык жана фонемалык субституцияларынын деңгээлдерине (өзгөрбөгөн, толук эмес жана толук өзгөргөн) карап топторго бириктирген:

1) тыбыштык турпаты кабыл алынып жаткан тилдин бөтөнчөлүктөрүнө толук ыңгайлаштырылган тилдик кабыл алуулар;

2)морфемалардын өздөштүрүлүүсү, б.а, башка тилдеги моделдин кайсы бир бөлүгүнүн гана ыңгайлашып кабыл алуусу;

3) Сөздөрдүн жана алар аркылуу туюндурулган маанилердин морфемалык же фонемалык жактан өзгөрүүсүз кабыл алынышы.

Ал эми окумуштуу Л.П.Крысин тарабынан тилдик кабыл алуунун төмөндөгүдөй учурлары бөлүнүп көрсөтүлүп, англис тилинен орус тилине кабыл алынган сөздөр конкреттүү мисалдар аркылуу иллюстрацияланган:

1) чет тилдериндеги прототиптери менен структурасы боюнча шайкеш келген создөр, б.а, сөздөрдү кабыл алган тилдин тиешелүү графикалык жана фонемалык каражаттары аркылуу өзгөртүлгөн сөздөр. Маселен, глиссер (англ. glisser), комбайн (англ. combine);

2) кабыл алып жаткан тилдин морфологиялык каражаттары аркылуу өзгөртүлгөн сөздөр. Маселен, авиет-к(а), танкет-к(а) (франц. aviette, tankette);

3) морфологиялык жактан жарым-жартылай субституцияланган сөздөр (адатта сөздөрдүн аффикстери же татаал сөздөрдүн экинчи элементтери субституцияланат). Маселен, ор. шорты (англ. shorts), телевидение (англ. tele-vision).

Соңку мезгилдерде тилдик кабыл алуунун жаңы ыкмасы, атап айтканда, кабыл алуунун “трансплантациялык” жолу пайда болгондугун да айта кетүү шарт. Мында башка бир тилге чет тилиндеги сөздү анын графикалык жана орфографиялык турпатын толук сактап киргизүү аракети көрүлөт [Невежина 2003, Кузьмина 2008: 130]. Маселен, НЮТОН деген сөздүн биринчи элементи («new») англис тилинен орус жана кыргыз тилдерине өзгөртүүсүз кабыл алынган. Тилдик кабыл алуунун сөз болуп жаткан тиби колдонулуу чөйрөсү жагынан жаштардын аудиториясына багытталган пресса тармагында басымдуулук кылат.

6. Ассимиляцияланыш денгээли. Тилдик кабыл алуунун ассимиляцияланыш деңгээли боюнча бөлүштүрүлүүсү шарттуу мүнөздө гана болушу ыктымал. Мындай жагдай бул жаатта методологиялык базанын толук иштелип чыга электиги аркылуу түшүндүрүлөт. Ошого карабастан тилдик кабыл алуулардагы ассимиляциянын денгээлин эске алуу менен, окмуштуулар И.В.Арнольд [Арнольд 1986: 256] жана тилдик кабыл алуунун үч тобун бөлүп көрсөтүшкөн:

1) толук ассимиляцияланган (маселен, mammoth орус.);

2) жарым-жартылай ассимиляцияланган (маселен, machine франц.);

3) ассимиляцияланбаган же варваризмдер (маселен, upgrade англ.).

Окумуштуу Л.А.Баштын пикиринде, варваризмдер башка тилден ыңгайлаштырылбай түз кабыл алуулардын бир түрү катары мүнөздөлгөн. Мындай

тилдик бирдиктерде ассимиляция жана анын жыйынтыгы катары эсептелген адаптациянын жоктугу окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленет. «Варваризм» же айрым адабияттарда берилгендей «барбаризм» термини айрым контекстерде экзотикалык лексика туюнткан маниге жакындашып кетет. Атап айтканда, башка элдердин маданий өзгөчөлүктөрүн, салт-санаасын, жашоо реалийлерин, жергиликтүү колоритти чагылдыруу максатында да колдонулат [Баш, Л. М. Дифференциация термина заимствование: хронологический и этимологический аспекты/ Л. М. Баш // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 9: Филология. – 1989. – №4.].

Жогоруда көрсөтүлгөн үч топтун үчүнчүсү окумуштуулар тарабынан бир жактуу кабылданбайт. Анткени айрым окумуштуулар өзгөрүүлөргө такыр учурабаган сөз кабыл алынып жаткан тилдин лексикалык курамына кирүүсү мүмкүн эместигин айтышат. Бирок алардын оозеки кепте, ошондой эле жазуу тилинде колдонулушу тилдик факты катары бир жактуу чечилбей келе жаткандыгын да айта кетүү керек [Аверьянова 1984]. Варваризмдер багытындагы акыркы изилдөөлөргө окумуштуу Н.С.Арапованын изилдөөлөрүн киргизүүгө болот.

Жарым-жартылай ассимиляцияланган тилдик кабыл алуу тобуна кирүүчү майда топтордун да бар экендигин белгилөөгө болот. Мындай майда топтор кабыл алынган тилдик бирдиктердин орток белгилерине карап аныкталат. Тагыраак айтканда, сөздөрдөгү орфографиялык, орфоэпиялык, морфлогиялык же семантикалык бөтөнчөлүктөрдүн сакталышына карап аларды төмөндөгүдөй майда топторго бөлүүгө болот:

а) семантикалык жактан ассимиляцияланбаган тилдик кабыл алуулар, б.а., мындай тилдик каражаттар алар алынган тилдерге мүнөздүү спецификалык мүнөздөгү түшүнүктөргө жана предметтерге карата колдонулат;

б) грамматикалык жактан ассимиляцияланбаган тилдик кабыл алуулар;

в) жарым-жартылай грамматикалык ассимиляцияга учураган тилдик кабыл алуулар [Арнольд 1986: 257].

Богумил Транктын көз караштарын улоо менен О.В.Шахрай 1960-жылдары сөздөрдүн башка тилдерден кабыл алынгандыгынын фонологиялык көрсөткүчтөрү катары эсептелген категориялардын градацияларынын бир нече деңгээлдерин бөлүп көрсөткөн. Бул категориялык градациялардын басымдуу көпчүлүгү бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жогото элек:

а) англис тилине мүнөздүү болбогон фонемалар же фонемалардын ордуна төл сөздөрдө фонемалардын варианттары катары эсептелген тыбыштардын пайдаланылышы;

б) басым түшпөгөн муундарда үндүүлөрдүн сакталышы (азыркы англис тилинин эрежелерин бузуу жолу менен);

в) англис тилине мүнөздүү болбогон фонемалардын айкашып келиши жана алардын саны;

г) фонологиялык карама-каршылыктарды морфологиялык планда колдонуу, маселен, басымдын ордун жана кезектешүүсүн же айрым тыбыштардын кезектешүүсүн айтууга болот [Шахрай О.Б. К проблеме классификации заимствованной лексики. // ВЯ- 1961 -№2-С. 53-58.].

Автордун пикиринде, башка тилден кирген сөздүн функционалдык жактан колдонулуу жыштыгы турукташып калса, анын тыбыштык бөтөнчөлүгүнө көңүл бурулбай, жыйынтыгында төл сөздөрдүн катарында кеңири колдонулууга өтүп калары шек туудурбайт [Шахрай О.Б. К проблеме классификации заимствованной лексики. // ВЯ- 1961 -№2-С. 53-58.].

Салыштырылып жаткан тилдердеги фонетикалык кабыл алуунун пайда болуу себептери

Башка тилдерден кирген сөздөрдү изилдөө окумуштуулар тарабынан XX кылымдын башында колго алына баштаган. Бирок тилдик кабыл алуу тышкы жана ички тилдик себептери жеткиликтүү изилденген эмес. Маселен, Л.П.Крысиндин эмгектеринде сөз болуп жаткан маселеге карата окумуштуулардын өзөктүү,

концептуалдуу пикирлери келтирилген. Аты аталган окумуштуунун эмгегинде Э.Рихтердин тилдик кабыл алууга карата көз карашы туурасында кеп козголот. Анын көз карашында тилдик кабыл алуулар башка тилдер аркылуу кирген түшүнүктөр менен жаңы предметтерди атоо зарылчылыгы менен шартталган. Мындан тышкары тилдик кабыл алуунун социалдык, психологиялык, эстетикалык ж.б. себептери да саналып берилген. Аталган себептердин ичинен өзөктүү себеп катары тилдик себеп бөлүнүп көрсөтүлгөн. Анткени автордун пикиринде, тилдик кабыл алуулар тилге жаңы тилдик формалардын киришине, түшүнүктөрдүн тармакталып, такталышына, бир түшүнүктү туюндурууда тилдик каражаттардын варианттуулугун, ошондой эле синонимдик катардын санынын, атоолордогу тактыктын артышына жагымдуу шарт түзөт.

Ал эми И.А. Бодуэн де Куртене тарабынан да тилдик кабыл алуунун тилдик жана тилдик эмес себептери изилдөөгө алынган. Окумуштуу кабыл алуунун тилдик фактору менен катар, анын тилдик эмес жагдайларды, тагыраак айтканда, тарыхый контекстти, географиялык бөтөнчөлүктөрдү, жада калса физиология, психология, физика жана механика өңдүү тамактардын тилдик кабыл алуулөргө тийгизген таасирлерин эске алуу зарыл экендигин белгилеген.

Сөз болуп жаткан маселе боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын (В.М. Аристова, Л.П. Крысин, Э.Ф. Володарская, Б.А. Серебренников) эмгектерин иликтей келгенде, алар тилдик кабыл алуунун себептерин эки негизги топко: тышкы (экстралингвистикалык) жана ички (тилдик) себептерге бөлүп карашкандыгын көрүүгө болот. Маселен, тилдик кабыл алууларды коштогон тышкы факторлордун катарына тилдик кабыл алуунун социалдык маселелерин да кошууга болот. Анткени соңку мезгилдерде социолингвистикалык изилдөөлөрдүн актуалдашуусу менен, тилдик өзгөрүүлөрдүн социалдык жактан шартталуусуна байланыштуу маселелер бир катар кубулуштарды өзүнө камтый тургандыгы аныкталып отурат. Бул маселенин социалдык табиятына байланыштуу, окумуштуу В.Ю. Розенцвейг өз пикирин билдирүү менен, тилдик кабыл алууларга таасирин

тийгизген экстралингвистикалык факторлордун сап башында социалдык өңүттөгү маселелер да бар экендигин айткан.

Ал эми В.М.Аристованын көз карашында, сөздөрдүн бир тилден экинчи бир тилге болгон “миграциясында” тышкы себептер менен шарттардын мааниси зор. Бирок кандай болгон күндө дагы, кабыл алуу процессинде чечүүчү ролду таза тилдик факторлор ойнойт. Мындай көз караштар Э.Ф. Володарскаянын изилдөөлөрүндө да орун алган [Володарская, Э. Ф. Заимствование как отражение русско-английских контактов / Э. Ф. Володарская // вя. 2002. - №4. - с. 96-118].

Тилдик кабыл алуунун биринчи тибине бири-бири менен байланыш-катнашка кирген тилди алып жүргөн элдердин ортосундагы саясий, экономикалык, жана маданий байланыштарды жана алака-мамилелерди, мындан тышкары тилдердин ортосундагы алака-байланыштардын болушун шарттаган тарыхый окуяларды да киргизүүгө болот. Тилдик карым-катнашты шарттаган тарыхый окуялар катары, ириде, эки элдин ортосунда болгон согуштар, басып алуулар, же болбосо, тескерисинче, тынчтык мамилелер, соода-сатык, маданий, саясий-экономикалык, социалдык жана башка тармактардагы байланыштар эсептелет. Ушул эле категорияга окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү тарабынан адамдардын белгилүү бир тобунунун миграциялары, элдердин ортосундагы карым-катнаштын ургаалдуу мүнөзгө өтүшү, адамдардын башка өлкөлөргө жасаган саякаттары, тигил же бул мамлекеттин саясий-экономикалык кубаттуулугу, алдыга озуп чыгуусу же тескерисинче, илимий-техникалык прогресстен арта калуусу өңдүү тышкы факторлордун бүтүндөй катары киригизилип жүрөт.

Жогоруда саналып өткөн тышкы факторлордон тышкары тилдик кабыл алуулар ички, тагыраак айтканда, тилдик факторлор менен коштоло тургандыгы жана тилдик факторлор окумуштуулар тарабынан негизги фактор катары эсептеле тургандыгы да белгилүү. Тилдик мүнөздөгү факторлордун эң негизгиси катары окумуштуу У. Вайнрайхтын пикиринде, жаңы кубулуштун, түшүнүктүн, предметтин, бир сөз менен айтканда денотаттын атоо зарылчылыгы эсептелет. Тилдик каражаттарды кабыл алып жаткан тилдердин фонологиялык, лексикалык

жана грамматикалык системаларындагы “боштуктарды” толтуруу зарылчылыгынан тышкары, бир катар социалдык-психологиялык мүнөздөгү факторлордун бүтүндөй катары бар экендиги окумуштуу Л.П.Крысин тарабынан белгиленип, аларга төмөндөгүлөр киргизилген:

-маанилик жактан жакын, ошондой болсо да коннотациялык маанилери боюнча айырмаланган сөздөрдү бири-биринен ажыратып кароо жана аларды чектөө зарылчылыгы: Маселен, “ыңгай” – “комфорт”, “өндүрүмдүү” – “продуктивдүү”, “коркунуч” –“паника” ж.б.у.с.;

-тигил же бул тармактагы түшүнүктөрдүн чегин тактоого багытталган аракет: “ташып чыгаруу” же “сатуу” сыяктуу сөздөрдүн ордуна “экспорт” сөзү, “сөз формалары” дегендин ордуна “лексема” сөзү сыяктуу варианттар колдонулуп калышы ыктымал. Же болбосо эвфемистик (жумшартып, тергеп айтуу) зарылчылыктардан улам “биттөө” деген сөздүн ордуна “педикулез” деген сөздүн колдонулушун мисал келтирүүгө болот;

- атоо объектилеринин бөлүнбөстүгүнө, бүтүндүгүнө байланыштуу аларды бир сөз менен атоо муктаждыгы, башкача айтканда, эгерде денотаттар бүтүн объекти катары келип калган тилдик кырдаалдарда айтуучу тараптын чечмелеп, түшүндүрүп атоодонун ордуна бир эле сөздөн турган атоону пайдалануусу: “көзгө атар”, “таамай аткан адам” дегендин ордуна “снайпер”, “кыска аралыкка чуркаган жөө күлүк” деген татаал сөз айкашынын ордуна “спринтер”, “талдап, иликтеп ой жүгүтүүгө жөндөмдүү адам” дегендин ордуна “аналитик” деген сөздөрдүн колдонулушу сыяктуу тилдик кырдаалдар кепте тилдик каражаттарды үнөмдүү, ошол эле учурда натыйжалуу пайдалануу зарылдыгы аркылуу түшүндүрүлөт;

-тилдик каражаттар кабыл алынып жаткан тилдерде тигил же бул тематикалык тармакты тейлеген терминдердин системасынын болушу: маселен, англис тилинде «юзер» (англ. user) деген сөз программистердин кесиптик лексикасындагы “колдонуучу” (“пользователь”) түшүнүгүнүн ордуна колдонулат;

-тилдик кабыл алуунун социалдык-психологиялык себептери жана факторлору: тилдик жамааттын (же анын белгилүү бир бөлүгүнүн) чет тилдеринен

кирген сөздөрдү угумдуулугуна карап төл лексикадагы сөздөргө салыштырмалуу көбүрөөк колдонушу.

Табияты боюнча социалдык-психологиялык факторлордун катарына кирүүчү фактор – бул сөздүн коммуникативдик актуалдуулугу, б.а., конкреттүү бир кептик кырдаалда төл лексикага тиешелүү сөздүн ордуна башка тилден кирген сөздүн колдонулушунун орундуу болушу анын коммуникативдик актуалдуулугу катары бааланат [ошол эле эмгекте].

Л.П. Крысин сыяктуу эле мындай факторлордун катары окумуштуу М.А. Брейтер тарабынан да изилдөөгө алынып, тилдик кабыл алуунун зарылдыгын шарттаган төмөндөгүдөй себептер бөлүнүп көрсөтүлгөн: [Брейтер 1997: 132-135]:

1.рецептор тилдин когнитивдик базасында тиешелүү түшүнүктүн жоктугу;

2.рецептор тилдин лексикасында атоо объектисинин табятын толук чагылдырган таамай аталыштын жоктугу жана ушул себептен улам кабыл алынган сөздөн төл сөздүн “утулушу”;

3.стилдик таасирдүүлүктү арттыруу;

4.рецептор тилдеги каражаттарга мүнөздүү болбогон оң жана терс коннотацияларды туюндуруу зарылчылыгы;

Жогоруда саналып өткөн себептер жалпысынан алганда, бардык эле тилдерге тиешелүү экендигин белгилөө менен, саналып өткөн тышы факторлордун катарына тилдик кабыл алуу процесси аркылуу карым-катнашка кирген тилдердин типологиялык системасындагы айырма-жалпылыктарды да кошумчалоо шарт. Маселен, маалым болгондой, англис жана кыргыз тилдери, типологиялык жактан алып караганда, ар кайсы тилдик системаларга кирет. Аталган тилдердин ар кандай жактары, айталы, вокализмдер системаларындагы орток, ошондой эле айырмалуу жактарды таба алабыз. Ошондой болсо дагы айырмалуу жактардын, атайын көңүл бурууну талап кылган маселелердин арбын экендигин да баса белгилөө керек. Мындай мүнөздөгү маселелер аталган тилдерди окутууда кедерги жаратпай койбойт. Маселен, окмуштуу С.И. Берштейн белгилегендей, чет тилин үйрөнүп жаткан адам ал тилдеги кепти өзүнүн эне тилинин фонетикалык системасынын

призмасы аркылуу кабылдайт. Мындай жагдай, өз кезегинде, тилдик интерференциянын, б.а., эне тилдин нормасын башка тилге көчүрүү аракети менен коштолушу ыктмал [Берштейн 1975: 13]. Тил илиминде интерференциянын тилдер аралык жана бир тилдин ичиндеги интерференция деген эки түрү бар экендиги маалым. Биринчи түрүндө, б.а., тилдер аралык интерференцияда адам чет тилинин тыбыштык системасын эне тилинин тыбыштык системасынын артикуляциялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык айтат. Айталы, англис тилиндеги [i] тыбышын кыргыз тилинде сүйлөгөн адам [и] тыбышы катары айтат. Ал эми интерференциянын экинчи түрүндө тыбыштарды айтууда кабыл алынган айрым көндүмдөр экинчи бир көндүмдөргө жетүүгө кедергисин тийгизет. Маселен, англис тилиндеги [е - эе], [э - е] тыбыштарын кепте ажырата албоону айтсак жетиштүү. Бул жаатта В.А.Васильев ката-мүчүлүштүктөрдүн эки түрүн бөлүп көрсөткөн:

-фонематикалык каталар, б.а., бир фонеманын экинчи бир фонема менен туура эмес алмаштырылып колдонулушунан улам сөздөрдүн маанилеринин чаташуусунун келип чыгуусу;

-фонематикалык эмес каталар, мында кандайдыр бир фонеманын аллофону ошол эле фонеманын аллофону менен, же ага окшош тыбыш менен алмаштырылат. Мындай учурлар сөздөрдүн маанилеринин чаташуусуна алып барбаганы менен, сүйлөөчүнүн кебинде башка тилдин акцентин пайда кылат [60, 32 с.].

Фонематикалык мүнөздөгү каталарга англис тилиндеги айрым үндүүлөрдүн созулушу менен кыскалыгын кеп агымында айырмалабай, окшоштуруп айтуудан келип чыккан сөздөрдүн маанилик жактан чаташууларын да киргизүүгө болот. Маселен, **pot [pot]** «кружка» - **[port] [po:t]** «порт», **stark [sta:k]** «такыр, абдан» - **stuck [stʌk]**«сайды», **pool [pul]** «бассейн» - **pull [pul]** «тартуу».

Фонематикалык эмес каталар өзүнүн көп санда кездешүүсү менен айырмаланат. Жогоруда айтылгандай, мындай каталар сөздөрдүн маанилеринин чаташуусуна алып келбегени менен, кептеги акцентти пайда кылат. Ал эми акцент, өз кезегинде, вербалдык маалыматты түшүнүүнү кыйындатат. Бул типтеги каталарга англис тилиндеги [з:] үндүү тыбышынын кыргыз тилиндеги [ө] үндүү

тыбышы менен алмаштырып айтууну же болбосо англис тилиндеги дифтонгдордун эки элементин тең бирдей күч менен айтууну киргизүүгө болот. Мындай мүнөздөгү каталардын булагы катары англис жана кыргыз тилдеринин үндүүлөр системаларындагы айырмачылыктар эсептелет. Атап айтканда, англис тилиндеги үндүүлөрдүн подсистемаларынын типологиялык белгилери болуп эсептелеген үндүүлөрдүн созулушу жана кыскалыгы, алардын монофтонгдорго жана дифтонгдорго бөлүнүшү сыяктуу бир катар белгилердин кыргыз тилиндеги вокализмдер системасында жоктугу англис тилиндеги сөздөрдү айтууда көп сандаган каталарга алып келүүсү ыктымал. Андыктан кыргыз жана англис тилдериндеги вокализмдерди дыкат изилдөөнүн натыйжасында кыргыз улутундагы адамдардын англис тилиндеги үндүүлөрдү айтууда кетирген төмөндөгүдөй типтүү каталарын бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. [i — i:], [o - o:], [и - и:], [ʌ - a:], үндүүлөрүнүн созулуп жана кыска айтуу өзгөчөлүктөрүн сактабоонун натыйжасында кетирилген фонематикалык каталар:

still [stil] «тынч» - **steal [sti:l]** «уурдоо», **cop [коп]** «жаттоо» - **corp [ко:п]** «дан», **full [ful]** «толук» - **fool [fu:l]** «аңкоо», **cup [клп]** «чыны» - **carp [ka:p]** «кыйкым издөө». Мисалга келтирилген типтүү каталардын дагы бир объективдүү себеби катарында кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн сандык белгилери боюнча бөлүштүрүлбөгөндүгүн да айта кетүү абзел.

Үндүүлөрдүн кыргыз тилинде ачык жана жабык болуп бөлүнбөөсү дагы ([se — e], [a: — Л]) фонематикалык каталардын келип чыгышына себеп болот. Маселен, **bad [bced]** «жаман» — **bed [bed]** «керебет», **mark [ma:k]** «баа» — **muck [mAk]** «кык». Демек, жогоруда белгиленип өткөндөй, ката-мүчүлүштүктөрдүн бул тиби кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн ачык жана жабыктыгына карай классификацияланбашы аркылуу түшүндүрүлөт.

Англис тилиндеги [i:], [i], [e] үндүүлөрүнүн айтылышы кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн артикуляциялык өзгөчөлүктөрүнө туура келбестиги дагы сөз болуп жаткан типтеги каталардын кеп агымында орун алышын шарттайт.

[o], [o:], [и], [и:], [з:] үндүүлөрүнүн күчтүү лабиализациясы:

Англис тилиндеги дифтонгдордун артикуляциялык бөтөнчөлүктөрү, ошондой эле дифтонгдордун экинчи элементтеринин аларга угулушу жагынан жакын үндүүлөр менен алмаштырылып айтылышы да акценттин пайда болуусуна өбөлгө түзөт: **boy [boy]** «бала» — **[boj], toe [tou]** «буттун манжасы» — **[tow], make [meik]** «жасоо» - **[mejk], tower [taud]** «мунара» - **[taws], tie [tai]** «байлоо» - **[taj], tear [tw]** «көз жаш» - **[tijs], tear [tes]** «жулуу» **— [tejd].**

Басым түшпөгөн үндүүлөрдүн өтө так айтылышы:

[э] нейтралдуу үндүсүүсүнүн ага угулушу жагынан жакын [Л], [е] үндүүлөрү менен алмаштырылышы: **sister [sistə]** «эже» - **['sistʌ], petrel ['petrɔl]** «бороон кабарчысы» — **['petrel].**

Англис тилиндеги кеп агымында үнсүздөрдүн артикуляциялык бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу кетирилген каталарды алдын алуудан үндүүлөрдүн айтылышына байланыштуу кетирилген каталарды алдын алуу кыйынга турат. Мындай жагдай англис тилин үйрөнүп жаткан адам үчүн үндүүлөрдүн айтылышында тилдин ооз көңдөйүндө ээлеген абалын сезүүнүн же көрүүнүн татаалдыгы менен түшүндүрүлөт. Эгерде англис тилиндеги фонемаларды туура айтууда тилдин учун, эриндерди жана алдыңкы жаакты башкаруу салыштырмалуу оңой болсо, ал эми тилдин арткы жана ортоңку бөлүктөрүн туура абалда кармоо кыйынчылык жаратат [Васильев 1980: 46].

1.2.Салыштырылып жаткан тилдердеги тилдик кабыл алуу жана фонетикалык кабыл алуу жөнүндө жалпы түшүнүк

Тилдик кабыл алуу ар бир тилдин лексикасынын толукталып, байып турушунун маанилүү булагы болуп саналат. Тилдик кабыл алуунун бир катар ыкмаларынын ичинен калькалоо ыкмасын да кабыл алуунун ыкмасы катары кароого негиз бар. Себеби калькалоо котормо теориясында которуунун ыкмасы катары да сыпатталап жүргөндүгү жалпыга маалым. Ал эми тилдик кабыл алуунун бир ыкмасы катары калькалоо дегенде реципиент тилде башка тилдеги тилдик туюнтмаларды сөзмө-сөз которуу жолу менен, алардын үлгүсүндө (сөздөрдүн орун тартиби, грамматикалык маанилердин да түп нускадай которулушу) жаңы сөз, сөз

айкаштарын пайда кылууну түшүнүшүбүз керек [Балли Ш. Французская стилистика. – М.: Иностранная литература, 1961. – 393 б.].

Тилдик карым-катнаштар теориясында калькалоо жолу аркылуу ар кандай тилдик деңгээлдеги тилдик бирдиктер кабыл алына тургандыгы окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип келет. Анткени калькалоонун объектиси катары жалаң эле сөздөр болбостон сөз айкаштары, лексемалар, аларга уланып келген грамматикалык формалар да болуп калуусу толук ыктымал. Ошондой болсо да тилдик кабыл кабыл алуунун башка жолдорундай эле калькалоо жолунда да ассимиляциянын ролу маанилүү экендигин танууга болбойт. Себеби кабыл алынган сөздөрдүн тилдин лексикалык коруна кирип, турукташып, сиңип кетүүсү алардын ассимиляцияланышына байланыштуу экендиги талаш туудурбайт. Анткени кабыл алынган тилдик каражаттар кабыл алынган тилдин мыйзамдарына баш ийдирилип ассимиляциянып, убакытын өтүүсү менен алар ошол тилдин кептик узусуна ылайыкталып, алардын башка тилден киргендиктеринин жиги билинбей калат [Чекалина Е.М., Ушакова Т.М. Лексикология французского языка. – СПб.: Изд-во СПбУ, 1998. – 236 б.].

Калькалоо жолу менен тилдик бирдиктердин кабыл алыныш процессинде айрым түшүнүктөрдүн чегин ажыратып алуу зарыл. Атап айтканда, айрым лекисикалык кабыл алууну калькалоо катары кабыл алууга болбойт. Анткени мындай кабыл алуулар менен, айталы, фразеологиялык калькалардын (ФК) ортосунда принципиалдуу айырмачылыктар бар экендиги белгилүү. Андыктан бул эки тилдик кырдаалдарга байланыштуу эки башка терминди пайдалануунун зарыл экендигин белгилейбиз. Лексикалык кабыл алууга карата “ассимиляция” терминин пайдалануу талапка ылайык болсо, ал эми фразеологизмдердин кабыл алуусуна карата “натурализация” терминин пайдалануу талапка ылайык деп ойлойбуз. Мындай жолдор аркылуу сөздөрдүн, кээде фразеологиялык айкаштардын тилдерге кабыл алынгандан соң, ошол кабыл алынган тилдердин фонетикалык жана грамматикалык мыйзамдарына ылайык өзгөрүүгө учурап, же тескерисинче, баскын сөздөргө айланышы дээрлик бардык тилдер үчүн орток тилдик кубулуш болуп

келгендиги талашсыз. Маселен, акыркы мезгилдерде башка тилдердин катарында кыргыз тилине да англис тилинен тилдик каражаттардын, көбүнесе, саясий-экономикалык жана маданий лексикага мүнөздүү элементтердин активдүү кабыл алынып жаткандыгы байкалат. Кыргыз тилинин лексикасында бурулуш катары кыргыз элинин турмушуна базар экономикасынын кириши, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр менен болгон дипломатиялык байланыштардын жаңы доорунун башталышы, эгемендүү өлкөгө айланышы сыяктуу өзгөрүүлөргө түздөн-түз байланыштуу. Аталган саясий, социалдык, маданий мүнөздөгү өзгөрүүлөр кыргыз тилинин лексикасына чет тилдеринен, анын ичинде англис тилинен да жаңы түшүнүк-категориялардын, аны менен катар аларды туюндурган сөздөрдүн кириши менен коштолду.

Белгилүү болгондой, кайсы гана тарыхый доор же саясий кырдаал болбосун тилдин лексикасы анын динамикалуу, өзгөрүүлөргө тез кабыла турган жагы катары кала берет. Себеби лексика тилдеги абстракциянын деңгээлинин аздыгы менен да мүнөздөлүп, дайыма конкреттүүлүккө багытталган тармагы катары эсептелгени да талаш туудурбайт. Мындай жагдай бир тилден экинчи бир тилге тилдик кражаттардын өтүп туруусу, ал тилдик каражаттардын ошол тилге ыңгайлашы, андан жаңы сөздөрдүн, сөз формаларынын жасалышы сыяктуу процесстердин жыйынтыктары тилдин лексикасында ачык байкалат. Ошол себептүү диссертациялык иште тилдик кабыл алуу процесси сөз жасоонун бир ыкмасы катары да сыпатталгандыгын кошумчалоого болот.

Башка тилдерден тыбыштардын жана сөз жасоочу морфемалардын жана сөздөрдүн кабыл алуу айрым учурларда ыңгайлашуунун жогорку деңгээлинде ишке ашып, кабыл алынган тилдик бирдиктердин башка тилден киргендигин аныктоо үчүн этимологиялык изилдөө талап кылынат.

Адатта, конкреттүү бир тилге сөздөрдүн кириши алар туюндурган мурун белгисиз, жаңы түшүнүк, нерселердин элдин жашоо практикасында пайда болуусу менен шартталат. Же болбосо кабыл алынган сөздөр мурун тилде белгилүү болон предметтердин, түшүнүктөрдүн жана кубулуштардын экинчи аталышы катары

кабыл алынышы мүмкүн. Мындай жагдайлар катары кабыл алынган сөз аркылуу белгилүү болгон түшүнүктөрдүн башка бир жактарына карата колдонуу зарылчылыгы келип чыккан, же кабыл алынган сөз эл аралык термин катары тилге кирген, ошондой эле тилге сөздөр таңууланып киргизилген учурларды атоого болот.

Лексикалык кабыл алуунун негизги ыкмалары катары *транскрипция, танслитерарация* жана *калькалоо* эсептелет.

Транскрипция– бул сөздөрдү кабыл алуунун фонетикалык ыкмасы катары эсептелет. Мында кабыл алынган сөздөрдүн тыбыштык формасы сакталат (айрым учурларда сөздөрдү кабыл алган тилдин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөрүүгө учурайт). Мындай жол менен англис тилинен орус тили аркылуу кыргыз тилине *футбол* (football), *трейлер* (trailer), *джинсы* (jeans) ж.б. сөздөр кабыл алынган. Ал эми анлис тилине француз тилинен regime, ballet, bouquet сыяктуу сөздөр кабыл алынган.

Транслитерация – сөздөрдүн бир тилдеги графикалык формасынын экинчи бир тилдин графикалык каражаттары аркылуу кабыл алууну түшүндүрөт. Транслитерацияда сөз аны кабыл алып жаткан тилдин тамгалары аркылуу окулат. Транслитерация жолу менен англис тилинен орус тилине *круиз* (англ. cruise [kru:z]), *мотель* (англ. motel [mou'tel]), *клуб* (англ. club [klΛb]) өңдүү сөздөр, ошондой эле сөз болуп жаткан жол аркылуу төмөндөгү энчилүү аттар да кабыл алынган:*Вашингтон* (англ. Washington ['wɔʃɪŋtən]), *Техас* (англ. Texas ['teksəs]), *Лондон* (англ. London ['lΛndən]).

Англис тилинде грек, латын ошондой эле француз тилдеринен кирген, бирок өздөрүнүн графикалык туратын сактап калганы менен англис тилиндегидей окулган сөздөр арбын экендиги белгилүү.

Калькалоо жолу дагы тилдик кабыл алуунун өнүмдүү жолу катары саналат. Мында бир тилдеги сөздөр башка бир тилге сөзмө-сөз которулат. Бирок калькалоодо сөздөрдүн материалдык, предметтик маанилери менен катар алардын грамматикалык маанилеринин да, б.а., грамматикалык формалары менен орун

тартиптеринин да түп нуска тилдегидей сакталышына талап коюлат. Көпчүлүк изилдөөлөрдө калькалоонун лексикалык жана семантикалык түрлөрү окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип жүрөт. Лексикалык калькалоодо чет тилинен кирген сөздөрдүн, жогоруда айтылгандай, бардык бөлүктөрү түп нускадай көчүрүлүшү керек. Мындай бөлүктөргө уңгуну, мүчөнү, приставкаларды жана суффикстерди киргизүүгө болот [Арнольд И.В. Лексикология современного английского языка.— М., 1989].

Транскрипция менен калькалоонун котормонун жолдору катары ашыкча колдонулушу тилдин лексикасын терс таасирин тийгизүү менен, андагы тилдик каражаттардын тилдик жана маданий жактан адаптацияланбай кабыл алынышына алып келет.

Калькалоо ыкмасынын котормо теориясындагы, атап айтканда, кыргыз тил илиминде котормо теориясынын маселелеринин изилдениш жаатындагы айрым эмгектерге, тагыраак айтканда, алардагы калькалоо ыкмасынын изилденишине токтолуп өтүү зарыл деп эсептейбиз.

Калькалоо ыкмасы менен сөзмө-сөз которуунун айрым бир которуу кырдаалдарында бири-биринен принципиалдуу айырмачылыктары болбогону менен, котормо теориясында өз алдынча терминдер катары колдонулуп, ыкма катары колдонулуу кырдаалдарына ылайык жана айрым бир белгилери боюнча да айырмаланат. Атап айтканда, сөзмө-сөз которууда сөздөрдүн мазмундук жана формалдык эквиваленттүүлүгү, сөз айкаштарынын маанилик жактан аналогдуулугу гана талап кылынса, калькалаштырууда көрсөтүлгөн талапка кошумча синтаксистик формалардын, тилдик бирдиктердин ортосундагы грамматикалык мамилелердин да түп нускадагыдай так сакталышына талап коюлат. Башкача айтканда, сөз же сөз айкашынын грамматикалык формаларынын да котормо тилдин эквиваленттик катыштагы формалары аркылуу берилиши толук калькалоо катары эсептелет. Ал эми сөзмө-сөз котормодо грамматикалык каражаттар менен синтаксистик формалар котормо тилде сакталбай калышы да ыктымал.

Соңку мезгилдерде кыргыз тилинде котормонун теориялык маселелери жаатында жазылган илимий адабияттардын ичинен калькалоо маселеси окумуштуу А.Абдиевдин эмгегинде иликтенген: ...Калькалоонун маңызы-түп нусканын лексикалык бирдигинин структурасын көчүрүү менен котормо тилде жаңы сөз же сөз айкашын жаратуу. Мисалы, superpower-супердержава-супердержава; mass culture-массовая культура-массалык маданият; green revolution-зеленая революция-жашыл революция. Котормодо транскрипция менен калькалоо бир учурда колдонулган учурлар аз эмес: transnational-транснациональный-трансулуттук ж.б.. Калькалоо транскрипциядан айырмаланып, түп нуска тилдеги форманы котормо тилге өткөрүү үчүн жасалган жөнөкөй механикалык операция эмес, мында айрым өзгөртүүлөрдү киргизүүгө туура келет. Бул баарыдан мурун жөндөмө формаларын, сөз айкашындагы сөздөрдүн санын, аффикстерди, сөз тартибин, сөздүн морфологиялык же синтаксистик статусун өзгөртүүгө тиешелүү. Мисалы, maldistribution of costs-неквалифицированное лечение-туура эмес же квалификациясыз дарылоо; non-taxable income-не облагаемый налогом доход-салык салынбаган киреше. Мындан тышкары котормо теориясында калькалоонун семантикалык түрү да бар экендиги белгилүү. Калькалоонун бул түрүндө түп нускадагы өтмө маанисинде колдонулган сөздөр котормо тилде дагы өтмө маанисинде калькаланат. Мындай жол менен калькалоо аркылуу котормо тилде өзүнүн түз, лексикалык маанисинде колдонулуп жүргөн сөздөрдүн жаңы өтмө маанилери пайда болуп, өз кезегинде мындай кабыл алуулөр калька кабыл алынган тилдин лексикасынын байышына шарт түзөт. Маселен, зеленые-жашылдар, левые-солчулдар, правые-оңчулдар, красные береты-кызыл береттер, барсы-илбирстер, морские котики-деңиз мышыктары ж.б. Семантикалык калькалоо аркылуу бир эле семантикалык топто турган сөздөрдүн бири калькаланса, экинчиси калкаланбай калуусу ыктымал. Маселен, левые-солчулдар, правые-оңчулдар болуп айтылганы менен ушул эле калкаларга маанилик жактан жакын центристты деген сөз борборчулар деп калкаланбай калат. Мындай жагдай котормо тилдеги сөздөрдүн

семантикалык жактан колдонулуу потенциалы менен резервдерине, узустук-нормалык турукташуу мүмкүнчүлүгүнө да байланыштуу келип чыгат.

Калькалоо жолу менен соңку мезгилдерде спорттук түшүнүктөр менен терминдердин кыргыз тилине которулуп жаткандыгы байкалат. Маселен, мындай калькалоолорго: удар-сокку, боксер-мушкер, боковой удар-капталдан сокку уруу, угловой удар-бурчтан чыгаруу, центральный нападающий-борбордук чабуулчу, центральный защитник-борбордук коргоочу ж.б. киргизүүгө болот.

Сөзмө-сөз которуу сыяктуу эле калькалаштыруу да котормонун нормативистикасында оң жана терс мааниде колдонулат. Оң манисинде калькалаштыруу жолу аркылуу тилге жаңы сөздөр кирип, ал тилдин лексикасынын байышына, ийкемдүүлүгүгүнүн артышына өбөлгө түзгөн которуу жолу катары бааланат. Калькалоо жолу менен тарыхый окуялардын, географиялык аталыштардын, окуу жайлардын, мамлекеттик мекеме-ишканалардын, уюмдардын аттары которулуп, котормолор жаңы сөз катары котормо тилде узустук турукташууга өтөт. Маселен, калькалоо жолу менен орус тилинен кыргыз тилине литератургый язык-адабий тил, доска почета-ардак такта, глубокая благодарность-терең ыраазычылык, широкое распространение-кеңири таралуу, национальная особенность-улуттук өзгөчөлүк, вертолет-тикучак, экстремист-жикчил, национальная валюта-улуттук валюта ж.б. толуп жаткан сөз айкаштары которулуп, кыргыз тилинин лексикалык составына кошулду. Ошол эле учурда крылатые слова-канаттуу сөздөр, костный мозг-сөөк мээ, спинной мозг-арка мээ, головной мозг-баш мээ, выступает с докладом-доклад менен чыгат сыяктуу сөз айкаштарынын которулушун мисал келтирүү менен калькалаштыруу дайыма эле оң натыйжаларды бере бербестигин белгилөөгө болот. Себеби жогоруда мисал иретинде алынан сөз йкаштарынын кыргыз тилинде маанилик аналогдорунун бар экендигине карабастан, түп нускалар тилдик алкакта гана формалдуу которулуп, натыйжада мааниси бурмаланган буквализмдер пайда болгон. Анткени мисалга алынган сөз айкаштарынын туура котормолору катары канаттуу сөздөр эмес-учкул

сөздөр, сөөк мээ эмес-чучук, арка мээ эмес-жүлүн, баш мээ эмес-мээ, доклад менен чыгат эмес баяндама окуйт деген котормолор эсептелет.

Сөзмө-сөз которуудагыдай эле калькалоонун дагы оң же терс сапатка ээ болушу котормочунун эки тилдин чегиндеги тилдик жана тилдик эмес компетенттүүлүгүнө байланыштуу экендиги котормонун репродуктивдүү тилдик операция экендигин дагы бир ирет тастыктайт".

Жогоруда белгиленип өткөндөй, калькалоонун орунсуз колдонулушу котормо тексттин информативдүүлүгүнүн деңгээлин төмөндөтүү менен, айрым учурларда тексттерде плеоназмдык мүнөздөгү тилдик каражаттардын орун алышына алып келиши мүмкүн. Калькалоо ыкмасынын орунсуз колдонулушуна карата төмөндөгү мисалдарды келтирүүгө болот: tip (*чай пул*), supermarket (*азык-түлүк жана чарба буюмдары сатылуучу чоң дүкөн*), image (*образ, келбет, жүз*), soap opera (*үй кожойкелерине арналган көп сериялуу жарнамалык берүү*) өңдүү калькалардын төмөндөгү контексттерде орунсуз колдонулгадыгын байкоо кыйын эмес: "Официанттар *типтин* эсебинен жашашат". [Краминов Д. Пасынки Альбиона. М., 1965]. "Майда соода күпкөлөр *супермаркеттерге* жана универмагдарга орун бошотушууда". [Горчаков О. В гостях у дяди Сэма. М., 1965]. ". *Санди Таймс* лондон жумалыгы гезит бетине Хиттин жарашыктуу *имиджин* жаратты...". [Бельская А. Англия за кулисами выборов. Литературная газета, 3-июль 1970 ж.]. "Телевидение *самын опералары* менен катар Карнеги-холлдон симфониялык музыканын концерттерин көрсөтөт". [Карцева Е. Сильнее атомной бомбы. Иностранная литература, № 4, 1972 ж.]. Келтирилген мисалдарга жакын тилдик фактылар бүгүнкү күндө кыргыз тилинде да жыш кездеше тургандыгы кыргыз тилине башка тилден сөздөр орус тили аркылуу кабыл алынышы менен түшүндүрүлөт. Кыргыз тилине англис тилинен кирген, активдүү колдонулган сөздөрдүн төмөндөгү катарын көрсөтүүгө болот: *апартамент, аудирование, аудиенция, аэробика, автобиография, автомобиль, байкер, биосфера ,департамент, девальвация, депрессия, документ, директ, газ, инаугурация, имидж, импичмент, конференция, комплимент, консенсус, контакт, конструкция,*

марка, мобилдүүлүк, ноу-хау, офис, оппонент, пиар, позитив, флэшкард, файл, хиппи, шоу-бизнес, электорат ж.б.

Кыргыз тилинин төл лексикасына англис тилинен орус тилине калькаланып кабыл алынган бир топ сөздөр кирип, активдүү колдонууга өткөн: *инаугурация, бой-френд, секонд-хенд, силлабус, курикулум, митинг ж.б.*

Мындай тилдик тенденциянын натыйжасында кыргыз тилине интернационализм сөздөрдүн да киргендигин танууга болбойт. Бирок алар кыргыз тилинин тыбыштык системасына ыңгайлашпастан, орус тилинде кандай болсо, ошол тыбыштык калыбында кыргыз тилине кирип жаткандыгынан улам аларды баскын сөздөр катары да кароого болот. Анткени тил илиминде интернационализм сөздөргө көптөгөн тилдерде ар бир тилдин тыбыштык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган варианттарда кездешкен сөздөр катары аныктама берилет. Бирок кыргыз тилинде мындай өзгөчөлүктүн жоктугу анын орфографиялык принциптеринин бири болгон тарыхый принципке байланыштуу экендиги айрым окумуштуулар тарабынан баса белгиленет. Ал принципке ылайык, орус тилинен же ал аркылуу башка тилден кабыл алынган сөздөр орус тилинин орфографиялык эрежелерине ылайык жазылып, орус тилинин орфоэпиялык эрежелерине ылайык айтылышы керек. Демек, мындай эреженин болушу кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн кыргыз тилинин эрежелерине ылайыкталбай, жыйынтыгында ассимиляцияланбай киришине түздөн-түз шарт түзгөндүгүн танууга болбойт. Ал эми башка тилдерден кирген сөздөр терең ассимиляцияланган учурларда алардын тыбыштык турпаты толук өзгөрүүгө учурабаса да, кабыл алынган тилдердин лексикасына сиңип, турукташып жиги билинбей калган учурларды бардык эле тилдердин мисалында көрүүгө болот. Маселен, англис тилиндеги скандинавия тилдеринен жана латын тилинен кирген көөнө сөздөрдүн баштапкы тыбыштык турпатын билүү үчүн этимологиялык илик жүргүзүү зарылдыгы келип чыгат: get “алуу”, skill “жөндөм”, sky “асман”, skirt “юбка”, skin “тери”, they “алар”, street “көчө” ж.б.

Толук ассимиляцияланган жана турукташып кеткен тилдик кабыл алуулардан айырмаланып, кээ бир тил каражаттарында фонетикалык өзгөчөлүктөр жарым-жартылай сакталып калган учурлар да болот: (garage) chaise-longue chic), грамматикалык категориялар түрүндө (маселен, жек.сан datum, nucleus, antenna — көптүк сан. datd, nuclei, antennae), семантикалык өзгөчөлүктөр (маселен, taiga, tundra, rouble, knout ж.б. сөздөр англис тилине орус тилинен кабыл алынган). Мындай сөздөрдү түшүндүрүп жазууда энциклопедиялык маалымат талап кылынат. Анткени башка тилден кабыл алынган сөздөр туюндурган объектилер жана кубулуштардын, маселен, орус элинин турмушундагы taiga, tundra өңдүү сөздөр аркылуу берилген маанилерди толук түшүндүрүү үчүн, аларды англис тилиндеги географиялык алкак, климаттык зоналар менен жакындаштырып түшүндүрүү зарылчылыгы келип чыгат: taiga — swampy coniferous forest of Siberia, beginning where the tundra ends; tundra — treeless plain characteristic of arctic and subarctic regions. Мындан тышкары жогоруда келтирилген акча бирдигин туюндурган rouble сөзүн түшүндүрүү үчүн котормо теориясында парафраза, же болбосо түшүндүрүп, чечмелеп которуу өңдүү ыкмалар колдонулгандыгын көрөбүз: rouble — see money table: 100 kopecks, Russia. Англис тилиндеги сөздөрдүн кыргыз тилинин лексикасына активдүү кирип жатышынын дагы бир себеби катары Америка маданиятынын таасирин, аны идеализациялоо тенденциясын да айтпай кетүүгө болбойт.

1.3.Тилдик кабыл алуудагы ассимиляция маселеси

Окумуштуулардын көпчүлүгү тилдик кабыл алуу процессинин жана башка тилден кирген сөздөрдүн реципиент тилде кызмат аткаруусуна байланыштуу маселелердин ортосунда тыгыз байланыш бар экендигин айтышат. Маселен, О.С.Ахманова тилдик кабыл алууда эки өзөктүү түшүнүктү ажыратып алуу зарыл экендигин белгилеген: кабыл алуу адепки маанисинде башка тилдердин материалдарынын кириши жана экинчи мааниси ошол тилдик материалдын кабыл алынган тилге сиңиши, турукташы катары да каралышы керек. Бул көз караш

окумуштуулар Ж. Багана жана Е.В.Бондаренко тарабынан колдоого алынып, алар башка тилден сөздөрдүн реципиент тилдин лексикалык системасына тез эле кирип кетпестиги жана ал сөздөрдүн лексикага кирип, турукташуусу үчүн белгилүү убакыт талап кылынары айтылат. Аты аталаган окумуштуулар мындай убакытты акклиматизация деп аташат. Ал эми Л.П.Крысин тилдик кабыл алуу маселесин кароодо реципиент тилдин лексикасына чет тилдеринен сөздөрдүн кириши үчүн төмөндөгүдөй шарттардын зарылдыгын белгилейт:

-тилдик кабыл алууда сөздөр кабыл алынып жаткан тилдин тыбыштык жана графикалык каражаттары аркылуу туюндурулуусу;

-тилдик кабыл алуунун сөз жасоодогу активдүүлүгү;

- тилдик кабыл алуунун семантикалык жактан турукташуусу (кабыл алынган тилде алардын маанисинин аныкталышы, төл лексикадагы синоним сөздөрдүн маанилеринен болгон айырмачылыктардын дифференциациясы);

-кепте туруктуу колдонууга өтүшү [Крысин, Л.П. Новые иноязычные заимствования в нормативных словарях// Л. П. Крысин.// Русский язык в школе, 2000, № 1. С. - 66 -72]. Окумуштуунун пикиринде, тилдик кабыл алуу реципиент тилге ыңгайлашып кабыл алынганга чейин төмөндөгү этаптардан өтүүсү керек:

1) кабыл алынып жаткан тилде башка тилден кирип жаткан тилдик каражаттарды түп нуска тилдин орфографиясында (оозеки кепте фонетикалык турпатында) транслитерациясыз же транскрипциясыз пайдалануу;

2) кабыл алынып жаткан тилге ыңгайлашы: транслитерация же транскрипция, белгилүү бир сөз түркүмүнө кириши;

3) тилдик кабыл алуунун жанрдык-стилдик , кырдаалдык жана социалдык өңүттөгү чектөөлөрүнүн жок болуусу.

М.А.Брейтер түп нуска тилдин б.а., өзгөрүүлөргө учурап жаткан тилдердин деңгээлдеринен чыгып, ассимиляциянын төмөндөгү түрлөрүн бөлүп көрсөтөт (буларды кабыл алуу этаптары катары да карайт):

-фонетикалык (фонологиялык) жана графикалык интеграция;

-грамматикалык (морфологиялык) интеграция;

-деривациялык (сөз жасоочу) интеграция;

-лексика-семантикалык интеграция (маанилердин кеңейиши жана тарышын кошо алганда) [М.А. Брейтер,61-б.].

Чет тилдеринен кирген элементтердеги ассимиляциянын маселелери И.В. Арнольд (1986), И.А. Бодуэна де Куртене (1963), Р.С. Гинзбург (1979), Л.П. Ефремов (1958), Б.Н. Забавников (1971), Л.П. Крысин (1991, 2004б), А.П. Майоров (1967), В.П. Секирин (1955), О.Г. Щитова (2004, 2007), Л.В. Васильева (2004), Н.Г. Каданцева (2007), Д.С. Никитин (2010), Е.И. Кожевникова (2011) өңдүү бир катар окумуштуулардын эмгектеринде изилдөөгө алынган. Ал эми чет өлкөлүк тил илиминде сөз болуп жаткан маселеге Л. Блумфилддин, (1960), Б. Шуландын (1963), Э. Хаугендин (1972), М. Подгайскаянын (2004) эмгектери арналган.

“Ассимиляция” термини туурасында кеп козгоодо, аталган термин тил илими жаатында эле эмес, этнография, саясат таануу, биология ж.б. илим тармактарда колдонулуп, “ыңгайлашуу”, “өзгөрүү”, “түрүн өзгөртүү” сыяктуу маанилерди туюндурат. Албетте, мындай маанилер ар кайсы илим тармактарында ар кандай маанилик оттеноктор аркылуу айырмаланыша тургандыктарын кошумчалай кетүү керек. Тил илими жаатында болсо, “ассимиляция” термини, жогоруда белгиленгендей, “окошошуу”, “ыңгайлашуу”, “кабыл алуу”, “жакындашуу” өңдүү сөздөргө синоним сөз катары колдонулат. Түпкү маңызында ассимиляция бир тилдеги сөздөрдүн экинчи бир тилдин тилдик шарттарына ыңгайлашып, сырткы тыбыштык турпатын, айрым учурларда ички табиятын да өзгөртүп, кыскасы, өзү кабыл алынып жаткан тилдик чөйрөнүн ички талаптарына адаптацияланып, окошошуусун түшүндүрөт. Демек, “тилдик кабыл кабыл алуунун ассимиляциясы” дегенде тилдик кражаттардын реципиент тилдин фонетикалык, графикалык жана морфологиялык нормаларына жана анын семантикалык системасына толук же жарым-жартылай ыңгайланышын түшүнүшүбүз керек [Арнольд, 1986].

Тилдик кабыл алуу маселелерин изилдөө багытында талаш-тартыштарды, кайчы пикирлерди жаратуучу проблемалардын чордонунда башка тилден кирген лексиканын адаптацияланышы турат. Атап айтканда, кабыл алынган элементтин

лексика-семантикалык жактан ыңгайлашуусунун негизги фактору катары эмнени эсептөө керектиги туурасындагы маселе окумуштуулар арасында бир жактуу каралбайт. Ошого карабастан көпчүлүк окумуштуулар башка тилдин элементтеринин реципиент тилдин системасына кириши жана анда турукташуусу үчүн төмөндөгү шарттар талап этилет:

- башка тилден кирген сөздүн ошол сөз кирип жаткан тилдин фонетикалык кражаттары аркылуу туюндурулушу;
- кабыл алынып жаткан сөздүн аны кабыл алуучу тилдин грамматикалык класстары менен категорияларына ыңгайлаштырылышы;
- жандуу кепте кабыл алынган сөздөрдүн активдүү колдонулушу.

Тилдик кабыл алуунун кабыл алынган тилге ыңгайлашуу маселелерин изилдөөгө алуу менен, окумуштуулар, эреже катары, төмөндөгү позициялардын бирин тутунушары Г.И.Каданцева тарабынан белгиленген:

1. Тилдик кабыл алуунун чет тилдеринен кирген сөздөрдү реципиент тилдин системасына формалдуу, үстүртөдөн гана ыңгайлаштыруу деңгээлинде жүрүшү.
2.Тилдик кабыл алуунун функционалдык жагына басым жасалган экинчи багытта, башка тилден кирген сөздөрдүн жана туруктуу сөз айкаштарынын кабыл алынып жаткан тилдин лексика-семантикалык системасына ыңгайлашуусу каралат.
3.Азыркы учурда тилдик кабыл алууну комплекстүү иликтөө тенденциялык мүнөзгө өтүү менен, тилдик кабыл кабыл алуунун формалдуу белгилеринен тышкары анын лексика-семантикалык өңүттөгү маселелери каралууда [Каданцева 2008]. Формалдуу белгилери деген түшүнүк аркылуу окумуштуулар тарабынан ассимиляциянын формалдуу түрү туюндурулат.

Формалдуу ассимиляциянын үч түрү бар экендиги белгиленип жүрөт: фонетикалык, орфографиялык жана грамматикалык (морфологиялык). Аталган биринчи экинчи түрдөгү ассимиляциялар бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, айрым учурларда экөөнү бириктирип кароо менен, изилдөөчүлөр кабыл алуунун “фонографемалык бөтөнчөлүктөрү” деген түшүнүктү пайдаланышат. Жалпысынан алганда, формалдуу ассимиляциянын үч түрү тең бири-бири менен өз

ара карым-катнашта, аракетте болгондугу тилдин лексикасынын системалуу мүнөзү аркылуу түшүндүрүлөт. Бирок тил илиминде ассимиляциянын баштапкы талабы катары фонетикалык ассимиляция эсептелет. Анткени калган эки талаптын ишке ашышы биринчи талапка байланыштуу экендигин окумуштуулар бир ооздон белгилешет. Ал гана эмес башка тилден кирген сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын фонетикалык жактан кабыл алынып жаткан тилге так ыңгайлашуусу ал сөздөрдүн массалык-маалымат каражаттарында колдонулуу жыштыгынын артышына, ал эми мындай жагдай кабыл алынган сөздөрдүн тилде турукташышына шарт түзөрү талаш туудурбайт. Аталган тенденция алгач 1970-жылдары Е.Н. Гибалонун, андан соң Н.С.Валгинанын Валгиной [Валгина,2001], ошондой эле Т.В. Левинанын [Левина 2003: 109] эмгектеринде орун алган.

Кабыл алынган лексемалардын ассимиляциясын алардын этимондорунун өздөштүрүлүп жаткан тилдин ар кандай тилдик мүнөздөмөлөрүнө окшошуусу, ыңгайлашуусу катары жалпылап түшүндүрүүнүн бир нече конкреттүү аспектилери бар экендигин да айтуу зарыл. Тил илиминде окумуштуулар тарабынан мындай аспектилердин көптөгөн түрлөрү бар экендиги белгиленет. Бирок талдай келгенде бир эле аспект ар кандай терминдер менен аталып отуруп, бул жаатта терминдик башаламандык келип чыккандыгы байкалат. Кандай болгон күндө дагы, фонетикалык, морфологиялык, графикалык ошондой эле семантикалык аспектилердин дээрлик бардык изилдөөлөр үчүн орток аспектилер экендигинен күмөн саноого болбойт. Маселен, англис тилине латын тилинен кабыл алынган “formula” деген сөздүн аталган тилге ассимиляцияланышынын аспектилерин карап көрөбүз:

1. Бул сөздөгү фонетикалык ассимиляция аны реципиент тилде айтылышы аркылуу аталган сөздүн курамын түзгөн латын тилиндеги жети фонеманын, англис тилиндеги аларга акустикалык жана артикуляциялык мүнөздөмөсү боюнча жакын фонемалар менен алмаштырылганды менен түшүндүрүлөт. Мындай фонемалык субституция түз кабыл алуу процессинде дайыма орун алат. Мындан тышкары айрым тилдик өзөштүрүүлөрдө фонетикалык ассимиляциялар сөздүн муундук

жана акценттик структурасын өзгөртүү аркылуу ишке ашат. Б.а., мындай өзгөрүүлөр муундардын санын, аны менен кошо аларга түшкөн басымдын ордун, күчүн жана мүнөзүн өзгөртөт. Бул жаатта англис тилине француз тилинен кабыл алынган сөздөрдөгү фонетикалык өзгөрүүлөргө карата color, reason, restaurant ж.б. сөздөрдү мисал келтирүүгө болот. Айрым учурларда кабыл алынган сөздөр мезгилдин өтүшү менен кабыл алынган тилдердин фонетикалык системасына ылайыкталып, ассимиляцияланат [Брофман М.В., Французские заимствования в литературном английском языке XVII-XVIII вв.: Дис. канд. филол. наук. – М. – Алма-Ата, 1958. – 279-б]. Айталы, француз тилиндеги [а] фонемасынын ордуна англис тилиндеги [eɪ] дифтонгунун келиши француз тилиндеги cannonade, lemonade, barricade ж.б. зат атоочтордун суффикстеринин айтылышында ачык көрүнөт. Фонемалык субституция кубулушунан айырмаланып, эки тилдин тиешелүү фонемаларынын ортосунда акустикалык жана артикуляциялык окшоштуктар болбойт. Мында тактоону талап кылган жагдай – мындай өзгөрүүлөрдү ассимиляция процессинин бир бөлүгү катары кароо керекпи, же болбосо кабыл алынган сөздөрдүн убакыттын өтүшү менен кабыл алынган тилге адаптацияланышы катары кароо шартпы ? Бул суроого жооп табуу үчүн кабыл алынган сөздөрдү тилдин тарыхынын өнүгүү этаптарынын контекстинде кароо талап этилет.

2. Морфологиялык ассимиляция сөздүн морфемалык структурасын өзгөртүү менен коштолот. Маселен, formula деген сөз латын тилинде үч морфемалуу структурага ээ: уңгусу form-, кичирейтүү маанисин берген -ul- суффикси жана флексия. Ал эми англис тилинде бул сөз бөлүнбөс бир морфемалуу сөз катары эсептелет. Морфологиялык жактан татаал сөз башка тилге кабыл алынганда жөнөкөй, мүчөлөнбөс сөз катары кабыл алууу көп кездешкен көрүнүш болуп эсептелет. Мындай кубулуш латын тилиндеги 10 форманын парадигматикалык деңгээлдеги ассимиляциясынан ачык көрүнөт (formula, formulae, formulae, formulam, formulā, formulae, formularum, formulis, formulas, formulis). Бул формаларда род, сан жана жөндөмө категориялары берилет. Ал эми англис тилинде аталган грамматикалык

маанилердин чектелиши байкалып, атап айтканда, сан жана жөндөмө категориялары белгилүү өлчөмдө чектелген мүнөздө туюндурулат (formula, formulas/ae, formula’s, formulas’). Мындан биз латын тилиндеги сөз формаларында туюндурулган род категориясынын, ошондой эле белгилүү өлчөмдө жөндөмө категорияларынын жоготууларга учураганын көрөбүз. Ушул өңдүү эле сөздөрдүн кабыл алуу процессинде орун алган морфологиялык ассимиляциянын жыйынтыгында ар кайсы сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү болгон грамматикалык башка категориялар дагы өзгөрүүлөргө учурашы толук ыктымал.

3.Графикалык ассимиляция талдоого алынып жаткан formula сөзүнө релеванттуу аспект эместигин белгилөө менен, тилдик каражаттардын англис тилине жазуу аркылуу кабыл алынган сөздөрдүн графикалык ассимиляцияга кабылышына карата көп сандаган мисалдарды келтирүүгө болот. Маселен, грек тилинен photography, хинди тилинен tiffin, орус тилинен kopeek сыяктуу сөздөрдү келтирсек жетиштүү. Жыйынтыктап айтканда, графикалык ассимиляция дегенде кабыл алынган тилдик бирдиктин тыбыштык турпатын, ал кабыл алынып жаткан тилдин графикалык каражаттары аркылуу туюндурууну түшүнүшүбүз керек.

4.Семантикалык ассимиляция иликтөөдө бир топ татаалдыктарды пайда кылган аспект катары бааланат. Белгилүү болгондой, көп маанилүү тилдик бирдиктер башка тилге бир эле маанисин сактоо менен өздөштүрүлөт. Семантикалык ассимиляциянын маңызында так ушул тилдик кубулуш жатат. Ал эми ошол бир эле негизги мааниде кабыл алынган сөздүн семантикалык структурасындагы өзгөрүүлөр ассимиляциянын белгилери катарында эмес, анын өзү кабыл алынган тилдик жаңы системадагы маанисинин өсүүсү катары бааланышы шарт. Мындай пикирди иллюстрациялоо максатында formula сөзүнүн латын жана англис тилдеринде туюндурган маанилерин салыштырып көрөбүз. Аталган сөз латын тилинде төмөндөгү маанилерди туюндурат: 1) калып, форма; 2)модель; 3) суу түтүк, канал;4) формула, норма, жобо. Ал эми англис тилиндеги маанилерин карап көрөлү: 1) формула; 2) рецепт; ымыркайга берилүүчү азыктын курамы; 3) диний догма; 4) шаблон, стереотип; 5) келишим шарттары; 6) соттук иш, процесс; 7)

түзүлүш, уюшулуш; 8) образ, көрүнүш, касиет; 9) жарышка айдалуучу ылдам автоунаанын бир түрү [Дворецкий И.Х. Латинско-русский словарь. – М.: Русский язык, 2000. – 846-б.]. Мында көрүнүп тургандай, маанилери келтирилген сөздүн латын тилиндеги баштапкы мааниси “кичине форма, калып” болгон да, бул мааниси англис тилине өздөштүрүлүп, андан соң англис тилинин системасында кийинки маанилери семантикалык структурасынын өнүгүшүнүн натыйжасында пайда болгондугун белгилөөгө болот.

Демек, тилдик кабыл алуунун биринчи этабында тилдик каражаттардын баштапкы маанисине анын өздөштүрүлгөдөн кийин пайда болгон маанилерин түздөн-түз байланыштыруу семантикалык ассимиляциянын негизги белгиси болуп саналат. Семантикалык ассимиляциянын дагы бир белгиси – синтагматикалык өзгөрүү. Тагыраак айтканда, кабыл алынган тилдик бирдиктин өзү кабыл алынган тилдеги башка тилдик каражаттар менен айкашуу мүмкүнчүлүгүнүн өзгөрүүсүн түшүнүү керек. Маселен, латын тилиндеги “formula dicendi” деген сөз айкашы орус тилине “манера выражаться”, ал эми кыргыз тилине “сүйлөө манерасы” болуп которулса, англис тилине мындай сөз айкашы мүнөздүү эмес. Ал эми, тескерисинче, англис тилиндеги зат атоочтордун адъективацияланyу мүмкүнчүлүгүнүн аркасында пайда болгон “formula painting” (“шаблондуу, оригиналдуу эмес картина”) сыяктуу сөз айкашын латын тилинде берүү мүмкүн эмес. Демек, латын тилинен айырмаланып, англис тилиндеги formula деген сөз артикл менен айкашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай айырма-өзгөчөлүктөр, өз кезегинде, тилдик кабыл алуулөрдү кабыл алып жаткан тилдердин лексикасынын семантикалык жактан уюшулушуна таасирин тийгизбей койбойт. Анткени кабыл алынган сөздөрдүн таасири астында реципиент тилдеги айрым тилдик каражаттардын мааниси өзгөрүүлөргө учурашы толук ыктымал. Мындай кубулуш төл сөздөр менен кабыл алынган сөздөр синонимдик катышта келип, мунун натыйжасында төл лексикага мүнөздүү тилдик каражаттардын айрым маанилеринин жоголушунда ачык көрүнөт. Маселен, төмөндөгү сөздөрдөгү төл лексикага мүнөздүү тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган маанилер кабыл

алынган сөздөр аркылуу гана туюндурулуп жүргөндүгүн айтууга болот: knowledge – science; kingly – royal; wisdom – information. Семантикалык ассимиляциянын белгилеринин катарына кабыл алынган тилдик каражаттардын реципиент тилдеги системалык мүнөздөмөсүн, тагыраак айтканда, кабыл алынган тилдик бирдиктердин колдонулуу жыштыгынын өзгөрүүгө учурашын да киргизүүгө болот. Себеби, кабыл алынган тилдик бирдик башка тилде белгилүү бир семантикалык талаага кирүү менен тилдик башка бирдиктер менен системалык мамилеге өтө баштайт. Мындай системалык байланыш-катыштар катары синонимдик, антонимдик жана деривациялык байланыштарды атоого болот. Маселен, “formula” сөзүнүн«шаблон, стереотип» маанисинде recipe, prescription, rubric, blueprint, modus operandi, precepts ж.б. сөздөр жана сөз айкаштары менен синонимиялык байланышта келиши англис тилинин синонимдер сөздүктөрүндө берилген [Kirkpatrick B. The Oxford Paperback Thesaurus. – Oxford: Oxford Un. Press]. Ал эми каралып жаткан сөздүн деривациялык байланыштарын көрсөтүүгө карата formulaic, formulary, formulate дериваттарын келтирүүгө болот. Белгилей кетчү жагдай, өзөштүрүү процессинде кабыл алынган тилдик бирдиктин семантикалык ассимиляцияга учурашы менен семантикалык жактан өнүгүүсүнүн ортосундагы айырманы так аныктоо дайыма эле ишке аша бербестиги сөз болуп жаткан эки процесстин татаалдыгы менен түшүндүрүлөт.

Ассимиляциянын тилдик кабыл алуу процессиндеги жогоруда саналып өткөн аспектилери тилдик кабыл алуунун бир түрү катары эсептелген фразеологиялык калькада ишке киреби ? Мисал иретинде латын тилиндеги golden age < aetas aurea (алтын доор) фразеологиялык айкашынын англис тилине калькаланышын карап көрсөк болот. Аталган тил каражатынын калькаланышында фонетикалык ассимиляция туурасында кеп козгоонун зарылдыгы жок. Анткени сөз болуп жаткан тилдик бирдиктин анлис тилине калькаланышында анын төл лексикасына мүнөздүү лексемалар пайдаланылган. Мындан тышкары бул сөз айкашынын просодикалык мүнөздөмөсү, атап айтканда, 4 муундук жана акценттик структурасы да англис тилинин фонетикалык нормасына шайкеш келет. Мындан

фразеологиялык калькалар үчүн фонетикалык ассимиляция түшүнүгүн колдонуунун орунсуздугу туурасында жыйынтыкка келебиз. Ушул сыяктуу эле морфологиялык ассимиляция аспектиси дагы фразеологиялык калькаларга карата колдонулбастыгы белгилүү. Ал эми фразеологиялык калькалоодо морфологиялык түзүлүшү татаал башка тилдерден кирген этимон сөздөрдүн айрым морфемалары калькаланган сөз айкашынын компоненттери аркылуу берилиши мүмкүн. Маселен, shock worker < ударник деген орус тилинеги сөздүн уңгусу англис тилинин тилдик каражаттары аркылуу берилет. Ушул сыяктуу эле фразеологиялык калькалоодо морфологиялык ассимиляция өндүү эле, графикалык ассимиляциянын да орду жок экендигин белгилөө шарт. Анткени, белгилүү болгондой, графикалык форма сөздөн жогору турган бирдиктердин атрибуту боло албайт.

Семантикалык ассимиляциянын фразеологиялык калькалардагы орду жана кызматы кызыгуу жаратпай койбойт. Кабыл алуунун так ушул аспектисинде башка тилдерден кирген сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын турукташуусундагы окшоштуктар байкалат. Маселен, англис тилиндеги golden age фразеологизми эки маанини туюндурат: 1) алтын доор; маданияттын, искусствонун ж.б. өнүгүп-өскөн мезгили; 2) адам өмүрүндөгү бактылуу мезгил. Англис тилиндеги сөз болуп жаткан фразеологизмдин латын этимону Овидийдин чыгармаларында кездешип, анын маанилери англис тилиндеги алгачкы маанисине шайкеш келет. Мындай жагдай латын тилиндеги бул фразеологизмдин англис тилине так ушул маанисинде калькалоо жолу аркылуу кабыл алынгандыгы менен түшүндүрүлөт. Семантикалык өңүттөн алып караганда, кабыл алынган лексиканын реципиент тилдин каражаттары аркылуу калькаланып же түз кабыл алынышы чоң маниге ээ. Калькалоо жолу же башка жол аркылуу кабыл алууда кабыл алынган тилдик каражаттардын семантикасында бөтөн маданиятка мүнөздүү элементтер байкалып турат. Коннотативдүү маанидеги так ушундай башка маданият менен тилге мүнөздүү микрокомпоненттер кабыл алынган тилдик каражаттарды тилдин лексикасындагы башка бирдиктерден (айталы, төл лексикага мүнөздүү неологизмдерден) айырмалап турат. Убакыттын өтүшү менен кабыл алынган

сөздөр кептик гана факты болуу менен чектелбестен, тилдик факты катары да турукташа баштаганда, кабыл алынган тилдик каражаттардагы бөтөн тилдик касиеттер жоголуп, жыйынтыгында кабыл алынган тилдик каражаттардын семантикалык структурасы өзгөрүүлөргө учурайт. Эгерде кабыл алынган тилдик каражаттардагы бөтөн тилдик микрокомпоненттердин жоголуусун семантикалык ассимиляциянын белгиси катары карасак, анда кабыл алынган тилдик каражаттардын семантикалык структурасындагы башка аспектилерди алар кабыл алынган тилдин семантикалык талаасындагы аткарган кызматы аркылуу түшүндүрүүгө болот. Маселен, жогоруда сөз болгон, англис тилиндеги golden age фразеологизминин анын латын тилиндеги этимону менен салыштырууда алар бири-бирине шайкеш келгендей туюлат. Бирок талдай келгенде, бул фразеологизмдин латын жана англис тилдериндеги маданий коннотациялары белгилүү деңгээлдеги айырма-өзгөчөлүктөргө ээ экендиги көрүнөт. Овидийдин доорунда (б.э.ч. 43-жыл –б.э 18-жыл) жашап, латын тилинде сүйлөгөн адам үчүн “aetas aurea” деген сөз айкашы император Августун доорундагы Рим империясынын маданиятынын жана искусствосунун гүлдөп өскөн доорун билдирүү менен чектелсе, аталган фразеологизмдин англис тилинде берген мааниси кенен экендиги белгилүү. Атап айтканда, Англия тарыхында сөз болуп жаткан сөз айкашы аркылуу XVIII кылымда искусстводогу классикалык багыттардын гүлдөп өсүшүнө карата, ошону менен бирге бир топ кошумча маанилер туюндурулуп, жыйынтыгында аталган сөз айкашындагы бөтөн тилдик микрокомпонент четтеп, англис тилинин лексикасына турукташып кеткен. Мындай көрүнүштү анын семантикалык ассимиляцияга кабылышынын мисалы катары баалоого болот.

5. Бул фразеологизмдин башка маанилери туурасында кеп козгоодо алардын кабыл алынган тилдин системасында кызмат аткаруусунун аркасында өнүгүп-өскөндүгүн, б.а. семантикалык структурасынын татаалдашып өзгөрүүгө дуушарланышынан жаңы коннотациялык маанилер пайда болгондугун айтуу зарыл. Ушул өңдүү эле фразеологиялык калькалар да башка тилдин семантикалык

талаасына киргенде анын колдонулуу жыштыгы, башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгү, синонимдик, антонимдик жана деривациялык байланыштардын системасы өзгөрүүлөргө учурашын да семантикалык ассимиляция катары мүнөздөө абзел. Маселен, golden age фразеологиялык калькасы да “өнүгүү, гүлдөө” жалпы маанисине байланышкан лексемалар менен сөз айкаштарынын семантикалык талаасына кирген.

Жыйынтыктап айтканда, лексикалык кабыл алуунун ассимиляциянын жогоруда талдоого алынган төрт аспектисинин ичинен үчөө фразеологиялык калькаларга мүнөздүү эмес деген бүтүмгө келебиз. Бирок фразеологиялык айкаштардын семантикалык ассимиляцияга учуроосуна байланышкан маселелер ушул өңдүү маселелер менен эле чектелип калбайт. Анткени башка тилден калькаланган фразеологиялык айкаштардын кабыл алынган тилге ыңгайланышы өз кучагына проблемалардын бүтүндөй катарын камтыйт. Маселен, чет тилиндеги фразеологизмдин башка тилде алгач ирет которулушу ал тилде жаңы фразеологиялык бирдиктин пайда болушун түшүндүрбөйт. Себеби жаңы тилдик туюнтма фразеологизмдерге мүнөздүү болгон туруктуулуктун көрсөткүчтөрүнө ээ болуусу шарт: колдонулуу туруктуулугу, лексикалык курамынын туруктуулугу, фразеологиялык маанисинин турукташы, морфологиялык туруктуулугу, семантикалык жактан татаалданышы, лексикалык курамынын варианттуулугу, синтаксистик структурасынын өзгөрүлбөстүгү [Кунин А.В. Курс фразеологии современного английского языка. – М.: Высшая школа, 1996. – 381-б.]. Аталган белгилер болгондо гана тилде жаңы фразеологиялык бирдиктин кабыл алынгандыгын айтууга болот. Башкача айтканда, фразеологиялык кабыл алуулар сөзсүз түрдө реципиент тилде фразеологизация процессинен өтүү менен коштолушу керек. Мында өздөштүрүлүп жаткан бирдиктин түп нуска тилде кандай тилдик бирдик болгондугу маанилүү эмес, б.а., кабыл алынган тилдик бирдик түп нуска тилде фразеологизм, сөз айкашы, же болбосо морфологиялык жактан татаал сөз болушу мүмкүн.

Акыркы изилдөөлөрдө формага багытталган ассимиляциянын натыйжасында кабыл алынып жаткан сөз тезирээк адаптациялана тургандыгы, ошондой эле ассимиляциянын фономорфемалык деңгээли адаптациянын ийкемдүү жолу экендиги баса белгиленет [Кожевникова 2011: 127]. Маселен, А.А. Реформатский чет тилдеринен кирген сөздөрдүн кабыл алууу, баарынан мурда, аларды кабыл алып жаткан тилдердин грамматикалык жана фонетикалык мыйзамдарына баш ийдирилишине байланыштуу экендигин айткан [Реформатский 1996: 103]. Ал эми айрым тилчи-окумуштуулар тилдик каражаттардын кабыл алынган тилде өздөштүрүлүүсүндө лексика-семантикалык ассимиляцияга басым жасашат. Мындай көз караштын жактоочуларынын бири В.П.Секирин: “кабыл алынган лексиканын семантикалык жактан ыңгайлашып, турукташуусу, биринчи кезекте, анын сөз жасоодогу өнүмдүүлүгүнүн, төл лексикага мүнөздүү сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгүнүн жана кабыл алынган тилде ар кандай семантикалык өзгөрүүлөргө учуроосунун көрсөткүчү болуп эсептелет” деген пикирди карманат [Секирин 1964: 83-85]. Ал эми окмуштуу С.В. Мухин фразеологиялык бирдиктердин кабыл алынган тилде өздөштүрүлүп, турукташышына карата “ассимиляция” терминин ордуна, “натурализация” деген терминди колдонгон [Мухин, 2007].

Тилдик кабыл алуунун кабыл алынган тилде ыңгайлашуу процессин изилдөөгө алган окумуштуулар бул процессти ар кандай стадияларга бөлүп талдоого алышкан. Алардын ичинен В.М.Аристова тилдик кабыл алуу процессин бүтүн диалектикалык процесс катары кароо менен, бул процессте тилдик эки система өз ара аркетке кирерин жана анын үч стадиясы бар экендигин белгилеген. Биринчи стадия тилдик каражаттын башка тилге кирүүсү катары мүнөздөлөт. Бул стадияда көпчүлүк тилдик каражаттардын түп нуска тилдеги турпаты сакталган болот. Андыктан аны фонема-графемалык каражаттар аркылуу туюндурулушунда варианттар чыгуусу ыктымал. Мындай варианттар айтылышы менен андагы акценттик өзгөчөлүктөрдө да болот. Бул өзгөчөлүктөр аракетке кирген эки тилдин системаларындагы бөтөнчөлүктөр аркылуу түшүндүрүлөт. Бул жагынан алганда,

тилдик каражаттын башка тилден реципиент тилдин системасына кирүүсүнүн эң кыска жана натыйжалуу болуусу ал тилдик каражаттын кабыл алынган тилде толук синониминин, ага жакын түшүнүктөрдүн бар экендигине байланыштуу болсо, ал эми узак жана натыйжасыз болуусу тил каражатынын бөтөн маданияттын, элдин релийлерин туюндуруусуна байланыштуу.

Экинчи этап реципиент тилге кабыл алынган тил каражатынын колдонулуу чөйрөсүнүн кеңейиши, жаңы тилдик чөйрөгө, андагы семантикалык талаага акырындап ыңгайлашуусу менен мүнөздөлөт.

Үчүнчү этап В.М. Аристова тарабынан тилдик каражаттын кабыл алынып жаткан тилдин нормасына толук баш ийиши, ошондой эле ал тилдеги башка тилдик каражаттар менен семантика-грамматикалык толук кандуу аракетке кирүүсү катары бааланат.

Л.П. Ефремов бир тилге башка бир тилден тилдик элементтин киришинин эки этабын: кабыл алууну жана кабыл алуунү бөлүп көрсөтөт. Кабыл алууну окумуштуу кыска мөөнөттө ишке ашуучу процесс катары мүнөздөсө, ал эми тилдик каражаттын өздөштүрүлүүсү узак мөөнөттү талап кылуу менен, акырындап ишке аша тургандыгын айтат. Мындай пикирге окумуштуу А.П.Майоров дагы кошулуу менен, кабыл алууну кептик факты катары карайт, б.а., жеке кепте башка тилдердин элементтеринин адаптацияланбастан “чийки материал” катары колдонуусу кабыл алуу катары бааланса, ал эми ошол кабыл алынган тилдик каражаттын тилдик системага кирип, ыңгайлашуусун кабыл алуу катары карайт. Ошол эле учурда аты аталган окумуштуу тарабынан сөз болуп жаткан эки процесс ажырагыс биримдикте экендиги да белгиленген. Экинчи процесстин жыйынтыгын кабыл алынган сөздүн реципиент тилге туруктуу колдонулушунан жана кеңири тамыр жайышынан, сөз жасоо системасындагы өнүмдүүлүгүнөн көрүнөрүн да кошумчалаган. Ал эми окумуштуу Э.М. Дубенецтин пикиринде, тилге жаңы кабыл алынган лексикалык бирдик социализациянын бир нече этабынан өтүүдөн соң лексикализацияланууусу (тилге биротоло турукташышы) керек [Дубенец 1991: 90]. Бул окмумуштуу тарабынан колдонулган “социализацияланyy” деген түшүнүктү

айрым окумуштуулар “адаптация” деп аташат. Маселен, Л.П.Крысин адаптация процессин беш этапка бөлөт:

1) башка тилден кирген сөздүн тексте өзүнүн алгачкы орфографиялык, ал эми оозеки кепте фонетикалык жана грамматикалык турпатында колдонулушу;

2) сөздүн ал кабыл алынып жаткан тилге ыңгайлашуусу;

3) кабыл алынып жаткан сөздүн адатта берилүүчү комментарийлерден арылуусу, б.а., ал сөздүн башка тилден кабыл алынгандыгынын изинин билинбей калуусу;

4) сөздүн жанрдык, стилдик жана кырдаалдык бөтөнчөлүктөрүнүн жоголуусу; 5) сөздүн кабыл алынып жаткан тилдин түшүндүрмө сөздүгүнө киргизилиши.

Кабыл алуу процессинин табиятын аныктоого багытталган көз караштардагы өзгөчөлүктөрдү жана анын этаптарына карата айтылган окумуштуулардын жогоруда айтылып өткөн пикирлерин эске алуу менен, орток пикир катары тилдик кабыл алуунун төмөндөгүдөй негизги этаптарын белгилөөгө болот:

1) башка тилден кирген сөздүн өзүнүн баштапкы орфографиялык, фонетикалык жана грамматикалык турпатында колдонулушу;

2) башка илден кирген сөздүн транслитерация же транскрипция жолу аркылуу ал кабыл алынып жаткан тилдин системасына ыңгайланышы;

3) морфологиялык жактан тиешелүү өзгөрүүгө учураган сөздүн кабыл алынып жаткан тилдин грамматикалык системасына кириши;

4) кабыл алынып жаткан сөздүн баштапкы семантикалык маанисинин толук же жарым-жартылай жоголуусу, кабыл алып жаткан тилдин системасынын таасири астында сөздүн маанисинин тарышы же кеңейиши;

5) кабыл алынган сөздүн кабыл алып жаткан тилдин сөздүктөрүндө катталышы.

Окмуштуулардын басымдуу көпчүлүгү чет тилинен тилдик каражаттар түздөн-түз оозеки жол менен, ошондой эле басма, электрондук басылмалар, адабият жана документтер аркылуу жазуу формасында кире тургандыгын баса белгилешет. Ал эми тилдик кабыл алууну колдонуунун лингвопрагматикалык зарылдыгын аныктаган себептер катары төмөндөгүлөр белгиленип жүрөт. Маселен, мындай себептерге:

- чет тилдеринен кабыл алынган лексиканын түшүнүктү так, таасын жана жеткиликтүү туюндурушу;
-тилдик каражаттарды үнөмдүү пайдалануу, б.а., айрым учурларда чет тилинен кабыл алынган сөздөр аркылуу бүтүндөй сөз айкаштары же сүйлөмдөр аркылуу туюндурулуучу маалыматты жеткизүүгө болот;
-тергеп сүйлөө (эвфемизм) каражаты катары кызмат кылат;
-төл лексикага салыштырмалуу нейтралдуу, же тескерисинче, боёктуу тил каражатынын кызматын аткарат;
-төл лексикага мүнөздүү тилдик каражаттарга салыштырмалуу субъектилер тарабынан көбүрөөк тандалып колдонушу, б.а., илимий же китептик тил каражаттарынын бөтөнчөлүктөргө ээ экендигине карап адамдар тарабынан колдонулушу сыяктуу жагдайларды киргизүүгө болот.

Бул себептерди терминдик планда туюндуруу үчүн окумуштуулар тарабынан ар кандай, маселен, “кабыл алуу” (Л.П.Крысин), “кабыл алуу” жана “сиңирүү” (О. С. Ахманова), «акклиматизация» (Ж. Багана, Е.В.Бондаренко), «ассимиляция» (М. А. Брейтер), «эволюция» (В. М. Аристова) өңдүү терминдик атоолор колдонулуп жүрөт. Ушул сыяктуу эле тил илиминде тилдик кабыл кабыл алуунун бирдиктүү классификациясы да жок. Ал эми чет тилинен кабыл алынган лексика формасына, реципиент тилде турукташуусуна, анда пайда болуу мезгилине, кызмат аткарышына ошондой функционалдык, стилдик бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу каралат.

1.4.Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык жактан ыңгайлашуусу

Чет тилинен кабыл алынган лексиканын адаптацияланышы багытында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө тилдик каражаттардын формалдык жана лексика-семантикалык өңүттөн кабыл алуунун бири-бирине дал келүүсүнө карата ар кандай пикирлер айтылат. Айрым изилдөөчүлөр башка тилдин каражаттарын кабыл алууда жетектөө ролундагы багыт катары лексика-семантикалык планда кабыл

алуунү эсептешип, ал эми анын жыйынтыгы, кошумча белгиси катары формалык жактан ыңгайлашууну эсептешет. [Крысин Л.П.,1968; Забавников Б.Н., 1966]. Ал эми окумуштуулардын башка бир тобу жогоруда айтылган пикирге карама-каршы пикирди тутунушат. Маселен, Л.П. Ефремов (1957) фонетикалык ассимиляцияны тилдик кабыл алуунун негизги шарты катары кароо менен, лексика-семантикалык адаптациянын башкы өбөлгөсү деп эсептеген. Биздин пикирибизде, фонетикалык же лексика-семантикалык адаптация процесстерин бирин экинчисинен бөлүп, же болбосо бирин башкы, жетектөөчү, ал эми экинчисин жардымчы, кошумча фактор катары балоого болбойт. Анткени тилдик кабыл алуу процесси мыйзамченемдүү кубулуш катары өзүнүн кучагына бири экинчисин шарттаган, толуктаган тилдик жана тилдик эмес факторлордун бүтүндөй катарын камтый тургандыгы талашсыз. Маселен, тилдик кабыл алуудагы фонетикалык адаптация башка тилден кирген сөздөр реципиент тилдин системасына кирүү менен, төмөндөгүдөй өзгөрүүлөргө учурашы ыктымал: сөздүн фонемалык структурасы реципиент тилдин тыбыштык системасына ылайык өзгөрүүсү жана мунун натыйжасында сөздүн реципиент тилдин нормаларына ылайык муундук жана акценттик структурасы да кошо өзгөрүүлөргө учурайт.

Тилдик каражаттардын тыбыштык турпатынын реципиент тилдин нормаларына карай өзгөрүүсү башка тилдер менен карым-катнашка кирген бардык эле тилдерде байкалат. Маселен, мындай жагдайга байланыштуу Ж. Свит [G. Sweet 1970:172] төмөндөгүдөй пикирин айткан: “Башка элдер тарабынан ачылып жаткан жаңы ачылыштар, табылгалар ошондой эле чет өлкөлөрдөн келген товарлардын аталыштары аркылуу кирген жаңы сөздөр калктын калың катмары тарабынан активдүү колдонула баштаганы менен, алардын айтылышында айрым бир каталар орун алып калышына байланыштуу тилдик фактыларды кездештирип жүрөбүз”. Буга байланыштуу Л.П. Крысин эки учурду: биринчи учур катары фонематикалык субституцияны жана тилдик каражат кабыл алынып жаткан тилдин фонемалык каражаттары аркылуу берилишине байланыштуу айтылган фонетикалык жактан кабыл алуу учурун бөлүп кароо зарыл экендигин айтат. Бирок тилдик кабыл алуу

процессинин аркасында сөздөрдүн фонемалык жактан бири-бирине шайкеш келген же келбеген учурлары аларды салыштыруу аркылуу гана ишке ашырылат. Тилдердин тыбыштык системаларынын, ошондой эле алардагы системалуу мүнөздөгү релеванттуу белгилердин шайкеш келбеген учурларга байланыштуу чет тилдеринен кирген сөздөрдүн фонетикалык жактан адаптацияланышы тоскоолдуктарга учурайт. Жыйынтыгында түп нуска тилдеги тилдик каражат менен анын реципиент тилде кабыл алынган варианттардын ортосунда салыштырмалуу гана жакындык бар экендигин көрүүгө болот. Мындай тыбыштык жактан болгон жакындыктар туруктуу жана туруктуу эмес мүнөздү алып жүрүүлөрү мүмкүн. Туруктуу мүнөздөгү фонемалык адаптация кабыл алынып жаткан тилде “бөтөн” фонеманын реципиент тилде инвариантынын пайда болуусу менен коштолсо, экинчи учур кабыл алынып жаткан тилдик каражаттардагы фонемалардын реципиент тилдин ар кайсы фонемалары аркылуу жүрөт, мунун натыйжасында кабыл алынган бир эле сөздүн ал кабыл алынган тилде бир нече варианттары пайда болуусу ыктымал [Тимофеева Г.Г., 1992].

Сөздүк деңгээлдеги тилдик кабыл алуунун кабыл алынган тилге адаптацияланышын изилдөөдө сөздөрдүн оозеки же жазуу жолу аркылуу киргендигин эске алуу шарт. Сөздөрдүн жазуу жолу аркылуу кабыл алынышына салыштырмалуу оозеки жол аркылуу кабыл алынышында алар өзгөрүүлөргө көбүрөөк учурайт. Мындай өзгөчөлүктү сөздөрдүн угууга негизделип кабыл алынышына байланыштуу түшүндүрүүгө болот. Тагыраак айтканда, чет тилинен кирген сөздөрдүн айтылышы кабыл алынып жаткан тилдеги тыбыштык жактан аларга жакын сөздөргө окшоштурулуп айтылат. Алардын ортолорундагы акустикалык жактан болгон окшоштуктар маанилик кандайдыр бир ассоциацияларга негизделген болот.

Фонетикалык адаптация процессинин бачым жүрүшүнө кабыл алынган сөздүн тилдик карым-катнаштын тигил же бул чөйрөлөрүндө таралышы да таасирин тийгизет. Чет тилинен кабыл алынган сөз канчалык кенен жана жыш колдонулса, ал ошончолук өзүнүн этимонунан алыстайт.

Чет тилдеринен кирген сөздөрдүн фонетикалык өңүттөн ар тараптуу изилдениши, эреже катары, диахрондуу лингвистиканын изилдөө предмети болуп саналат. Ошол эле маалда айрым жеке мүнөздөгү маселелердин жалпыланышы аларды синхрондуу өңүттөн сыпатталышын талап этет. Анткени чет тилдеринен кирген сөздөрдүн синхрондуу өңүттөн каралышы тилдин өнүгүүсүнүн ар бир конкреттүү этабында алардын бардык компоненттеринин формалдуу структураларынын тилдик жаңы шарттарда кызмат аткаруусу туурасындагы маалыматтарды системалоого мүмкүндүк түзөт [Колесникова М.С., 1986]. Ушул жагынан алып караганда, чет тилдеринен кирген сөздөрдүн ретроспективдүү планда өзгөрүүлөргө дуушарланышын жана өнүгүү перспективасын изилдөө үчүн аларды динамикалык, ошондой эле синхрондук жана нормативдик өңүттөн иликтөө маанилүү [Бондаренко Л.В., 1981:4; Горбачевич К.С., 1978:5]. Себеби изилдөөнүн мындай өңүтү чет тилдеринен кирген сөздөрдүн тышкы турпатына болгон схемалык, формалдуу жана консервативдүү мамилени жокко чыгаруу менен, анын кабыл алынып жаткан тилге ыңгайланышына шарт түзөт. Андыктан тилдик кабыл алуу изилдөөнүн синрондук жана диахрондук өңүттөрүнүн катышын эске алуу зарылдыгын талап кылган тилдик кубулуш экендигин эстен чыгарбоо зарыл. Маселен, изилдөөнүн диахрондук өңүтүн чет тилдеринен кирген сөздөрдүн этимологиялык мүнөздөмөсүнө байланыштуу маселелер аныктайт жана сөз болуп жаткан өңүт кабыл алынган сөздөрдү изилдөөнүн ажырагыс компоненти катары эсептелет. Ошону менен бирге изилдөөнүн аталган өңүтү кабыл алынган сөздөрдүн реципиент тилдин системасы менен болгон көп пландуу өз ара карым-катнашын аныктай тургандыгы да белгилүү. Ал эми чет тилдеринен кирген сөздөрдүн реципиент тилге фонетикалык жактан ыңгайлашуусунда түп нуска тилдин таасири негизги фактор катары эсептелбесе да, өздөштүрүлүп жаткан сөздүн сырткы турпатына белгилүү өлчөмдө өз таасирин тийгизбей койбойт. Ошол эле маалда түп нуска тилдин бөтөнчөлүктөрү кабыл алынган сөздөрдүн турпатынан байкала бербейт, анткени сөздөр реципиент тилдин таасири аркасында бир топ өзгөрүүлөргө учурашы ыктымал. Бирок айрым бир фонетикалык жана

морфологиялык белгилер аркылуу кабыл алынган сөздөрдүн булагын аныктоо мүмкүнчүлүктөрү да жок эмес. Маселен, немис тилинен кабыл алынган сөздөргө [шт] [хт] (штопор, шахта) тыбыштарынын айкашып келүүсү мүнөздүү болсо, англис тилинен кабыл алынган сөздөргө бол, -инг морфемалары мүнөздүү келет(футбол, маркетинг).

Реципиент тилге чет тилдеринен сөздөр эки жол аркылуу өздөштүрүлөт: биринчи жолу – түп нуска тилден түз кабыл алуу; экинчиси – ортомчу тилдер аркылуу кабыл алуу. Мындай факт өзгөчө көңүл бурууну талап этет. Себеби реципиент тилге сөздөр ортомчу тилдер аркылуу өтсө, анда түп нуска тил эмес, ортомчу тил сөздөрдүн реципиент тилде адаптацияланыш процессине таасир тийгизет. Мисал иретинде англис тилиндеги jockey сөзү алгач француз тилине өздөштүрүлүп, андан соң англис тилине өткөндүктөн аталган сөздө басым акыркы муунга түшүп айтылат. Мындай жагдайлар конкреттүү бир тилдеги башка тилден кирген элементтердин изилденишинде историзм приинцибинин сактоо зарылчылыгы аркылуу түшүндүрүлөт. Чет тилдеринен кирген сөздөрдүн тыбыштык формасынын динамикасын изилдөөнүн тарыхый перспективасын эске алуу реципиент тилдин системасы менен ар кандай тилдердин өз ара карым-катнашка кирүүсүндө актуалдашат, анткени алардын ортосундагы генетикалык байланыштын болуусу же, тескерисинче, болбоосу да тилдик кабыл алуу процессинде маанлүү фактор болуп калуусу талаш туудурбайт [Колесникова М.С., 1986]. Мындан тышкары тилдик кабыл алуу процессинин этимологиялык аспектисине таасирин тийгизген тышкы, экстралингвистикалык факторлордун катарына саясий, маданий жана соода байланыштарын да киргизүүгө болот. Андыктан конкреттүү бир тилдеги чет тилдеринен кирген сөздөрдүн этомологиясын изилдөөдө сөзсүз анын башка тилдер менен болгон карым-катнашынын тарыхын да эске алуу шарт.

II БАП. Кабыл алынган сөздөрдүн изилдөө методдору

2.1. Изилдөөнүн материалы

Изилдөөнүн методдору жана методологиясы. Англис тилдеринен кабыл алынган лексиканын фонетикалык түзүлүшүндөгү негизги компоненттерди изилдөөдө **сыпаттама**, **системалык анализ,** салыштырма-типологиялык, социолингвистикалык анализ, **лингвостатистикалык эсеп методдору жана ык-амалдары колдонулду.** Атап атканда, салыштырма-типологиялык методдун негизинде кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, тагыраак айтканда, акценттик структурасынын мүнөздөмөсү анын англис тилиндеги прототиптерине салыштырылып иликтөөгө алынды. Ошондой эле социолингвистикалык анализ аркылуу ар кандай социалдык топтордун кебиндеги кабыл алынган сөздөргө коюлуучу басымдын позициялык мүнөздөмөлөрү аныкталды. Изилдөөдө эксперименталдык материал лингвостатистикалык методдун жардамы менен сандык катыш өңүтүнөн талданып, **илимий мүнөздөгү жыйынтык, тыянактар иллюстративдик, тилдик материалдарга таянуу аркылуу чагылдырылды.**

Изилдөө ишинин материалдары катары кыргыз тилине англис тилинен оозеки жол аркылуу кабыл алынып, адаптацияланган жана кептин ар кандай стилдеринде пайдаланылган сөздөр эсептелет. Талдоого алынган материалдардын басымдуу бөлүгү массалык-маалымат каражаттарынан алынгандыгын да белгилөө зарыл: көрүүчүлөр менен угармандардын кеңири чөйрөсүнө багытталган теле жана радио берүүлөр (жаштарга арналган программалар, маалымат жана кабар блоктору, белгилүү бир илимий темага арналган программалар), ошондой эле ар кандай кесиптеги жана курактагы кыргыз тилин алып жүрүүчүлөрдүн күнүмдүк оозеки кебинен теориялык материалдардын мазмун-маңызына ылайык үзүндүлөр алынды.

Эксперименталдык-салыштырма анализдин негизинде кыргыз тилине англис тилинен кабыл алынган 400 дөй сөз иликтенди.

Изилдөөнүн **обьектиси** - кыргыз тилинде сүйлөөчүлөрдүн англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү.

Изилдөөнүн **предметин** англис тилинен оозеки жол аркылуу кабыл алынып, адаптацияланган жана кептин ар кандай стилдеринде пайдаланылган сөздөр түздү.

Кыргыз тилине англис тилинен кирген сөздөрдүн (мындай сөздөрүн катарына классикалык англис тилинен гана эмес анын америкалык, канадалык жана австралиялык улуттук варианттарынан кирген сөздөрдү да киргизебиз) кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн арасында белгилүү деңгээлде тенденциялык мүнөзгө өтүп бараткандыгы байкалат. Мындай тенденция, биринчи кезекте, англис тилинин эл аралык тил катары, башка элдер менен катар, кыргыз элинин да коомдук жашоосунун ар кандай чөйрөлөрүндө колдонулуу зарылчылыгынын күн санап артып бараткандыгы менен түшүндүрүлөт. Өзгөчө мындай көрүнүш жаш курактагы коом мүчөлөрүнүн арасында ачык байкалат. Мындай тилдик тенденциянын негизги өбөлгөлөрүнө массалык-маалымат каражаттарынын таасири астында кыргыз улутундагы адамдардын аң сезимдеринде башка маданиятка мүнөздүү реалийлердин, образдарынын чагылышын жана акырындык менен киришин, мындан тышкары жаңы түшүнүктөр, кубулуштар менен түздөн-түз таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн киргизүүгө болот.

Тилдик кабыл алуунун бардык тилдер үчүн бирдей мүнөзгө ээ болгон көрүнүшү болуп башка сөз түркүмдөрүнө караганда зат атооч сөздөрдүн кабыл алуунун басымдуулугу эсептелет. Белгилүү болгондой, дээрлик баардык тилдердин сөз түркүмдөр системасында зат атооч борбордук орунду ээлөө менен, семантикалык сыйымдуулугу, структура-морфологиялык жана сөз жасоо мүнөздөмөлөрүнүн бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат. Зат атооч сөздөрдүн ушул өндүү бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу биз изилдөө ишибизде кабыл алынган сөздөрдү иликтөөдө зат атооч сөздөргө басым жасалганын белгилемекчибиз. Анткени зат атооч сөздөр сын атоочтор менен этиштерден айырмаланып кыргыз тилине өздөштүрүлүүдө өздөрүнүн тышкы турпатын мүмкүн болушунча сактап калуу өзгөчөлүгүнө ээ. Ал эми жогоруда сөз болгон сын атоочтор менен этиштер морфологиялык субституцияга көбүрөөк дуушарлана тургандыгы далилденген. Мындай тенденция англис тилинен түз кабыл алынган сын атооч сөздөр менен

этиш сөздөргө, ошондой эле реципиент тилге кабыл алынган туунду сөздөргө да мүнөздүү экендигин белгилөөгө болот. Айрым учурларда кабыл алынган сөздөрдөн туунду сөздөрдүн пайда болуу өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болот. Бирок айрым учурларда сөздөрдүн өздөштүрүлүү учурун катталып калган жазма булактын жоктугунан улам, ал сөздөрдүн реципиент тилге өздөштүрүлүү хронологиясын калыбына келтирүү дээрлик мүмкүн болбой калат. Көпчүлүк учурларда зат атооч жана сын атооч сөздөр дагы сөздүктөрдө кабыл алынган жаңы сөздөр катары берилип жүрөт [Кравченко С.Ю., 2000:40]. Аталган сөз түркүмдөрү кыргыз тилинде бир катар өзгөчөлүктөр аркылуу туюндурулат. Айталы, этиштер, негизинен, -лоо, - руу,-лөө аффикстеринен жардамы аркылуу уюшса, ал эми сын атоочтор - дуу, -луу, -уу аффикстеринин жардамы менен жасалат.Кабыл алынган сөздөрдүн морфологиялык структурасы менен катар, алардын фонетикалык турпаты да өзгөрүүгө учурайт. Маселен, жогоруда көрсөтүлүп өткөн аффикстердин уланышы менен, кыргыз тилине англис тилинен кабыл алынган сөздөрдөгү басым системасы да өзгөрөт. Тагыраак айтканда, мындай мүчөлөр басымды өзүнө же өзүнүн алдындагы муунга тартуу касиетине ээ экендиктери да маалым. Анткени башка түрк тилдериндей эле кыргыз тилинде да, айрым бир учурларды эске албаганда, басым сөздүн акыркы муунуна түшөт. Демек, англис тилинен кабыл алынган этиш жана сын атооч сөздөрдүн позициялык мүнөздөмөлөрү басымдуу көпчүлүк учурларда кыргыз тилинин акцентологиялык эрежелерине туура келет: to scan -> сканерлөө (сал. зат.ат. 'сканер), jeans — джинсылуу. Бирок мындай тенденция бардык учурларда сактала бербейт (компь'ютер -» компьютерлуу, кап'рон -> кап'рондуу). Кашаанын ичинде берилген сөздөрдөгү басым зат атооч сөздөрдүн кайсы муунуна түшсө, сын атооч сөздөрдө да ошол калыбында сакталды.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, биздин изилдөө ишибиздин материалын англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынып, кыргыз тилинин ар кайсы стилдеринде, басымдууракак сүйлөшүү жана илимий стилдерде адаптацияланган формада колдонулган эки же андан ашык муундан турган сөздөр түздү. Тагыраак

айтканда, изилдөө ишибиздин объектиси катары 400 лексикалык бирдик алынып, иликтенди. Алардын ичинен кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн кебинде активдүү колдонулуу мүнөзүнө ээ деп табылган 196 бирдиктин позициялык мүнөздөмөлөрү талдоого алынгандыгын да белгилеп өтүү зарыл.

Тиркеме-сөздүккө кирбей калган чет тилдеринен кирген бир муундан туруп сейрек колдонулган, терминдик маанидеги сөздөрдүн катарынан окказионализм сөздөр орун алып, англицизмдерди фонематикалык планда изилдөө үчүн материал катары алынды. Мындан тышкары изилдөө ишибизде соңку жылдарда кыргыз тилине чет тилдеринен кабыл алынып, бирок алардын айтылышына карата акцентуациянын так эрежелери иштелип чыга элек сөздөр кызыгуу жараткандыгын кошумчалап кетүүгө болот. Кабыл алынган бир катар сөздөрдүн биздин изилдөө ишибизге, тагыраагы, анын тиркеме-сөздүгүнө кирбей калышын иште коюлган конкреттүү максаттарга байланыштуу түшүндүрмөкчүбүз. Ал эми иллюстрациялык мисалдардын тандалып алынышынын негизги принциби кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын позициялык мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу аныкталды. Ушул негизден улам, ишибизде чет тилинен кабыл алынып, колдонулуу чөйрөсү чектелүү, башкача айтканда, автордук индивидуалдык деңгээлде колдонулган оккозионализм сөздөр талдоого алынган жок. Мындай сөздөргө жаштардын тилиндеги сленгдер, же болбосо айрым бир ырлардын тексттеринде орун алган сөздөр, же болбосо азыркы басма продукцияларда, телеберүүлөрдө кездешкен окказионализмдер кирет. Ушул сыяктуу эле изилдөө ишибизде атайын адабияттарда гана кездешүү менен, колдонулушу кеңири чөйрөнү камтыбаган спецификалык илимий терминдердин изилдениши да орун алган жок. Тескерисинче, изилдөөнүн объектиси катары колдонулуу чөйрөсү салыштырмалуу кеңири массага тараган лексикалык бирдиктер тандалып алынды. Дегеле, кабыл алынган сөздөр колдонулган бардык стилдик чөйрөлөрдү камтуу ишибиздин максаты катары коюлбагандыгын баса белгилемекчибиз. Ошондой болсо дагы ишибизде иликтөөгө алынган тилдик каражаттардын колдонулуу

чөйрөсүнө карай төмөндөгүдөй стилдик чөйрөлөргө жана лексикалык катмарларга мүнөздүү экендигин көрсөтүүгө болот:

Коомдук-саясий лексика:

импичмент, узурпация, спикер, брифинг, истеблишмент, сейш(е)н, саммит.

Техникалык терминдер:

пейджер, ксерокс, компактдиск (Си Ди), плеер, миксер, комбайн, чейнджер.

Компьютердик лексика:

интернет, интерфейс, модем, ноутбук, принтер, провайдер, джойстик, картридж, драйвер, сервер, хакер, хардвер, пентиум, лаптоп.

Экономикалык лексика:

менеджер, маркетинг, консалтинг, ноу-хау, офф-шор, риэлтер, дисконт, дилер, брокер, рекрутинг, дефолт, холдинг, мониторинг.

Спорттук лексика:

гандикап, нокаут, нокдаун, спарринг, маунтингбайк, скейт(борд), серфинг, бодибилдинг, батерфляй, фальстарт.

Музыкалык лексика:

саундтрек, хали-гали, рок-н-ролл, буги-вуги, мюзикл, ремикс, хард-рок, спиричуэл.

Транспорттук каражаттар:

пикап, боинг, лайнер, скутер, катер, минивен, багги, автокар, багги, багаж, хайвей, тюнинг

Бизнес чөйрөсүндөгү лексика:

бизнес, продюсер, кастинг, клип, клипмейкер, стриптиз, имиджмейкер, блокбастер, мейк-ап, ток-шоу, шоу-бизнес, шоумен, дансинг, экшн, сталкер. ВИП (Ви Ай Пи), секс-шоп, пати

Орток лексика:

тинейджер, дайджест, супермаркет, пикули, поп-корн, секонд-хенд, постер, бестселлер, бикини, памперс, сендвич, спонсор, бармен, коктейль, джемпер, бриджи, бекон, джинсы, шоппинг, уик-енд, йогурт, хайп, скрин,

Жогоруда аталган сөздөрдүн массалык-маалымат каражаттарынан алынгандыгын айта кетүү зарыл. Атап айтканда, көрүүчүлөр менен угармандардын кеңири чөйрөсүнө багытталган теле жана радиоберүүлөрдө: жаштарга арналган программаларда, маалымат блокторунда, саясий билдирүүлөр менен программаларда колдонулган лексикалык каражаттар тандалып алынды. Тандоонун мындай мүнөзү биздин ишибизде коюлган максатка ылайык аныкталды, башкача айтканда, бизди вербалдык тексттердин курамындагы кабыл алынган сөздөрдүн оозеки кепте айтылуу өзгөчөлүктөрү кызыктыргандыктан, массалык-маалымат каражаттарынын гезиттик, журналдык же басма продукциянын башка түрлөрү талдоого алынган жок. Ал эми изилдөөнүн объектиси катары массалык-маалымат каражаттарында орун алган оозеки кептен алынган тилдик материалдар катары ар кандай мазмундагы берүүлөрдү угууда алардагы чет тилдеринен кирген, атап айтканда, тандоо жолу аркылуу жазылып алынган англис тилинен кирген сөздөр эсептелет. Тандалып алынган сөздөрдүн реестри сөздөрдүн жалпы корпусуна киргизилип, бул сөздөрдүн негизги бөлүгүнө социолингвистикалык өңүттөн анализ жүргүзүлдү. Бул анализдин жыйынтыгы менен кабыл алынган лексикалык бирдиктердин айтылышынын рекурренттүү варианттары аныкталды. Иште кабыл алынган сөздөрдү тандап алууга багытталган процесстин өзү сыпатталбай, анын жыйынтыктары гана көрсөтүлдү. Мындан тышкары кыргыз тилинде сүйлөгөн адамдардын күнүмдүк сүйлөшүү кебиндеги айрым үзүндүлөр талдоонун объектиси болгондугун да белгилеп кетүүгө болот.

2.2. Изилдөөнүн негизги методдору

XXI кылымдагы тил илиминин өзгөчөлүгү анда тил, биринчи кезекте, социалдык кубулуш каралгандыгында жатат. Социолингвистикадагы багыттардын бири катары эсептелген сурамжылоо жолу аркылуу биздин изилдөө ишибизде англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн лексикалык, фонетикалык, сөз жасоочу жана морфологиялык варианттарынын функционалдык, ошондой эле социалдык жактан жиктелүү бөтөнчөлүктөрүн аныктоо аракеттери жасалды. Аталган багыт үчүн кабыл алынган сөздөрдүн айтылышындагы өзгөрүүлөр өзгөчө маниге ээ. Кабыл алынган сөздөрдүн айтылуу өзгөчөлүктөрү адамдардын адабий тилдин нормаларына ылайык сүйлөй алуусу же анын кебинде оозеки сүйлөшүү стилине мүнөздүү белгилердин болуусу, билимдүүлүгү жана билимсиздиги сыяктуу бир катар тышкы факторлорго байланыштуу өзгөрүүлөргө учуроосу ыктымал. Ушул өңдүү социалдык мүнөздөгү факторлордун кабыл алынган сөздөрдүн айтылышына тийгизген таасирлерин иликтөөгө алуу менен М.Я. Гловинская төмөндөгүдөй тыянактарга келгендигин келтире кетүүгө болот:

1) кабыл алынган сөздөрдүн айтылышындагы өзгөчөлүктөр, биринчи кезекте, курактык жана социалдык-кесиптик факторлорго көз каранды;

2) кабыл алынган сөздөрдүн айтылыш варианттарынын тандалышында билим деңгээли, аймактык бөтөнчөлүктөр, үй-бүлөдөн алган таасир, радио угуунун таасири өңдүү социалдык факторлордун таасири салыштырмалуу төмөнүрөөк.

Биздин изилдөө ишибиздин алкагында да жогоруда аталып өткөн социалдык факторлордун англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн кыргыз тилинде айтылышына тийгизген таасирин аныктоо максатында бир катар социолингвистикалык багыттагы эксперименттер жүргүзүлдү. Мындай эксперименттердин объектилери катары англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган, бир нече айтылыш варианттары (акценттик варианттарын кошкондо) бар сөздөр алынды. Ал эми социалдык объектилердин милдетин кыргыз тилинде сүйлөгөн ар кандай курактагы жана кесиптеги, ошондой эле ар кайсы улуттагы адамдар аткарышты. Ушул негиздерге таянуу аркылуу информанттар: англис тили

адистигинде билим алышкан студенттер жана аталган адистиктин окутуучулары, орус тили адистигинин окутуучулары, башка тилдерге байланыштуу адистиктердин студенттери, 8-11 класстардын окуучулары, филологияга байланышпаган жогорку билими барлар, орто билимдүүлөр өңдүү топторго бөлүштүрүлгөн.

Информанттарга төмөндөгүдөй талаптар коюлган: кыргыз тилинде тез сүйлөө жана шыдыр окуу; узак убакыт аралыгында бир эле жерде жашагандыгы; окутуучулардын адистиги боюнча эмгек стажы 7 жылдан кем болуусу; бардык информанттар эне тилдерин билүүсү. Экспериментке 300 информант катышкан.

Информанттарга сурамжылоо жүргүзүү эки этап менен жүргүзүлдү. Биринчи этаптын жүрүшүндө информанттарга англис тилинен кирген сөздөрдүн тизмеси берилген. Эксперименттин талабына ылайык, алар тизмедеги сөздөрдү өздөрүнүн түшүнүгүнө жараша окуулары магнитафонго жаздырылып алынган. Эксперименттин жыйынтыгынын объективдүүлүгүн текшерүү максатында ушул эле тартиптеги эксперимент орус тилинде сүйлөгөн тилдик факультеттин окутуучулары менен студенттеринен турган топко да жүргүзүлгөн.

Экинчи этапта информанттарга анкеталар таратылып берилген. Анкета жүргүзүүнүн максаты информанттардын айрым бир социалдык мүнөздөмөлөрүн аныктоого байланыштуу болгон. Атап айтканда, алардын курагы, билими, иш орду (адистиги боюнча стажы), окуган жери, чет тилдеринде сүйлөө деңгээли, жашаган жери (бир жерде жашагандыгынын узактыгы) өңдүү факторлор эске алынган.

Эксперименттен алынган жыйынтыктарга ылайык, кыргыз лингвомаданий чөйрөсүндөгү адамдардын аң-сезиминде кабыл алынган сөздөрдүн формалдуу мүнөзгө ээ болуу тенденциялары аныкталды. Демек, чет тилинен кирген сөздөрдүн кабыл алынган сөздөрдүн катарына кирүүсүндө социализация критерийи, болгондо да тепкичтүү социализация чечүүчү ролду ойной тургандыгы аныкталды.

Белгилүү болгондой, тилдик кабыл алуу процесси ар кандай социалдык топтор тарабынан бирдей кабыл алынбайт. Орто жана улуу курактагы адамдарга салыштырмалуу жаш курактагылардын кебинде чет тилдеринен кирген жаңы

сөздөр басымдуулук кылат. Андыктан бир эле реципиент тилдин алкагында чет тилинен кирген сөз белгилүү бир курактык топтун тилине кирип, ыңгайлашып активдүү колдонулса, экинчи бир топтун мүчөлөрүнө чет тилинен кирген ошол эле сөз белгисиз болушу мүмкүн. Жыйынтыктап айтканда, курактык стратификацияны чет тилинен кирген сөздөрдүн кабыл алуунун калыптануу жолун, башкача айтканда, анын социализацияланышынын тепкичтерин аныктоо максатында жүргүзүлгөн эксперименттин маанилүү инструменти катары мүнөздөөгө болот.

III БАП. АНГЛИС ТИЛИНЕН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КАБЫЛ АЛЫНГАН СӨЗДӨРДӨГҮ ФОНЕТИКАЛЫК АССИМИЛЯЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

3.1. Англис жана кыргыз тилдериндеги вокализм системаларын салыштыруу

Иштин бул бабында, негизинен, кыргыз тилине англис тилинен кирген сөздөрдүн фонетикалык варианттарынын синхрондуу жана диахрондуу өңүттөрдөн иликтөөдөн соң алынган жыйынтыктар сыпатталган. Тандалып алынган тилдик фактылар катары англицизмдердин фонетикалык варианттары эксперименталдык өңүттөн изилдөөгө алынып, жыйынтыктары чыгарылган.

Изилдөө ишибиздин чегинде синхрония түшүнүгү тилдик кубулуштардын белгилүү бир этапта каралышына карата колдонулгандыгын эскерте кетүү зарыл. Ал эми кыргыз тилинин тилдик системасынын таасири астында англицизмдердин айтылышындагы жалпы тенденцияларды аныктоо фонетикалык кубулуштарды синхрондуу өңүттөн изилдөөнүн максаты катары коюлду.

Диахрония термини аркылуу тилдин белгилүү тарыхый этаптагы өнүгүүсү, ал-абалы, проблемалары, бир сөз менен айтканда изилдениши туюнтулуп жүрөт. Жогоруда белгиленип өткөндөй эле, изилдөө ишибизде диахрондуу өңүттөгү изилдөөлөр аркылуу да англицизмдердин айтылышындагы белгилүү бир этаптагы тенденциялар каралды.

Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн бул бапта төмөндөгүдөй милдеттер аткарылды:

-англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык варианттарынын базасын түзүү;

-аныкталган тилдик бирдиктерди морфологиялык фактордун негизинде бөлүштүрүү жана топторго бириктирүү;

-кабыл алынган сөздөргө фонетикалык анализ жүргүзүүнүн негизги критерийлерин аныктап алуу;

- англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык структурасындагы үндүүлөр, үнсүздөр жана акцентуация системаларындагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аныктоо жана илимий өңүттөн сыпаттоого алуу;
-кыргыз тилиндеги англицизмдердин фонетикалык структурасындагы үндүүлөр, үнсүздөр жана акцентуация системаларындагы өзгөрүү тенденцияларына сереп салуу;
- үндүүлөр, үнсүздөр жана акцентуация жааттарындагы соңку изилдөөлөргө таянуу аркылуу англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн айтылышындагы негизги тенденцияларды кыргыз тилине мүнөздүү тенденциялар менен салыштыруу;
-алынган жыйынтыктарды диаграммалар түрүндө көрсөтүү;

Үндүүлөрдүн артикуляциясын сыпаттоодо сүйлөө органдарынын абалын көрсөтүү да зарыл: тилдин, эриндердин, жумшак таңдай, ошондой эле ар бир үндүүнүн артикуляциялык мүнөдөмөсүн толук чагылдыруу максатында кекиртек жана үн түйүндөрүнүн катышуусун мүнөздөө да зарыл.

Үндүүлөр ооз көңдөйүнүн фарингалдуу алдыңкы жана артыңкы бөлүктөрүнүн ар кандай конфигурациялары аркылуу ар кандай үндүүлөр жасалат. Көрсөтүлгөн бөлүктөрдүн ортосундагы чек тилдин пассивдүү артикуляторлор (таңдай, кекиртектин арткы бөлүгү) менен максималдуу жакындаган абалы аркылуу аныкталат. Кеп агымынын созулушунда сөз болуп жаткан чектин абалына анын резонанстык касиеттери көз каранды болот [Кодзасов, Кривнова 2001: 56].

Үндүүлөрдүн артикуляциялык мүнөздөмөсү ооз көңдөйүндөгү сүйлөө органдарынын ээлеген позициясына байланыштуу экендиги белгилүү. Маселен, тил тыбыштардын айтылышында эки негизги багытка карай: горизонталдык жана вертикалдык абалда кыймылга келет. Андыктан үндүүлөр тилдин горизонталдык жана вертикалдык абалдарына карай да классификацияланары белгилүү.

Окумуштуу Л. В. Бондарконун пикиринде, бир катардагы үндүүлөр менен экинчи катарды түзгөн үндүүлөрдүн артикуляциялык мүнөздөмөлөрүндө физиологиялык чектер кескин айырмаланбайт. Бирок артикуляциялык типтер (алдыңкы, арткы, ортоңку жана аралаш катардагы үндүүлөрдүн артикуляциясы)

кездешкен тилдерде сөз болуп жаткан чектер даана байкалат [Бондарко 2004: 24]. Башкача айтканда, чектер дегенде тилдин ооз көңдөйүндө ээлеген позицияларын түшүнүшүбүз керек.

Тилдин үстүңкү таңдайга же жумшак таңдайга карай көтөрүлүшү үндүүлөрдүн көтөрүлүү деңгээлин аныктоо менен, аларды ачык жана жабык типтеги үндүүлөр деп бөлүштүрүлүшүнө негиз болуп берет. Ал эми үндүүлөрдү айтканда, эрин, негизинен, эки абалда: астыңкы жана үстүңкү эриндер бири-бирине жакын абалда болуп, тегерек же чормойгон жана жазылган кээде ачылган, тагыраагы, тиштер көрүнгөн абалдарда болот. Биринчи учурда лабиалдашкан, башкача айтканда, эринчил үндүүлөр жасалса, ал эми экинчи учурда лабиалдашпаган, тагыраак айтканда, эринсиз үндүүлөр жасалат. Ошондой эле үндүүлөрдүн жасалышын жаактын ачылышына карап да аныктоо салты бар. Мындай белгисине карата үндүүлөр кең жана кууш үндүүлөргө бөлүнөт. Айтылган ушул белгилерге карап үндүүлөрдүн артикуляциялык жактан кайсы катарга тиешелүү экендигине, көтөрүлүү деңгээлине, ооздун абалына карай бөлүштүрүлөт.

Артикуляциянын туруктуулугу боюнча

Кыргыз тилинде 8 кыска үндүү [а], [о], [у], [и], [ы], [ө], [ү], [э] болсо, ал эми англис тилинде үндүүлөрдүн саны – 20. Фонетистердин пикиринде, англис тилиндеги үндүүлөрдүн санынын көптүгү, аталган тилдеги үндүүлөрдүн подсистемасы эки типтүү фонемалардан тургандыгы аркылуу түшүндүрүлөт:

Атап айтканда, англис тилиндеги үндүүлөр системасы 12 монофтонгдордон: [iː], [i], [u], [uː], [e], [ə], [зː], [ɔ], [ɔː], [æ], [ʌ], [aː] жана 8 дифтонгдон: [ai], [ei], [iə],[eə],[ɔi],[ʊə],[əʊ],[aʊ] куралган. Үндүүлөрдүн минтип бөлүштүрүлүшү алардагы артикуляциянын туруктуулугуна негизделген. Монофтонгдорду таза үндүүлөр катары мүнөздөөгө болот. Анткени аларды айтууда сүйлөө органдарынын абалы салыштырмалуу туруктуу болот. Ал эми дифтонг мындай мүнөздөмөгө ээ боло албайт, анткени ал, өзүнүнүн табиятында татаал үндүү катары сыпатталат. Себеби дифтонгдордун айтылышы сүйлөө органдарынын эки башка

абалына негизделет, башкача айтканда, сүйлөө органдарынын бир абалы акырындык менен экинчи бир абалга жылышып өтүүсү аркылуу жасалат [Кодзасов С.В., Кривнова О.Ф. Общая фонетика// Кодзасов С.В., Кривнова О.Ф. – М.: 2001].

Дифтонгдун ачык, так айтылган күчтүү бөлүгүн ядро деп атоо салты бар. Ал эми басаң, сыйлыгышма бөлүгү глайд деп аталып жүрөт. Бирок дифтонг дагы монофтонг сыяктуу эле бир муунду түзөт.

С. В. Кодзасов менен О. Ф. Кривнованын оюу боюнча, дифтонгдор бир нече белгилердин негизинде классификацияланат:

-баштапкы жана акыркы элементтердин айтылыш бөтөнчөлүгүнө карата дифтонгдор төмөндөөчү жана жогорулоочу болуп бөлүнөт. Төмөндөөчү дифтонгдордун биринчи элементи көтөрүңкү айтылса, төмөндөөчү дифтонгдордун акыркы элементи көтөрүңкү айтылат;

-артикуляциялык өтүү өзгөчөлүктөрүнө карап, дифтонгдор борборлошуучу жана борборлошпоочу болуп да бөлүнөт. Борборлошуучу дифтонгдордун артикуляциясы үндүн кырааты (тембр) аркылуу мүнөздөлгөн абалдан [э] нейтралдуу үндүүгө өтүп өзгөрүүсү катары аныкталат [Кодзасов С.В., Кривнова О.Ф. 2001: 289].

Байыркы баба түрк тилинде да көп сандаган дифтонгдор кездешкендиги, бирок алар азыркы айрым түрк тилдеринде жок болуп кеткендиги айтылат. Маселен, А.В.Дыбонун пикиринде, байыркы баба түрк тилинде басымдын биринчи муунга түшүүсү, биринчи муундагы ар кандай дифтонгдордун пайда болуусуна өбөлгө түзгөн. Мындан айрым үндүүлөрдүн, атап айтканда, [jü] жана [и] үндүүлөрүнүн [ü] жана [i] кадыресе үндүүлөргө жарым-жартылай ыңгайлаша баштаганы туурасында жыйынтыкка келүүгө болот [Тенишев Э.Р.Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Фонетика- М.: Наука, 1984].

Кыргыз тилиндеги 8 кыска үндүү монофтонгдор катары эсептелет. Айрым түрк тилдерине мүнөздүү дифтонгдордун кыргыз тилинин кээ бир говорлорунда бар экендиги көпчүлүк фонетистер тарабынан тилдик факты катары каралбайт. Мындай жагдайларга байланыштуу айрым бир учурларды бөлүп көрсөтүүгө болот.

Азыркы ангис тилинде, жогоруда белгиленип өткөндөй, төмөндөөчү, б.а., биринчи элемент экинчисине салыштырмалуу күчтүү айтылган дифтонгдор бар: [au], [ai], [ei], [oʊ], [ie].

Артикуляциялык өтүү багыты боюнча борборлошуучу үч дифтонг бар: [eu], [εe], [ʊe].

Мындан тышкары англис тилинде дифтонгоиддүү мүнөздү алып жүргөн эки үндүү бар: [i:], [u:]. Л. В. Щерба тарабынан «дифтонгоид» - бул лингвистикалык жактан ажыратууга мүмкүн болбогон, кыска башталышка жана аякталышка ээ жөнөкөй тыбыш катары аныкталган. Ал эми жогоруда саналып өткөн дифтонгоиддер башталышы кең, ал эми аякталышы кууш айтылышы менен айырмаланышат. Айрым фонетистер англис тилиндеги үндүүлөрдүн подсистемасын трифтонгдордун орун алгандыгы аркылуу мүнөздөөгө аракеттенишет [Златоусова 1997: 10, Кодзасов, Кривнова 2001: 37]. Бирок аталган маселе боюнча бирдиктүү пикир жок. Адатта, трифтонгдор курамына үч элементти камтып, бир муунду түзгөн (фонетикалык жактан бүтүн) татаал үндүүлөрдү түшүндүрсө, ал эми англис тилинде трифтонгдор эки элементтүү татаал айкаштарды билдирет [Ярцева 1960: 520]. В.Н.Витомская анлис тилинде: [aɪə], [aʊə], [eɪə], [ɔɪə], [əʊə] өңдүү беш трифтонгдун бар экендигин белгилеп, бирок аталган “трифтонгдорду” сыпаттоодо алардын курамындагы эки элементти гана бөлүп көрсөткөн. Маселен, окумуштуу [aɪə] трифтонгунун биринчи элементи катары [aɪ] дифтонгун, ал эми экинчиси катары [ə] элементин атайт. Мындай жагдай, окумуштуунун пикиринде, көптөгөн адамдардын оозеки кеп агымында орточул [ɪ] тыбышы түшүрүлүп айтылып, дифтонгду [aə] турпатында айтышат.

Айрым фонетистер англис тилинде [aie] жана [aʊe] трифтонгдорунун бар экендигин моюнга алышса, айрымдары, маселен, Г. П. Торсуев англис тилинде трифтонгдор жок деген пикирди далилдөөгө аракет кылат: [aie] жана [aʊe] тыбыштык айкаш эки муунду түзүп, бул татаал үндүүлөрдүн башы жана аягы ортосуна салыштырмалуу чыңалуу менен айтылат. Биринчи элемент эң күчтүү айтылат да, андан соң сыйлыгышма артикуляция аркылуу бул чыңалуу басаңдап,

кайра үчүнчү элементте чыңалуу пайда болот. Муундук чек үчүнчү элементтин алдында болот. Окумуштуу Г. П. Торсуевдин мындай пикирине Н. Д. Лукина, Д. А. Шахбагова, A. Cohen, A. C. Gimson сыяктуу окумуштуу-фонетистер кошулушат. Алар англис тилиндеги [aie] жана [aʊe], “трифтонгдор” бар экендигин жана алар дифтонг+[э] нейтралдуу үндүү моделинде жасалгандыгын бир ооздон белгилешет [Лукина 1985: 55, Шахбагова 1992: 122, Cohen 1965: 180, Gimson 1980: 138-141].

Тилдин абалына карай

Бардык үндүүлөрдүн жасалышы дорсалдык артикуляцияга негизделет, б.а., алардын жасалышына тилдин үстүңкү бөлүгү катышат. Тилдин мындай артикуляциялык абалы аркылуу үндүүлөрдүн катары жана көтөрүлүш өзгөчөлүгү аныкталат.

Тил алды ичке үндүүлөрдү айтканыбызда, тилдин ортоңку бөлүгү катуу таңдайга карай көтөрүлүп, тилдин учу астыңкы тиштерге такалып, түпкү бөлүгү алдыга карай жылган абалда болот. Мындай артикуляциялык мүнөздөмө кыргыз тилиндеги [и], [э] жана англис тилиндеги [ɪ], [e] тыбыштарына мүнөздүү. Ал эми аталган үндүүлөрдүн айтылышында тилдин горизонталдык абалы чыңалган болуп, мындай абал тилдин арткы бөлүгүнүн ар кандай деңгээлде алдыга карай жүткүнгөн абалы аркылуу түшүндүрүлөт. Тил арты жоон үндүүлөрдүн айтылышы тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдайга мүмкүн болушунча көтөрүлгөн, ал эми тилдин учу астыңкы тиштерден артка тартылган абалда болот. Маселен, мындай үндүүлөрдүн катарына кыргыз тилиндеги [о] жана [у], ошондой эле англис тилиндеги [ɪ:], [о:] тыбыштарын киргизүүгө болот.

Ал эми тилдин горизонталдык абалына карата орточул үндүүлөрдү айтканда, тил чыңалып анын ортоңку бөлүгү катуу таңдай менен жумшак таңдайдын ортосуна мүмкүн болушунча көтөрүлгөн абалда болот [Бондарко, Вербицкая, Гордина 2004: 24]. Мындай артикуляциялык жол менен кыргыз тилиндеги [ы] жана англис тилиндеги [ə] тыбыштары жасалат.

Тилдин үстүңкү бөлүгүнүн жогору карай көтөрүлүшүнө карата үндүүлөр төмөндөгүдөй топторго:

а) тилдин жогору көтөрүлгөн абалы, б.а., жабык;

б) тилдин орто деңгээлде көтөрүлгөн абалы, б.а., жарым жабык;

в) тилдин төмөн денгээлде көтөрүлгөн абалы, б.а., ачык үндүүлөр болуп бөлүнөт.

Тилдин жогору деңгээлде көтөрүлгөн абалында кыргыз тилиндеги [и], [у] жана англис тилиндеги [ɪ], [ɪ:], [ʊ], [ʊ:] тыбыштары жасалса, орто деңгээлде көтөрүлгөн абалында кыргыз тилидеги [э], [о], [у], англис тилиндеги [е], [ɔ:], [ə], [з:] тыбыштары, ал эми тил бош абалда болуп анын таңдайды көздөй эң төмөнкү деңгээлде көтөрүлгөн абалында кыргыз тилиндеги [а], [о] жана англис тилиндеги [а:], [æ], [ʌ], [ɔ] үндүү тыбыштары жасалат.

Окумуштуу В.А.Васильевдин пикиринде, тилдин жогоруда саналып өткөн вертикалык үч абалы аркылуу жасалган үндүүлөр, өз кезегинде, кең жана кууш болуп эки түргө бөлүнөт. Маселен, жарым жабык [о:] и [з:] **(?)** тыбыштарынын ичинен [з:] тыбышын айтканда[о:] тыбышына караганда тилдин ортоңку бөлүгү салыштармалуу бийигирээк көтөрүлөт. Ушул белгисине карата [з:] үндүү тыбышы кууш жана ага салыштырмалуу [о:] үндүүсү кең үндүүлөргө кирет [Васильев 1980: 22].

Эриндин абалына карай

Үндүүлөрдүн жасалышында эриндер да катышып, жогоруда айтылып өткөндөй, бул өзгөчөлүгүнө карай үндүүлөр эринчил жана эринсиз болуп бөлүштүрүлөт.

Кыргыз тилинде да үндүүлөр сөз болуп жаткан белгиге карай эринчилдер жана эринсиздер болуп эки топко бөлүнөт: эринчилдерге төрт үндүү, тагыраак айтканда, [у], [ʏ], [о], [ө] тыбыштары кирсе, эринсиздерге да төрт үндүү – [ы], [а], [и], [э] кирет. Ал эми англис тилинде төрт монофтонг [о], [о:], [и], [и:] жана үч дифтонгдун ядросу эринчилдерге, калган үндүүлөрдүн баары эринсиздерге кирет.

Эриндин тегерек жана чормойгон абалы ар кандай деңгээлде болушу ыктымал. Л. В. Бондарко, Л. А. Вербицкая, Н. В.Гординалардын пикири боюнча, англис тилиндеги алдыңкы катарды түзгөн үндүүлөр эринсиздерге кирсе, ал эми арткы катардагы үндүүлөр эринчилдерге киргизилген.

Англис жана кыргыз тилдериндеги эринчил үндүүлөрдүн айтылышында эриндин абалы бирдей болбойт. Атап айтканда, кыргыз тилиндеги эринчилдерди айтканыбызда эриндер алдыга карай чормойгон абалда болсо, англис тилиндеги эринчилдерди айтууда эрин анчалык чормойбой, салыштырмалуу бошоң, жазы абалда болот.

Англис тилиндеги айрым эринсиз үндүүлөрдүн айтылышынын артикуляциялык бөтөнчөлүгү катары үстүңкү жана астыңкы тиштердин көрүнгүдөй абалдагы эриндердин жазы абалда болушун айтууга болот. Мындай артикуляция аркылуу жасалган үндүүлөргө [i:], [i], [e] монофтонгдорун жана [ei], [əu], [eə] дифтонгдорунун ядролорун киргизүүгө болот.

Кыргыз тилиндеги эринсиз үндүүлөрдү айтууда эриндер нейтралдуу, чыңалбаган абалда болот.

Созулушуна карай

Англис тилинде кыргыз тилиндегидей эле кыска жана созулма үндүүлөр бар, бирок англис тилиндеги үндүүлөр түгөйлүү жана түгөйсүз болуп бөлүнсө, түгөйлүү-түгөйсүздүк белги кыргыз тилинде үнсүздөгө мүнөздүү.

Англис тилиндеги үндүүлөр, негизинен, монофтонгдор болгондуктан, алардын айтылышында башынан аягына дейре артикуляция туруктуу сакталат. Кыска үндүүлөр англис тилинде алардан кийин келген үнсүздөргө ыкташып, ошондой эле басымдын түшүшү менен мүнөздөлөт (алардагы интенсивдүүлүк аягына чейин сакталат). Кыска үндүүлөрдүн кесип айтуу (усеченным) үчүн, андан кийинки үнсүздүн артикуляциясына тез өтүп кетүү талап этилет. Мындан тышкары, кыска үндүүнүн айтылуу созулушу андан кийинки үнсүздүн жумшак же каткаландыгына да көз каранды болот (эгерде үнсүз аягында келсе). Сөздүн аягында келген жумшак үнсүздүн алдындагы басым түшкөн кыска үндүү бир аз созулуп, ал эми каткалаң үнсүздүн алдында абдан кыска айтылат.

[з:] созулма үндүүсүнүн түгөйү жок. Кыргыз тилиндегидей эле үндүүлөрдүн созулуп айтылышы артикуляциялык жактан бири-биринен айырмалануу менен, белгилүү болгондой сөздөрдүн маанилеринин бири-биринен айырмалоосу, б.а.,

фонемалык касиеттери аркылуу да мүнөздөлөт. Маселен, *port [pɔ:t] порт - pot [pɔt] карапа, sheep [Sɪ:p] кой - ship [Sip] кеме, fool [fʊ:l] аңкоо - full [ful] бүтүн, толо* сыяктуу сөздөрдө жогоруда айтылган тыбыштардын фонемалык касеттери ачык байкалат.

В. А. Васильевдин белгилөөсүндө бир эле үндүү фонеманын созулуп айтылышы анын сөздүн курамында келген позициясына жараша болот. Маселен, англис тилиндеги ***seem [sim]*** деген сөздөгү үнсүздүн алдында келген позициясына салыштырамалуу ***see [si:]*** деген сөздө басым түшкөн үндүү созулуп айтылат. Ушул өңдүү эле жумшак үнсүздөрдүн алдында үндүүлөр (***seed [si:d])*** каткалаң үнсүздөрдүн алдында келгенге караганда салыштырмалуу узагыраак созулуп айтылат ***(seat [sit]).*** Бирок үндүүлөр кандай гана позицияларда келбесин, алардын сапаттык мүнөздөмөсү ошол калыбында сакталат.

Жогоруда айтылып өткөндөй, кыргыз тилинде 8 кыска үндүү бар ([а], [о], [у], [и], [ы], [ө], [ʏ], [э]). Түркологдордун басымдуу көпчүлүгүнүн пикиринде, байыркы түрк тилдеринде кыска жана созулма үндүүлөр болгон. Бирок убакыттын өтүшү менен созулма үндүүлөр менен кыска үндүүлөрдүн фонемалык айырмачылылыгына негизделген фонетикалык кубулуш түрк тилдеринде гана эмес башка тилдерде да сакталып калган эмес. Тил илиминин тарыхында айрым тилдерде созулма жана кыска үндүүлөр ажыратылып каралган учурлар кездешкени менен, кийин айрым тилдерге мүнөздүү мындай өзгөчөлүктөр жокко эсе болгон [Серебренников, Б. А. О взаимодействии языков//Б. А. Серебренников// ВЯ. 1965. - «1. - с. 34-45.].

Окумуштуу М. Рясянен тарабынан азыркы түрк тилдеринде башка тилдерден айрым бир кабыл алынган сөздөрдү эске албаганда, созулма үндүүлөр дээрлик кездешпей тургандыгы айтылган. Бирок кабыл алынган сөздөрдө да созулма үндүүлөр аларды кыскартып айтуу тенденциясына туштугаары окумуштуу тарабынан эмфаза, башкача айтканда, тыбыштардын сыйлыгышып түшүп калуу учурлары аркылуу түшүндүрүлгөн [Рясянен 1955: 58]. Созулма үндүүлөргө байланыштуу айтылган бул пикирдин бир жактуу экендигин белгилөөгө болот.

Себеби созулма үндүүлөр дүйнөдө бир катар тилдерде сакталып калгандыгы маалым. Андай тилдердин катарында азыркы кыргыз тили да бар. Азыркы кыргыз тилинде [аа],[ээ],[оо],[өө],[уу],[үү] өңдүү алты созулма үндүү бар. Аталып өткөн созулма үндүүлөр жазууда алардын кыска варианттарынын эки ирет кайталанып жазылышы аркылуу берилет. Созулма үндүүлөр атайын изилдөөнүн объектиси катарында окумуштуулар А.Акунова, М. Раимбекова, Б. Чокошевалардын эмгектеринде кездешет.

Созулма үндүүлөрдүн айтылышы биринчиден, белгилүү бир стилдик өзгөчөлүк, атап айтканда, сүйлөшүү стили, экинчиден энергиягы үнөмдөө принциби аркылуу шартталган. Бул жаатта окумуштуу А. Мартине адам анын кеби угуп жаткан адамдарга түшүнүктүү болуусу үчүн канча аракет талап кылынса, сүйлөө учурунда ошончо аракетти сарптай тургандын белгилеген [Мартине 1960: 536]. Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр фонемалык касетке ээ. Б.а., созулма үндүүлөр сөздүн предметтик маанисинин сакталышына жана анын өзгөрүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет. Маселен, айрым сөздөрдүн курамындагы кыска үндүүлөрдү созуп айтуу менен алардын маанилеринин түп тамырынан бери өзгөртүп жиберүү мүмкүндүгүн төмөндөгү сөздөрдүн мисалынан көрүүгө болот: *ток–тоок; сат – саат*; *уч -ууч ж.б.* Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр, жогоруда белгиленип өткөндөй, өзүнчө фонемалык касиетке ээ болгон, айтууда да жазууда да кыска үндүүлөрдөн айырмаланган тыбыштардын катарын түзөт.

3.2. Кыргыз жана англис тилдериндеги үнсүздөрдүн артикуляциялык өзгөчөлүктөрү жана алардын колдонулушу

Өпкөдөн чыгып келе жаткан аба ооз көңдөйүндө тоскоолдуктарга учуроосунун негизинде үнсүз тыбыштар жасалат. Бул үнсүздөрдүн үндүүлөрдөн болгон артикуляциялык бөтөнчөлүгү экендиги белгилүү. Үнсүз тыбыштардын жасалышында активдүү жана пассивдүү сүйлөө органдары аракетке кирет.

Үндүүлөр менен үнсүздөрдүн артикуляцияларынын ортосундагы негизги айырмачылыктарга алардагы үн менен шыбыштын катышын киргизүүгө болот.

Шыбышта музыкалуулук болбойт. Ал эми жумшак үнсүздөрдүн жасалышында үн менен шыбыш катышып, үндүн катыштыгы көбүрөөк болсо, ал эми каткалаң үнсүздөрдө шыбыш көбүрөөк катышат [Панов 1979:21].

Үнсүз тыбыштардын жасалышы артикуляциялык башка белгилер менен катар жылчыктын пайда болуусу менен да коштолот. Өз кезегинде жылчык тегерек жана сүйрү формада болушу мүмкүн. Маселен, англис тилиндеги [w] тыбышынын айтылышында эриндердин катышуусу менен тегерек жылчык пайда болот. Кыргыз тилинде тилдин учку бөлүгү менен үстүңкү тиштердин ортосунда пайда болгон жылчыктардан абанын чыгышы аркылуу пайда болгон үнсүздөр жылчыкчыл үнсүздөргө киргизилип жүрөт.

Үнсүздөрдүн артикуляциясында тоскоолдук адатта, бир эле органдын катышуусу аркылуу жасалары, башкача айтканда, тыбышты жаратуучу бир гана фокустун болуусу белгилүү болгону менен, эки органдын катышуусу менен кош тоскоолдуктун жаралышы да кездешет. Бирок үнсүздөрдүн типтериндеги айырмачылыктарды аныктоо бир артикуляциялык активдүү органдын аракети аркылуу жүргүзүлөт.

Үнсүздөрдү классификациялоонун биринчи белгиси катары Л. В. Щерба алардын жасалышында тоскоолдук жараткан активдүү кыймылдагы органды көрсөткөн. Атап айтканда, автордун классификациясында үнсүздөр эринчилдер, уччулдар, орточулдар, фарингалдуулар жана түпчүлдөр болуп бөлүштүрүлгөн. Мындан тышкары үнсүздөрдүн артикуляциялык мүнөздөмөсүнүн так аныкталышы алардын жасалышында пассивдүү органдардын ролунун эске алынуусуна да байланыштуу.

Экинчи классификациялык белги активдүү органдын кыймылга кирүү өзгөчөлүгүнө байланыштуу аныкталат (тоскоолдуктун мүнөзү). Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн пикиринде, активдүү аракетке кирген органдын мүнөздүү үч өзгөчөлүгү белгилүү (үч тоскоолдук):

1) активдүү орган пассивдүү орган менен жалгашып, натыйжада өпкөдөн чыгып келаткан аба тоскоолдукту жарып чыгуу менен үнсүздөрдүн жасалышы (жарылмалар);

2) активдүү орган пассивдүү орган менен жакындашып, бирок аба чыгып келаткан каналды толук жаппай, пайда болгон жылчык аркылуу жасалган үнсүздөр (жылчыкчылдар);

3) активдүү органынын өпкөдөн чыгып келаткан абаны бирде кеңейтип, бирде тарытып, дирилдетип чыгаруусунан жасалган үнсүздөр (дирилдемелер). [Щерба, Л. В. О понятии смешения языков / Л. В. Щерба // Языковая система и речевая деятельность. – Л., 1974].

Тоскоолдуктун жаралышында үнсүздөрдүн артикуляциясынын үч фазасы бөлүнүп көрсөтүлөт:

1) экскурсия деп аталган фазада сүйлөө органдары тиешелүү абалга өтөт;

2) артикуляциялоочу органдардын салыштырмалуу туруктуу абалы менен мүнөздөлгөн кармалып туруу (выдержка) фазасы;

3) чегинүү же рекурсия фазасы, башкача айтканда, кийинки тыбышка өтүү.

Үнсүздөрдү классификациялоонун үчүнчү белгиси – бул алардын жасалышында үндүн катышуу деңгээли. Мында үнсүздөрдүн артикуляциялык мунөздөмөлөрүнүн өзгөчөлүгү үн түйүндөрүнүн активдүүлүгү аркылуу аныкталат. Бул белгисине карата, жогоруда сөз болгондой, үнсүздөр жумшак жана каткалаң болуп бөлүнөт.

Эгерде үнсүздөрдүн артикуляциясында үн катышпаса анда каткалаң үнсүздөр, ал эми тескерисинче, алардын жасалышында шыбыш менен биргеликте үн дагы катышса жумшак үнсүздөр жасала тургандыгы белгилүү.

Жумшак үнсүздөрдүн ичинен сонанталар, же болбосо уяң үнсүздөр өзгөчө топту түзүшөт. Анткени мындай топтогу үнсүздөрдүн жасалышында абанын агымы салыштырмалуу алсыз болуп, ошого жараша тоскоолдук да күчтүү болбойт. Мунун натыйжасында шыбыштын үлүшү да дээрлик жокко эсе болуп, уяң үнсүздөр өздөрүнүн акустикалык мүнөздөмөсү боюнча үндүүлөргө жакындашат.

Андыктан тил илиминде мындай үнсүздөрдү жарым үндүүлөр деп атоо салты да бар.

Үнсүздөр алардын жасалышында жумшак таңдайдын абалына карай да бөлүштүрүлөт. Бул белгисине карата алар оозчулдар жана мурунчулдар болуп бөлүнөт.

Англис жана кыргыз тилдериндеги үнсүз фонемалар бири-биринен артикуляциялык мүнөздөмөлөрү аркылуу айырмаланышат. Мындан тышкары принципиалдуу айырма фонемалардын модификациялоо эрежелеринде жана аларды пайдалануу жана жайылтуу өзгөчөлүктөрүндө да бар. Аталган эки тилдин үнсүздөрүнүн инвентарын салыштыруу аркылуу төмөндөгүдөй типологиялык белгилерди аныктоого болот.

Кыргыз тилинде 21 үнсүз тыбыш болсо, англис тилинде үнсүз фонемалардын саны –24. Салыштырылып жаткан тилдердеги үнсүздөр жасалуу ордуна карай эринчилдер, тилчилдер, фарингалдуу болуп бөлүнөт. Өз кезегинде, эринчил үнсүздөр кош эринчилдер, тиш эринчилдер, ал эми тилчилдер уччулдар, орточулдар жана артчылдар болуп классификацияланат. Англис тилинде артикуляциянын лабиалдуу, интерденталдуу, альвеолярдуу, орточул, артчыл жана түпчүл зона өңдүү 6 зонасы бар [Аракин 1979: 79].

Кыргыз тилиндеги үнсүздөрдүн курамы төмөндөгүдөй: [б], [в], [г], [д], [ж], [й], [з], [к], [л], [м], [н], [ң], [п], [р], [с], [т], [ф], [х], [ц], [ч], [ш]. Кыргыз тилине [в], [ф], [ц],[щ] орус тилинен кабыл алынган.Англис тилинин үнсүздөр системасы курамы: [p], [b], [t], [d], [k], [g], [m], [n], [ŋ], [f], [v], [ʃ], [ʒ], [s], [z], [tʃ], [dʒ], [h], [w], [r], [j], [l], [θ], [ð] үнсүздөрүнөн турат.

Англис жана кыргыз тилиндеги үнсүздөр төмөндөгүдөй белгилер боюнча:

1) жасалуу ыгына;
2) жасалуу ордуна;
3) үн менен шыбыштын катышына карата классификацияланат.

1) Жасалуу ыгына карай бөлүнүшү

Жасалуу ыгына карай бөлүнүшү дегенде, жогоруда сөз болуп өткөндөй, өпкөдөн чыгып келаткан абанын ооз көңдөйүндө учураган тоскоолдугунун мүнөзүн түшүнүү керек.

Жасалуу ыгына же тоскоолдуктун өзгөчөлүгүнө карап, үнсүздөр жарылмаларга, жылчыкчылдарга жана бириккен үнсүздөргө (аффрикаталарга) бөлүнөт [Аракин В. Д. Сравнительная типология английского и русского языков: Учеб. пособие. — 3-е изд. — М.: ФИЗМАТЛИТ, 2005]. Жарылмалар, өз кезегинде, шуулдамалар жана уяңдар болуп да бөлүнөт. Уяңдар болсо сөзсүз мурунчул болушат. Жарылмалардын артикуляциялык мүнөздөмөсүнүн негизги белгиси катары, алардын жасалышында тоскоолдук толук пайда болот. Пайда болгон тоскоолдук ооз көңдөйүндө кармалып туруп, андан пайда болгон басым сөз болуп жаткан тоскоолдукту жарып өтүү аркылуу жарылма фонемалар жасалат [Дикушина 1965: 56].

Жогоруда артикуляциянын аталып өткөн үчүнчү, башкача айтканда, чегинүү, рекурсия фазасынын мүнөзүнө карата жарылмалардын типтери аныкталат. Атап айтканда, эгерде тоскоолдук кескин ачылса, анда жарылмалар жасалат. Ал эми тоскоолдук толук жарым-жартылай болгон учурда имплозивдүү үнсүздөр (мындай үнсүздөр сөздүн акырында үндүүлөрдөн кийин же үнсүздөр менен катар келет) жасалат. Ал эми тоскоолдук жылчык түрүндө болуп, аба ошол жылчык аркылуу өтүүсү аркылуу жасалган үнсүздөр аффрикаталар деп аталат [Аракин В. Д. Сравнительная типология английского и русского языков: Учеб. пособие. — 3-е изд. — М.: ФИЗМАТЛИТ, 2005].

Шуулдамалардын ичинен уяңдар өздөрүнө мүнөздүү артикуляцияга ээ. Сүйлөө органын активдүү аппараты пассивдүү сүйлөө органына жакындашып, натыйжада тоскоолдук жаралат. Тоскоолдуктун жаралышына жумшак таңдай, мурун көңдөйү катышат. Абанын агымынын жарымы мурун көңдөйүнөн чыгып уяң үнсүздөр жасалат [Дикушина 1965: 59]. Мындай өзгөчө артикуляция абанын ооз көңдөйүндө кармалышында (артикуляциялоочу органдардын салыштырмалуу туруктуу абалы менен мүнөздөлгөн кармалып туруу (выдержка) фазасы) аны

мурун көңдөйүнө багыттоо аркылуу гана жасалышы мүмкүн. Мындан башка артикуляциялык белгилер боюнча уяңдар менен шуулдамалар окшоштуктарга ээ.

Англис жана кыргыз тилдериндеги үнсүздөрдү төмөндөгүдөй таблица аркылуу иллюстрациялоого болот (негиз катарында Г.П.Торсуевдин классификациясы алынды) [Торсуев, Г. П. Константность и вариативность в фонетической системе / Г. П. Торсуев. – М.: Наука, 1977. – 125 с.].

Кыргыз тилиндеги жана англис тилдериндеги үнсүздөрдүн бөлүнүшү

смү үнсүздөр	жарылмалар	Кырг	[П], [б], [б, п, д ,т, к, г]
		англ	[p , b , t , d , k , g]
	мурунчулдар	кырг	[м], [н], [м, н, н,]
		англ	[n , m , ŋ]

Жылчыкчылдардын артикуляциялык өзгөчөлүгү ооз көңдөйүндө жылчыктын жаралышы жана өпкөдөн чыгып келаткан абанын ошол жылчык аркылуу сызылып өтүүсү менен байланыштуу аныкталат. Сөз болуп жаткан жылчык активдүү сүйлөө органынын пассивдүү сүйлөө органына жакындашынан улам пайда болот. Жылчыкчылдардын угулушундагы акустикалык эффект пайда болгон жылчык менен абанын агымынын сүрүлүшүнөн улам келип чыгат [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.].

Жылчыкчыл үнсүздөр жылчык түрүндөгү тоскоолдуктун жасалышынын ар кылдыгына карата бир катар типтерге бөлүнөт. Тагыраак айтканда, жылчыктар формасы жана көлөмү жагынан бири-биринен айырмаланат жана үнсүздөр бир же эки жерде жаралган тоскоолдуктардан өтүп жасалат. Так ушул өзгөчөлүгүнө карата жылчыкчылдар бир фокустуу жана эки фокустуу деген түрлөргө да бөлүнөт. Ал эми активдүү жана пассивдүү сүйлөө органдарынын ортосунда пайда болгон жылчыктын көлөмүнө карата үнсүздөр шуулдама жана жылчыкчылдарга бөлүнүп, жылчыкчылдардын жасалышында жылчыктын көлөмү кененирээк, ал эми абанын агымы бошоң болот [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.].

Өз кезегинде жылчыкчыл сонанталар (уяңдар) орточулдарга жана капталчылдарга бөлүнөт. Орточулдардын жасалышында тилдин эки капталы көтөрүңкү абалда болуп, аба тилдин ортоңку бөлүгүндө пайда болгон жылчык аркылуу өтөт. Капталчыл үнсүздөрдүн артикуляциясында аба тилдин эки капталы аркылуу өтөт, ал эми жогоруда айтылып өткөн орточулдардын жасалышында пайда болгон жылчык өз кезегинде тегерек жана сүйрү жылчыктуу артикуляцияга бөлүнүп, сүйрү жылчыктуу артикуляцияда эриндер бири-бирине жакындаганы менен, чормойгон абалда болбойт.

Кыргыз жана англис тилдериндеги жылчыкчыл үнсүздөрдүн бөлүнүшүн төмөндөгү таблица аркылуу туюндурууга болот (негиз катарында Г.П.Торсуевдин классификациясы алынды) [Торсуев, Г. П. Константность и вариативность в фонетической системе / Г. П. Торсуев. – М.: Наука, 1977. – 125 с.].

	Жылчыкчыл (фрикативдүү)	Сүйрү жылчыктуу	кырг	(м,ж,х,г, ф, в,ш]
			англ	[f, v, θ, ð, s, z, ʃ, ʒ, h]

Жылчыкчыл (фрикативдүү)		Тегерек жылчыктуу	кырг	[с,з]
			англ	[s,z]
	уяңдар	орточулдар	кырг	[Й]
			англ	**[w , r]**
	нанты	капталчылдар	кырг	[л]
			англ	[l]

Аффрикаталар кыргыз тилинин фонетикасында бириккен үнсүздөр деп да аталып жүрөт. Мындай үнсүздөрдүн жасалышы активдүү сүйлөө органы пассивдүү органдан акырындык менен алыстоосунун натыйжасында пайда болгон жылчыктан абанын чыгуусу жана андан чыккан үндүн өзгөчө акустикага ээ болуусу менен мүнөздөлөт.

В.А. Васильев [1980: 17], О.Ш Дикушина [1952: 51], Г. П. Торсуев [1950: 74] сыяктуу окумуштуулар аффрикаталарды жылчыкчылдарга киргизсе, ал эми В.Д. Аракин [1979: 78] жана Л.В. Златоусова [1997: 20] өндүү окумуштуулар мындай үнсүздөр бириккен үнсүздөр катары мүнөздөшөт.

Кыргыз жана англис тилдериндеги аффрикаталар төмөндөгү таблицада берилген.

	англ	[tʃ , dʒ]

2) Активдүү сүйлөө органына жана жасалуу ордуна карай

Тыбышты артикуляциялоочу органга карай кыргыз жана англис тилиндеги үнсүздөр эринчилдерге, тилчилдерге жана кекиртекчилдерге бөлүнөт. Эринчил үнсүздөр, өз кезегинде, төмөндөгүдөй топторго:

1) Кош эринчил үнсүздөр. Бул үнсүздөрдүн жасалышында астыңкы жана үстүңкү эриндер биригип, пада болгон тоскоолдукту аба жарып чыгуу менен жасалат. Мындай үнсүздөргө кыргыз тилинде [б], [п], [м], англис тилинде [w], [m], [b], [p] үнсүздөрү кирет.

2) Эрин тишчил үнсүздөрдөрдү айтканда артикуляциялоочу активдүү орган катары астыңкы эрин эсептелет. Кыргыз тилинде эрин тишчилдерге [в],[ф] фонемалары кирсе, англис тилинде [f],[v] кирет.

3) Тилчилдер өз ара төрт топко бөлүнөт: 1) какуминалдык; 2) апикалдык же уччулдар; 3) орточулдар; 4) артчылдар [ ].

1) Какуминалдык үнсүздөрдүн айтылышында тилдин учку бөлүгү өйдө көздөй көтөрүлгөн жана бир аз артка кайрылган абалда болот. Кыргыз тилинде мындай үнсүз катары [р] тыбышы эсептелсе, англис тилинде [r] тыбышы эсептелет.

2) Апикалдык артикуляцияда тилдин учу үстүңкү тиштер менен жакындашып, натыйжада пайда болгон жылчыктан абанын агымынын чыгышы менен жасалган үнсүздөргө кыргыз тилиндеги [т],[д],[с],[з],[ш],[ж],[л],[н],[р], ал эми англис тилиндеги [t], [d], [n], [s], [z] үнсүз тыбыштарын киргизүүгө болот.

3) Орточул үнсүздөрдү айтканда, тилдин ортоңку бөлүгү катуу таңдайды көздөй көтөрүлөт. Мындай үнсүз катары кыргыз тилинде [й], ал эми англис тилинде [j] фонемаларын эсептөөгө болот.

4) Артчыл үнсүздөрдү айтууда тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлүп, мунун натыйжасында активдүү жана пассивдүү сүйлөө органдарынын (тил жана жумшак таңдай) ортосунда тоскоолдук жаралат. Артчыл үнсүздөргө кыргыз тилинде [к], [г], [ң], [х] үнсүздөрү жана англис тилинде [k], [g], [ŋ] үнсүздөрү кирет.

Тилдин түпкү бөлүгү менен кекиртектин ортосунун тарышы менен жасалган үнсүздөр фарингалдуу, же болбосо кыргыз тилинин фонетикасында аталып жүргөндөй түпчүл үнсүздөр деп аталат. Мындай үнсүздөрдүн жасалышында кекиртектин булчуңдары маанилүү ролду ойнойт. Кыргыз тилинде түпчүлдөргө к жана г үнсүздөрүнүн жоон үндүүлөр менен келгендеги ээлеген артикуляциялык позицияларын (кар, кагаз) жана англис тилиндеги [h] фонемасын киргизүүгө болот.

О. И. Дикушинанын пикиринде, ар бир фонеманы мүнөздөөдө артикуляциялоочу, тагыраак айтканда, анын жаралышындагы негизги фактор катары эсептелген активдүү сүйлөө органынын позициясынан кароо талапка ылайык.Анткени пассивдүү сүйлөө органынын катыштыгы да активдүү сүйлөө органынын аракети аркылуу аныкталат. Маселен, тыбыштардын жасалышында активдүү сүйлөө органы болуп эсептелген тилдин ортоңку бөлүгү катуу таңдайга гана жакындашса, тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдай менен жакындашып тоскоолдук жаратып, натыйжада тыбыштар жасалат. Бирок артикуляциялык мүнөздөмөнүн так жана толук болуусу үчүн пассивдүү сүйлөө органдарынын да ээлеген позицияларын сыпаттоо талапка ылайык. Анткени айрым тыбыштардын артикуляциялык мүнөздөмөлөрү сүйлөө органдарынын адаттан тышкаркы позициялары менен коштолушу ыктымал. Айталы тилдин учку бөлүгү жалаң эле астыңкы же үстүңкү тиштерге кептелбестен, айрым тыбыштарды айтылышы тилдин учунун катуу таңдайга тийүүсүн талап этет. Ал эми тилдин арткы бөлүгү дайыма жумшак таңдай менен жакындаша бербей, айрым учурларда кичине тилге тийишүүсү да толук ыктымал [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.].

3) Үн менен шыбыштын катышуусуна карай

Үн менен шыбыштын катышуусуна карай үнсүздөр жумшак жана каткалаң болуп бөлүнүшөт. Үнсүздөрдүн минтип классификацияланышы алардын эң негизги белгилеринин бири катары эсептелет. Каткалаң үнсүздөрдүн жасалышында үн катышпай, алардын жасалышында шыбыштын үлүшү жогору болуп, үн түйүндөрү бош абалда болот. А эми жумшак үнсүздөрдүн жасалышында үн менен шыбыш катышып, үн түйүндөрү чыңалган абалда болот.

Кыргыз жана англис тилдеринде жумшак жана каткалаң үнсүздөрдүн классификациясы

Каткалаң үнсүздөр	Кырг	[к , п , с , т , ф , х , ч , ш , щ] [Ф1
	англ	[k , p , s , t , f , tʃ , ʃ , θ , h].
Жумшак үнсүздөр	кырг	[б , в , г , д , ж , з , л , м , н , р , ц]
	англ	[b , v , g , d , z , l , m , n , r]

Маселен, кыргыз тилиндеги [б], [п] жана англис тилиндеги [b], [p] фонемалары жасалуу ордуна карай кош эринчил, жасалуу ыгына карай жарылма жана үн менен шыбыштын катышына карай бири жумшак үнсүздөргө кирсе, бири каткалаң үнсүздөргө кирет. Алардын жасалуу ыгына карай жарылма болушу астыңкы жана үстүңкү эриндердин биригип, пайда болгон тоскоолдукту абанын жарып чыгуусу аркылуу аныкталат. Бирок үн менен шыбыштын катышына

А

келгенде, эки тыбыштын, башкача айтканда, менен п тыбышы эки башка мүнөздөмөгө ээ. Атап айтканда, б тыбышын айтылышы үн түйүндөрүнүн чыңалуусу менен коштолсо, п тыбышын айтууда мындай өзгөчөлүк байкалбай, үн түйүндөрү бош абалда болуп, аталган фонема шыбыштын жардамы менен жасалат. Так ушул артикуляциялык өзгөчөлүгүнө карата сөз болуп жаткан үнсүздөр, тагыраак айтканда, [б] / [b] жумшак үнсүздөргө кирсе, [п] / [p] каткалаң үнсүздөргө кирет [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.].

Кыргыз тилиндеги [б], [п] тыбыштарынын айтылышы, жогоруда сөз болгондой, астыңкы жана үстүңкү эриндердин жабылышы жана тилдин артка карай тартылышы, ал эми тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлүшү, ошону менен абаны мурун көңдөйүнө жибербей бөгөп, ооз көңдөйнөн чыккан аба кымтылган эриндерди жарып чыгуусу менен мүнөздөлөт. Ал эми англис тилиндеги [b], [p] тыбыштарынын да артикуляциясы кыргыз тилиндеги [б], [п] тыбыштарынын артикуляциясына, негизинен окшош болгону менен, бир аз өзгөчөлүккө ээ. Башкача айтканда, англис тилиндеги жогоруда аталган тыбыштар дем тартуу менен айтылат [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.]. Англис тилндеги жарылмалар кыргыз тилиндеги жарылма үнсүздөрдүн ушул өзгөчөлүгү, тагыраак айтканда, аспирацияланып айтылышы аркылуу айырмаланат.

Англис тилиндеги [b] — [p] тыбыштарынын айтылышы кыргыз тилиндеги [б] — [п] тыбыштарын айтканга караганда эриндердин бир аз жазылышы жана чыңалышы менен айырмаланат. Кыргыз тилиндеги [б] — [п] жарылмаларын айтууда мындай катуу чыңалуу байкалбайт. Мындан тышкары англис тилиндеги [b] тыбышы үндүүлөрдүн алдында келсе, анын айтылышы эриндердин кескин жана күчтүү жарылмалуулук мүнөзүнө ээ болсо, уяңдардын алдында келгенде жарылмалуулук артикуляция дээрлик байкалбайт. Маселен, ***obligate*** **[***ɒblɪˈgeɪt***]** *«милдеттендирүү»,* **submit [***səbˈmɪt***]** *«баш ийүү»,* **establish [***ɪˈstablɪʃ***]** «негиздөө».

Эгерде англис тилиндеги [b] фонемасы жылчыкчылдардын алдында келсе, анда анын астында келген үнсүз ачык угулат: ***substance ['sAbstsns]*** «материя»,

obvious ['obviss] «айкын». Сөз болуп жаткан тыбыш сөздүн аягында келсе, жарым-жартылай угулбай, үнсүздөрдүн жумшак жана каткалаң деп бөлүнүүсүнүн алкагынан сырткары калат. Англис тилиндеги [b] тыбышынын колдонулушу позициялык жактан чектелген эмес.

Кыргыз тилине башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдө [б] тыбышынын ордуна анын каткалаң түгөйү [п] тыбышы колдонулат: *куб, генштаб, микроб, тромб, масштаб, скраб, араб, сахиб, герб, клуб, люля-кебаб*.

Кыргыз тилиндеги каткалаң [п] тыбышынан айырмаланып, англис тилиндеги [p] тыбышын айтууда өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы күчтүрөөк келет. Башкача айтканда, англис тилиндеги [p] тыбышынын аспирациясы анын басым түшкөн үндүүнүн алдында келген позициясында даана байкалат. Маселен, мындай фонетикалык өзгөчөлүк ***Perfect [p***əːfik***t]*** «сонун», ***express [***ɪkˈsprɛs***]*** «туюндуруу», ***suppose [sd'pouz]*** «божомолдоо» өңдүү сөздөрдүн айтылышында байкалат. Мындан тышкары сөз болуп жаткан [p] тыбышына күчтүү артикуляция мүнөздүү, өзгөчө мындай бөтөнчөлүк сөздүн аягында келген позицияда билинет. Мисал иретинде англис тилиндеги: ***top [tɔp]*** «чоку», ***step [stəp']*** «кадам», ***type [taip']*** «тип» деген сөздөрдү келтирүүгө болот. Бирок үнсүз [p] тыбышынын алдына жылчыкчыл [s] тыбышы келсе, мындай учурларда [p] тыбышы өзгөчө артикуляция менен айтылбай калат, анткени [s] тыбышынын айтылышы экспиратордук энергиянын көбүрөөк сарпталышын талап этет. Мындай тыбыштык кубулушту англис тилиндеги ***spoon [spu:n]*** «кашык», ***spring [spriŋ]*** «жаз», ***speed [spud]*** «ылдамдык» өңдүү сөздөрдүн айтылыш өзгөчөлүгүнөн көрүүгө болот [.

Кыргыз тилиндеги [п] каткалаң үнсүзүнүн аллофону катары [б] жумшак үнсүзү эсептелет: ***топ - тобу, сап - сабы***. Мындай өзгөчөлүк кыргыз тилиндеги [п] жана [б] тыбыштарынын аларга жанаша келген үндүүлөрдүн таасири астында жумшарып же тескерисинче, каткалаңдашып тыбыштардын позициялык өзгөрүүлөрү катары түшүндүрүлөт. Бирок тыбыштардын каткалаңдашып же жумшарып айтылыш варианттарын өз алдынча фонемалар катары кароого болбойт.

Англис тилиндеги [p] жана [b] алар менен жанаша келген фонемалардын таасири астында жумшарып айтылуу бөтөнчөлүгүнө ээ боло албайт. Анткени аталган тыбыштар бардык позицияларда чыңалган, каткалаң тыбыш катары айтылат. Маселен, эки тилдеги аталган тыбыштардын мындай өзгөчөлүктөрү төмөндөгү сөздөрдүн айтылышынан даана көрүнөт ***парда*** — ***пахта*** , ***быштак*** - ***барак*** , ***бир*** - ***белек*** ; ***propose [prəˈpəʊz]*** «сунуштоо», ***president [prɛzɪd(ə)nt]*** «президент», ***politics ['politiks]*** «саясат», ***policy [pɒlɪsi]*** .

Эки тилде тең [п] / [p] үнсүз тыбыштары позициялык жактан чектелбей колдонулат. Ал эми англис тилинде [p] үнсүз тыбышы бардык позицияларда өзүнүн айтылыш бөтөнчөлүгүн туруктуу сактайт.

Англис тилиндеги [b] тыбышы дагы кыргыз тилиндеги [б] жумшак үнсүзүнөн айырмаланып, сөздүн курамында келген бардык позицияларында жумшак үнсүз катары артикуляциялык өзгөчөлүгүн сактайт.

Англис жана кыргыз тилдеринде [д], [т] / [d], [t] тыбыштары жасалуу ордуна карай уччул жана жасалуу ыгына карай жарылма үнсүздөрдүн катарын түзүшөт.

Кыргыз тилиндеги [д] жана [т] үнсүздөрүн айтканыбызда тилдин учу астыңкы тиштерге кептелип, ал эми тилдин алдыңкы бөлүгү үстүңкү тиштерге тиет. Жарылуу тилдин үстүңкү бөлүгүндө пайда болуп, тилдин учу аталган тыбыштардын жасалышында активдүү позицияда болгондугунан улам кыргыз тилиндеги [д], [т] фонемалары үнсүздөрдүн дорсалдуу тибине кирет. Анткени аталган тыбыштардын жасалышы өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы пайда болгон тоскоолдукту тез жарып өтүүсү аркылуу мүнөздөлөт.

Ал эми англис тилиндеги [d], [t] консонанттары жогоруда талдоого алынган кыргыз тилиндеги үнсүздөрдөн айырмаланып, дорсалдуу эмес, апикалдуулугу менен айырмаланат. Чечмелеп айтканда, англис тилиндеги [d] жана [t] тыбыштарын айтканыбызда тилдин учку бөлүгү альвеолаларга, тагыраак айтканда, үстүңкү тиштин тамырларына жакындашып, тоскоолдук так ушул жерде пайда болуу менен, абанын агымы ошол тоскоолдукту жарып өтөт. Ал эми кыргыз

тилиндеги [д], [т] тыбыштарын айтканыбызда, жогоруда айтылып өткөндөй, тоскоолдук тилдин учку бөлүгүнүн үстү менен үстүңкү тиштердин ортосунда пайда болот. Мындан тышкары кыргыз тилиндеги үнсүздөрдөн айырмаланып, англис тилиндеги үнсүздөр дем менен кошо чыккан үндүн (придыхание) болушу аркылуу да айырмаланат.

Окумуштуу Г.П.Торсуевдин пикиринде, башка тилдердеги үнсүздөрдөн айырмаланып, төмөн тонго ээ. Так ушул өзгөчөлүгү аларды артикуляциялык жактан айырмалап турат. Атап айтканда, англис тилиндеги [t], [d] тыбыштарынын айтылышында тил толугу менен артты көздөй жылган, ал эми учу көтөрүлгөн абалда болгондуктан, үстүңкү тиштер менен тилдин учку бөлүгүнүн ортосунда кошумча резонатор пайда болот. Так ушул кошумча резонатор жогоруда сөз болгон тондун төмөндүгүн камсыз кылат. Ал эми кыргыз тилиндеги [т], [д] фонемаларын айтылышында тилдин үстүңкү бөлүгү катуу таңдайга жакындашып, мунун натыйжасында алдыңкы резонатор көлөмү кичирейип, аталган үнсүздөрдүн тону бийигирээк болот.

Англис тилиндеги каткалаң [t] тыбышы кыргыз тилиндеги каткалаң [t] тыбышынан айырмаланып, күч менен, же болбосо, аспирация менен айтылат. Ушул өңдүү артикуляциялык бөтөнчөлүк англис тилиндеги жарылма эки үнсүздүн катар келишинде да ачык байкалат. Тагыраак айтканда, жарылма эки үнсүздүн бири жарылмалуулук бөтөнчөлүгүнөн ажырап, ассимиляцияга туштугат. Маселен, мындай артикуляциялык бөтөнчөлүктү англис тилиндеги ***motley ['moth]*** «ар түстүү», ***bottle [botl]*** «бөтөлкө» өңдүү сөздөрдүн айтылышынан көрүүгө болот. Ал эми англис тилиндеги [d] тыбышынын жарылма үнсүз катары айтылышы үндүү тыбыштан кийин же үнсүз тыбыштын алдында айтылышына салыштырмалуу үндүү тыбыштын алдында келгенде күчтүү болот. Аталган тыбыштын айтылышына анын алдында келген эринчил үнсүз да таасирин тийгизет [Домбродомов, Л. Г. Изучение заимствованных слов/ Л. Г. Домбродомов // Рус. яз. в шк. – 1969. – № 2. – С. 113-118.].

Англис тилиндеги [d] үнсүзү бардык позицияларда өзүнүн акустикалык бөтөнчөлүктөрүн сактаса, ал эми кыргыз тилиндеги [д] үнсүз фонемасы айрым позицияларда ассимиляцияга дуушарланып, башка тыбышка өтүп айтылышы да ыктымал. Маселен, [д] тыбышы сөздүн аягында келгенде каткалаңдашып [т] тыбышына өтөт. Мындай орфоэпиялык бөтөнчөлүк англис тилине мүнөздүү эмес. Анткени англис тилиндеги сөздөрдүн аягында келген жумшак [d] тыбышы сөздөрдүн аягында келсе да, өзүнүн акустикалык бөтөнчөлүгүн сактоо менен айтылат. Мындай болбогондо сөз болуп жаткан тыбыштын англис тилиндеги сөз аягында келгендеги позицияларында сөздөрдүн маанилерин бири-биринен айырмалоого мүмкүн болбой калмак. Маселен, ***send*** «жөнөтүү» — ***sent*** «жөнөттүм», ***sad*** «кайгылуу» - ***sat*** «отурган», ***bed [bed]*** «керебет» - ***bet [bet]*** «мелдеш» сыяктуу англис тилиндеги сөздөрдүн айтылышындагы акыркы тыбыштардын айтылышы так болбосо алардын маанилери чаташып калмак.

Кыргыз тилинде [д] тыбышы негизинен, сөз башында жана ортосунда өзүнүн артикуляциялык бөтөнчөлүгүнө ылайык айтылып, ал эми сөз аягында ал ассимиляцияланып, алсыз позицияны ээлегендеги байкалат: ***дарак***, ***даярдоо, дарт***, ***алдыда***, ***кедей*** сыяктуу сөздөрдүн айтылышында сөз болуп жаткан тыбыштын айтылышы ассимиляциянбаса, ал эми башка тилдерден кирген ***фонд, корд, зонд*** сыяктуу сөздөрдө, жогоруда сөз болгондой, [д] тыбышы өзүнүн каткалаң түгөйү [т] фонемасына өтүп айтылат. Англис тилинде [d] тыбышы позициялык жактан чектелбей, сөздүн башында, ортосунда жана соңунда келе бере тургандыгына ***deaf [def]*** «дүлөй», ***Monday ['mAndi]*** «дүйшөмбү», ***middle [midi]*** «орто», ***mad [mæd*** «кем акыл», ***bad ['bæd]*** «жаман» сыяктуу сөздөрдү келтирүүгө болот.

Англис тилиндеги [t] тыбышынын басым түшкөн муунда басым түшпөгөн муунга салыштырганда күчтүү аспирация менен айтылуу өзгөчөлүгүнө ээ, ошондой эле кыска үндүүлөрдүн алдына келгенге караганда созулма үндүүлөрдүн алдында келгенде сөз болуп жаткан фонеманын айтылышында дем менен кошо чыккан үндүн үлүшү чоңураак болот. Ал эми [s] үнсүзүнөн кийин, ошондой эле

үндүү тыбыштын алдындагы басым түшпөгөн муунда [t] фонемасынын айтылышындагы дем менен кошо чыккан үн алсыз, же болбосо таптакыр жокко эсе болушу мүмкүн. Маселен, ***stab [stæb]*** «саюу», ***still[stil]*** «дагы» деген сөздөрдүн айтылышын келтирүүгө болот [Кулаков 1971: 54]. Жанаша келген тыбыштардын палатализациялык мындай таасирине кыргыз тилиндеги башка үнсүздөрдөй эле [т], [д] үнсүздөрү да кабылышат. Маселен, мындай өзгөчөлүк кыргыз тилиндеги ***той - тий, топ - түп, даам - туура*** деген сөздөрдүн айтылыш өзгөчөлүктөрүндө ачык байкалат.

Жогоруда саналып өткөн учурларды эске албаганда, эки тилдеги [т] / [t] үнсүздөрүнүн бардык позицияларда салыштырмалуу туруктуулугу сакталат. Мындан тышкары англис жана кыргыз тилдериндеги [т] / [t] тыбыштары позициялык жактан чектелбегени менен, кыргыз тилинде [т] тыбышы басымдуу көпчүлүк учурларда сөздүн башында келе тургандыгын ***тебетей*** «шапка», ***тарак*** «расческа», ***сатуу*** «продавать», ***бут*** «нога», ***сүт*** «молоко»; ***take [teík]*** «брать», ***stay [stei]*** «оставаться», ***sit [sit]*** «сидеть» өндүү сөздөрдүн мисалдарынан көрө алабыз.

Кыргыз тилиндеги [к] [г] жана англис тилиндеги **[k], [g]** үнсүздөрү

Кыргыз жана англис тилдериндеги [к], [г] / [k], [g] үнсүздөрү бири- биринен артикуляциялык, акустикалык мүнөздөмөлөрү боюнча да, жасалуу ордулары боюнча да айырмаланышат. Кыргыз тилиндеги [к], [г] тыбыштарын айтууда тил бир аз алдыга жүткүнүп, астыңкы тиштерди көздөй түшкөн абалда болот. Ал эми аталган тыбыштардын артикуляциясы тилдин ортоңку бөлүгүнүн катуу таңдайга жакындоосу, ошону менен бирге эле, жогруда айтылгандай, тилдин учку бөлүгү ылдый карай түшүп, ал эми жумшак таңдай өйдө көтөрүлүп мурун көңдөйүн жабуусу менен коштолот.

Кыргыз тилиндеги [к], [г] үнсүз тыбыштарынын артикуляциялык, акустикалык бөтөнчөлүктөрү боюнча англис тилиндеги [k], [g] тыбыштарынан айырмаланат.

Англис тилиндеги **[**k], [g] үнсүз фонемалары жасалуу ыгы боюнча жарылма, жасалуу орду боюнча артчыл үнсүздөрдүн катарына кирип, артикуляциялык жактан алып караганда, аталган үнсүздөрдүн жасалышында тилдин учу астыңкы тиштерди көздөй ылдыйлап, ал эми тилдин аркы бөлүгү жумшак таңдайга көтөрүлүп ага тийген абалда болот. Өпкөдөн чыгып келаткан аба так ушул тоскоолдукту жарып өтүү аркылуу сөз болуп жаткан үнсүздөр жасалат. Демек, англис тилиндеги [k], [g] тыбыштарынын жасалышында активдүү сүйлөө органынын ролун тилдин арткы бөлүгү аткарат [Дикушина 1952: 58].

Кыргыз тилиндеги [к] тыбышы каткалаң үнсүздөргө кирүү менен, анын айтылышы аспирация менен коштолот, ал эми андан айырмаланып [г] тыбышы жумшак үнсүз катары эсептелет жана анын айтылышында үн түйүндөрүнүн чыңалуусу байкалат. Англис тилиндеги [k], [g] тыбыштарынын жоон үнсүз катары артикуляциялык өзгөчөлүгү туруктуу мүнөздө болот.

Кыргыз тилиндеги [г] тыбышында палатализациянын күчтүүлүгүн айтууга болот. Бул тыбыш үндүүлөрдөн жана уяң үнсүздөрдөн кийин келген позицияларында өзүнүн жарылмалуулугун жарым-жартылай жоготот. Мындай өзгөчөлүктөргө ***гана, карга*** сыяктуу сөздөрдү мисал келтирүүгө болот. Мындан кыргыз тилиндеги [г] тыбышынын кеп агымында, башка тыбыштар менен жанаша келгенде артикуляциялык мүнөздөмөсүнүн өзгөрө тургандыгы туурасында жыйынтыкка келүүгө болот.

Кыргыз тилиндеги [г] фонемасынан айырмаланып, англис тилиндеги [g] фонемасы позициялык өзгөрүүлөргө дээрлик учурабайт Маселен, англис тилинде [d] тыбышынын алдына келгенде [g] тыбышынын жарылма үнсүз катары артикуляциялык өзгөчөлүгү дээрилик байкалбайт: *cogged [kogd]* **«майда тиштүү»,** *begged [begd]* **«сурады»,** *digged up [digid ʌp]* **«казып алды»** [Кулаков 1971: 51]. Ал эми англис тилиндеги [g] үнсүзүндө айрым үнсүздөрдүн алдында келгенде лабиализациянын үлүшү байкалат. Позициялык жактан англис тилиндеги бул үнсүз сөз башында, ортосунда жана аягында келсе, кыргыз тилиндеги [г] тыбышы басымдуу көпчүлүк учурда сөз башында жана ортосунда келет. Кыргыз тилиндеги [к] фонемасы сөздүн аягында келип, ал сөзгө жак же чакчыл мүчө уланса, [к] анын жумшак түгөйү [г] фонемасына өтөт. Мындай өзгөчөлүк төмөндөгү сөздөрдөн байкалат: ***түк -түгү , тек - теги , тик - тигип жатат*** ж.б. Англис тилиндеги [g] тескерисинче, бардык позицияда туруктуулугун сактап фонетикалык жактан өзгөрүүлөргө учурабайт. Маселен, *frog [frogj* **«бака»,** *[frok]* **эмес,** *sag [sceg]* **«тунуу»,** *[seek]* ***эмес****, soft game [soft geim]* **«жумшак оюн»,** *[soft keim]* ***эмес.*** Кыргыз тилинде [к] тыбышы негизинен, жоон жана ичке үндүүлөр менен айкашып келет. Бирок белгилей өтчү жагдай, жоон үндүүлөр менен айкашып келгенде артчыл, ал эми ичке үндүүлөр менен келгенде орточул үнсүз катары мүнөздөлөт. Маселен, артчыл жана орточул болуп келген позициялары төмөндөгү сөздөрдөн ачык байкалат:

“каар”, “кагаз”, “казан” деген сөздөрдү айтканыбызда [к] тыбышы артчыл болсо, *“киши”, “кебек”, “кийим”, “күйөө”* деген сөздөрдү айтканда орточул болуп келет. Ал эми англис тилинде [g] тыбышы үндүүлөр менен ар кандай позицияларда келе берет: *giggle* **«кыткылыктап күлүү»,** *gossip* **«ушак»,** *gold* **«алтын»,** *good* **«жакшы»** ж.б.

Кыргыз тилиндеги [м] / [m] тыбыштарына келе турган болсок, аталган тыбыштар жасалуу ордуна карай кош эринчил, жасалуу ыгына карай жарылма, үн менен шыбыштын катышына карай жумшак, анан ичинен мурунчул үнсүздөргө кирет. Аталган фонемалар эки тилде тең эле астыңкы жана үстүңкү эриндердин биригиши жана өпкөдөн чыгып келаткан абанын мурун көңдөйүнөн чыгышы аркылуу мүнөздөлөт. Абанын мурун көңдөйүндөгү резонатор аркылуу өтүүсү жумшак таңдайда тоскоолдуктун болбоосу менен түшүндүрүлөт. Ал эми тил астыңкы тиштерден артка тартылган, ал эми үн түйүндөрү чыңалган абалда болот [Аракин 1979: 61]. Ушул өзгөчөлүктөрдү эске алганыбызда кыргыз тилиндеги [м] жана англис тилиндеги [m] тыбыштарынын артикуляциялык мүнөздөмөлөрү дээрлик окошош деген бүтүмгө келүүгө болот. Бирок кыргыз тилиндеги [м] уяң үнсүзүн айтканда, англис тилиндеги [m] фонемасына салыштырмалуу эриндердин чыңалуу деңгээли төмөнүрөөк болот. Ал эми англис тилиндеги [m] тыбышы кыргыз тилиндеги сөз болуп жаткан үнсүзгө салыштырмалуу бир аз созулуп айтылуу өзгөчөлүгүнө ээ. Мындай өзгөчөлүк [m] тыбышынын кыска үндүүлөр жана жумшак үнсүздөрдүн ортосунда келген позициясында билинет: *comes ['kAm:z]* **«келген»,** *gems ['djem:z]* **«асыл таштар»,** *ham [hem:]* **«чочконун сүрсүгөн сан эти»,** *combat ['com:bət]* **«кармаш».** Англис тилиндеги мурунчул [m] фонемасы бардык позицияларда өзүнүн артикуляциялык мүнөздөмөсүн туруктуу сактайт. Кыргыз тилинде да англис тилинде да аталган үнсүздөр бардык эле үндүүлөр менен айкашып келет. Буга мисал иретинде төмөндөгү сөздөрдү келтирүүгө болот:

мышык , ***оймок*** , ***тамыр***, ***там***; ***my [mai]*** «менин», ***make [meik]*** «жасоо», ***stamp [stæmp]*** «марка», ***room [ru:m]*** «бөлмө».

Кыргыз тилиндеги [н] жана англис тилиндеги [n] фонемалары жарылма, мурунчул, уяң үнсүздөргө кирет. Аталган [н] / [n] үнсүздөрүн айтканыбызда мурун көңдөйүндөгү резонатор ачылып, өпкөдөн чыгып келаткан аба мурун көңдөйүнөн чыгуусунан улам, булар мурунчул үнсүздөргө киришет [Дикушина 1952: 59].

Кыргыз тилиндеги [н] тыбышын айтууда тилдин учу астыңкы тиштерге жакын жайгашуу менен, ал эми үстүнкү бөлүгү үстүңкү тиштерге жана альвеолаларга кептелип, натыйжада пайда болгон тоскоолдукту аба жарып өткөндүктөн жана тилдин учу активдүү катышкандыктан жарылма, уччул үнсүз катары мүнөздөлөт.

Англис тилиндеги [n] тыбышынын айтылышында тилдин учку бөлүгү, жогоруда айтылып өткөндөй, үстүңкү тиштердин альвеолаларына (үстүңкү тиштердин ички бүйлөлөрүнө) кептелип, аны менен тилдин учунун ортосунда тоскоолдук пайда болот. Ошол тоскоолдукту абанын жарып чыгуусу аркылуу жасалгандыктан англис тилиндеги [n] тыбышы үнсүздөрдүн альвеолалуу тибине кирет.

Англис тилиндеги [1] фонемасы да, кыргыз тилиндеги [л] фонемасы да жасалуу ордуна карай капталчыл, жасалуу ыгына карай жарылма, үн менен шыбыштын катышына карай уяң үнсүздөргө кирет. Аталган үнсүздөрдүн уяңдыгы абанын ооз көңдөйүнүн эки капталы аркылуу бөлүнүп чыгуусу аркылуу түшүндүрүлөт.Сөз болуп жаткан эки тилдеги [л] / [1] капталчыл, уяң, жарылма үнсүздөрүнүн артикуляциялык мүнөздөмөлөрү эки тилде тең дээрлик бирдей. Бул эки үнсүздү айтканда, тилдин учу үстүңкү тиштерге такалат, ал эми арткы бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлүп, ортоңку бөлүгү артты көздөй кайрылган абалда болот. Өпкөдөн чыгып келаткан аба ооз көңдөйүнүн эки капталынан чыгат. Андыктан тил күүсүнө карай [л] / [1] фонемалары үнсүздөрдүн апиалдуу тибине киргизилип жүрөт [Бондарко, Л. В. Фонетическое описание языка и фонологическое описание речи/ Л. В. Бондарко. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1981. – 198 с.].

Кыргыз тилиндеги [р] жана англис тилиндеги [г] фонемаларынын айтылышы эки тилде бир катар айырмачылыктарга ээ. Кыргыз тилиндеги [р] тыбышы үн менен шыбыштын катышына карай уяң, жасалуу ыгына карай дирилдеме, ал эми жасалуу ордуна карай уччул үнсүз катары мүнөздөлөт. Кыргыз тилиндеги [р] тыбышын артикуляциясы тилдин учу чыңалган, өйдө көздөй кайрылып катуу таңдайга көтөрүлгөн абалда болуп, өпкөдөн чыгып келаткан абанын тилдин дирилдөөсү менен коштолуп чыгышы аркылуу мүнөздөлөт. Дирилдөө тилдин эки капталынын ылдый карай түшүп туруусу жана тилдин арткы бөлүгүнүн жумшак таңдайга көтөрүлүшү, ошондой эле абанын ооз көңдөйүнөн белгилүү тоскоолдукка учурап чыгуусунан улам пайда болот. Кыргыз тилиндеги [р] тыбышын айтууда эриндер ачылган абалда болсо, англис тилиндеги [г] тыбышын айтууда эриндер нейтралдуу абалда болушат.

Англис тилиндеги [г] тыбышынын уяңдыгы туруктуу сактала бербейт. Жарылма, каткалаң үнсүздөрдөн кийин келгенде аталган тыбыш прогрессивдүү ассимиляцияга дуушарланып, натыйжада шуулдама жылчыкчыл үнсүзгө айланышын англис тилиндеги төмөндөгү сөздөрдүн айтылышынан көрүүгө болот: ***prove [pru:v]*** «далилдөө», ***press [près]*** «тыгылыш», ***tress [tres]*** «зулп».

Кыргыз тилиндеги [й] жана англис тилиндеги [j] тыбыштары да артикуляциялык жактан окшоштуктарга ээ. Атап айтканда, жасалуу ордуна карай орточул, жасалуу ыгына карай жылчыкчыл, үн менен шыбыштын катышына карай уяң үнсүздөргө кирет. Бул эки фонеманы айтканда тилдин учу астыңкы тиштерге карай ылдый түшүп, тилдин эки капталы үстүңкү азуу тиштерге жана катуу таңдайдын эки капталына тийген ал эми тилдин арткы бөлүгү алдыга карай жүткүнгөн абалда болот. Жылчык тилдин ортоңку бөлүгү менен катуу таңдайдын ортосунда пайда болот. Тилдин учу ылдый түшкөн, ал эми эриндер бош абалда болот. Сөз болуп жаткан үнсүздөрдү айтууда үн түйүндөрүнүн белгилүү өлчөмдө чыңалуусу да байкалат [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.- С.168, 125].

Үнсүз [w] фонемасы кош эринчил, орточул, уяң үнсүзгө кирет. Аталган үнсүздү айтканда, эриндер тегерек форманы кабыл алып, алдыга карай чормойгон абалда болот. Ал эми тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлүп, үн түйүндөрү вибрацияга учурагандыктан өпкөдөн чыккан аба катуу резонанска ээ болот. [w] уяң үнсүзүнүн тону катуу болгондуктан, ал шыбышты басып, мүнөздүү өзгөчөлүккө ээ болгон тембр жаралат. Аталган үнсүз созулуу бөтөнчөлүгүнө ээ болбой кыска айтылгандыктан, сүйлөө органдары кийинки тыбыштарды айтууга тез эле ыңгайлашып өтүп кетет [Бондарко, Л. В. Фонетическое описание языка и фонологическое описание речи/ Л. В. Бондарко. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1981. – 198 с.].

Кыргыз тилиндеги [с] жана [з] фонемалары жасалуу ордуна карай уччул, жасалуу ыгына карай жылчыкчыл жана үн менен шыбыштын катышына карай [с] каткалаң болсо, [з] фонемасы жумшак үнсүзгө кирет. Аталган эки үнсүздүн жасалышында тилдин учу активдүү позицияда болгондуктан уччул катары, ал эми аба тилдин учу менен үстүңкү тиштердин ортосунда пайда болгон жылчыктан өткөндүгүнө байланыштуу жылчыкчыл үнсүздөр катары мүнөздөлөт.

Аффрикаталардын артикуляциялык мүнөздөмөсү башка үнсүздөрдөн тоскоолдуктардын толук жабылуусу жана мындай тоскоолдуктардын артикуляциянын үчүнчү фазасында жылчыкка айлануусу менен айырмаланат. Тагыраак айтканда, пассивдүү органдардан активдүү сүйлөө органы акырындык менен алысташынын натыйжасында жылчык пайда болот. Өпкөдөн чыгып келаткан аба сөз болуп өткөн жылчыктан сызылып чыгуу менен, өзгөчө артикуляциялык мүнөздөгү үндү жаратат. Ошол себептүү кыргыз тил илиминде аффрикаталарды “бириккен үнсүздөр” деп да атоо салты бар. Бирок аффрикаталарды жөн гана жарылмалар менен жылчыкчылдардын биригиши катары мүнөздөп коюуга болбойт. Анткени алардын угулушунда жарылма үнсүз менен жылчыкчыл үнсүздүн чегин ажыратуу мүмкүн эмес [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.]. Сөз болуп жаткан үнсүздөр эки тилде тең позициялык жактан сөз башында, ортосунда жана аягында келе берет:

чирик, ***чөмүч***, ***ачкыч***; ***cheeze [t\i:z]*** «сыр», ***catch [kætʃ]*** «кармоо», ***nature [neɪtʃə']*** «жаратылыш».

Кыргыз тилиндеги [ш] фонемасы жасалуу ордуна карай уччул, жасалуу ыгына карай жылчыкчыл жана үн менен шыбыштын катышына карай шуулдама, анын ичинен каткалаң үнсүзгө кирет. Аталган тыбышты айтууда тилдин учу чыңалып, катуу таңдайды көздөй көтөрүлөт да натыйжада тилдин учку бөлүгү менен үстүңкү тиштердин ортосунда жылчык пайда болот. Өпкөдөн чыгып келаткан аба айтылып өткөн жылчыктан сызылып чыгат. Ал эми тилдин ортоңку бөлүгү бейтарап позицияда болуп, анын эки капталы үстүңкү тиштерге тиет. Ал эми үн түйүндөрү бош абалда болот.

Кыргыз тилиндеги [ш] тыбышы сөз башында, ортосунда жана аягында келип, дээрлик бардык эле үндүүлөр менен айкашып келе берет: ***шаар, тиш турмуш*** ж.б. Башка үнсүздөрдөн айырмаланып [ш] тыбышы жанаша келген тыбыштардын таасиринен улам белгилүү бир фонетикалык, артикуляциялык өзгөрүүлөргө учурабай туруктуу келет.

Кыргыз тилиндеги [ш] жана [ж] фонемаларынан айырмаланып, англис тилиндеги [ʃ], [ʒ] үнсүздөрү айтылыш узактыгы менен айырмаланышат. Мындан тышкары, англис тилиндеги аталган үнсүздөр тилдин артка карай тартылышынан улам, алардан кийин келген үнсүздөр менен биригип айтылып, алардын ортолорундагы тынымдын жиги билинбей калат [Дикушина О. И. Фонетика английского языка. – М.: Наука, 1952.].

Англис тилиндеги [ʃ] үнсүз тыбышы да сөздүн курамында бардык позицияларда келүү менен, англис тилинин көпчүлүк үнсүздөрүндөй эле кеп агымында артикуляциялык жактан туруктуу келет: ***shake [ʃeik]*** «силкүү», ***bishop ['biʃɔp]*** «епископ», ***push [puʃ]*** «түртүү».

3.3. Кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы палатализацияланган үнсүздөр

Англис тилинен кирген сөздөрдүн кыргыз тилине адаптацияланышына кедергисин тийгизген объективдүү факторлордун катарына англис тилиндеги фонемалардын кыргыз тилинде жоктугун да киргизүүгө болот. Маселен, англис тилине мүнөздүү [h], [w], [t], [ө], [dʒ] ж.б. фонемалар кыргыз тилинде жок. Ал эми тыбыштардын салыштырып кароодо эки тилдеги бири-бирине артикуляциялык жактан салыштырмалуу жакын үнсүздөрдү салыштырып кароо менен гана чектелебиз. Мындай фонемалар кыргыз тилиндеги айрым “инварианттар” аркылуу алмаштырылып, же болбосо инварианттар жок болуп калган учурларда этимон фонема реципиент тилдин бир нече фонемалары аркылуу туюндурулушу да ыктымал. Бирок мындай жолдор аркылуу фонемалардын туюндурулушу этимон тилдеги фонема менен реципиент тилдеги фонеманын жакындаштырылган вариантын бере алат. Мындай, жагдай, өз кезегинде кабыл алынган сөздөрдүн алар кабыл алынган тилдердеги вариативдүүлүгүнүн пайда болуусуна алып келет. Мындай артикуляциялык фонемалык репродукцияны англис тилиндеги төмөндөгү сөздөрдүн кыргыз жана орус тилдеринде айтылышынан көрүүгө болот:

[в] Winchester — винчестер

[уи] weekend - уик-енд

[т] thriller -> триллер

[ʌ][ŋ] marketing —» маркетинг, gangster — гангстер

[ж] projector- прожектор

[дж] joker - джокер

[х] hippie — хиппи

[г] handball гандбол

Англис тилинен кабыл алынган лексемалардын курамында келген [t], [d], [s], [v], [g], [k], [m], [n], [ʃ], [f], [1] сыяктуу үнсүз фонемалардын кыргыз тилинде, жалпысынан алганда, шайкеш келген [т], [д], [с], [в] [г], [к], [м], [н], [ш], [ф], [л]

өндүү дублеттери болгондуктан, алардын тыбыштык турпатын реципиент тилде берүү олуттуу деле кыйынчылыктарды жаратпайт. Андыктан англис тилинен кабыл алынган көпчүлүк сөздөрдүн фоновариантары пайда болбой, бир тыбыштык турпатта айтыла тургандыгын төмөндөгү сөздөр аркылуу иллюстрациялоого болот: training -тренинг, impeachment — импичмент, show - шоу, biker —байкер, jogging — джоггинг, pullover — пуловер ж.б.

Бирок мындай тенденция үндүү фонемаларды берүүдө сакталбай калган учурларына карата төмөндөгү сөздөрдүн кабыл алууу мисал боло алат:

[э] jackpot —> джекпот, establishment истеблишмент

[a] handicap —» гандикап,

[a] summit —» саммит, butterfly -баттерфляй [o] uppercut -» апперкот,

[A] [y] bungalow -» бунгало, tumbler —тумблер

[э] jumper —> джемпер.

Мындан тышкары кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы айрым фонемалардын берилиши бир катар фоновариантардын келип чыгуусу менен коштолушу ыктымал: campus —> кампус [э] [a] bungalow —» бунгало [o] becon —» бекон [э] surfing серфинг.

Жогоруда сөз болгон бир катар фоновариантардын келип чыгуусунун негизги себеби, биздин пикирибизде, тилдик кабыл кабыл алуунун жолдоруна, атап айтканда, оозеки же жазуу жолу аркылуу өздөштүрүлүүсүнө байланыштуу. Буга байланыштуу айрым сөздөрдүн тыбыштык турпатынан анын оозеки же жазуу жолу аркылуу кабыл алынгандыгын билүүгө болот. Маселен, *напалм* деген сөздүн жазуу жолу аркылуу кабыл алынгандыгын божомолдоп айтууга болот. Анткени бул создүн кабыл алынган варианты түп нуска сөздүн фонемалык вариантына караганда графикалык турпатына жакын болуп тургандыгы ачык байкалат (napalm – ['neipa.m, 'паэралп]). Тескерисинче, дизайн деген сөздүн кабыл алууу оозеки жол аркылуу ишке ашкандыгы анын графикалык турпаты

менен транскрипциясын салыштырууда ачык байкалып турат: design [di'zain] — » дизайн.

Кабыл алынган сөздөрдүн вариативдүүлүгүнүн бир катар себептеринин негизгиси катары жалпы тил илиминде палатализация кубулушу айтылып жүрөт. Асыресе, англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн тыбыштык курамындагы айрым үнүз фонемалардын палатизацияга учуроосу (орус тилиндегидей айтылышы) же учурабай айтылышын аныктоо максатында биз тараптан социолингвистикалык эксперимент жүргүзүлүп, сөз болуп жаткан маселе боюнча айрым бир жыйынтыктар алынды.

Эксперименттин жүрүшүндө ар кандай курактык жана кесиптик өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу аныкталган социалдык катмарлардын өкүлдөрүнө сурамжылоолор жүргүзүлдү. Атап айтканда, мындай топтордун өкүлдөрү катарында англис жана орус тили адистигинин окутуучулары, англис тили адистигинде окуган студенттер, башка тилдик адистиктерде билим алган студенттер, мектеп окуучулары, филологияга тиешеси жок жогорку билими барлар, орто билимдүүлөр өңдүү ар социалдык катмарлардан 20 өкүл алынып, аларга сурамжылоо иштери жүргүзүлгөн.

Лексикографиялык маалыматтарга таянсак, кыргыз тилине башка тилдерден кабыл алынган сөздөргө салыштырмалуу, англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы үнсүз тыбыштар палатализацияга дуушарланбай, басымдуу көпчүлүк учурларда алардын палатализацияланбаган тыбыштык прототиби сакталып айтылат. Мындай маалыматтын канчалык деңгээлде чындыкка дал келе тургандыгын аныктоо максатында, биз жогоруда сөз кылып өткөн, социолнигвистикалык эксперименттин биринчи жыйынтыгы төмөндөгү сүрөт аркылуу иллюстрацияланган.



1 сүрөт. *декор* сөзүндөгү *д* үнсүзүнүн палатализацияланган жана палатализацияланбаган варианттарынын социалдык топтордо колдонулуш репрезентациясы

Эскертүү: 1 – англис тили адистигинин окутуучулары ; 2 –орус тили адистигинин окутуучулары ; 3 –англис тили адистигинин студенттери; 4 – тилдик башка адистиктин студенттери; 5–мектеп окуучулары; 6 - филологияга тиешеси жок жогорку билими барлар; 7 – орто билимдүүлөр.

1. *декор* сөзүндөгү **д** тыбышынын палатализацияланбаган варианты;

1. *декор* сөзүндөгү **д** тыбышынын палатализацияланган варианты.

Сүрөттөн көрүнүп тургандай, сөз болуп жаткан үнсүздүн палатализацияланышы 5,6,7 номурлуу топторго, тагыраак айтканда, филологиялык атайын билими жок респонденттерге мүнөздүү (51,7%). Ал эми **д** тыбышынын палатализацияланбаган варианты англис тили адистигинин окутуучуларында басымдуулук кылат (85%).



2 сүрөт . *секьюрити* сөзүндөгү с жана *бармен* сөзүндөгү *м* үнсүздөрүнүн палатализацияланган жана палатализацияланбаган варианттарынын репрезентациясы

2 сүрөткө берилген түшүндүрмө. 1 – сүрөткө берилген түшүнд. кара.

1. *секьюрити* сөзүндөгү с тыбышынын палатализацияланбаган варианты;

1.*секьюрити* сөзүндөгү с тыбышынын палатализацияланган варианты;

2. *бармен* сөзүндөгү *м* тыбышынын палатализацияланбаган варианты;

2. *бармен* сөзүндөгү *м* тыбышынын палатализацияланган варианты.

Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн тыбыштык курамындагы үнсүздөрдүн палатализацияга учуроосунун эң жогорку сандык көрсөткүчү жогоруда көрсөтүлгөн *секьюрити* жана *бармен* сөздөрүнө таандык экендигин белгилөөгө болот. Мындай жагдайды аталган сөздөрдөн иликтөөгө алынган сөздөрдүн ичинен мурунураак кабыл алынгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Жогоруда келтирилген 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бул эки сөздүн реципиент тилге



3-сүрөт. *Блокбастер* сөзүндөгү **т** үнсүзүнүн палатализацияланган жана палатализацияланбаган варианттарынын репрезентациясы

адаптацияланышынын пайыздык көрсөткүчү башка сөздөргө караганда жогору (*секьюрити* (43%), *бармен* (33%)).

Кабыл алынган сөздөрдүн тыбыштык курамындагы үнсүздөрдүн палатализацияланышына таасирин тийгизген тышкы факторлордун катарына реципиент тилди алып жүрүүчүлөрдүн этимон тилди (англис тилин) билбестиги турат. Анткени эксперименттин жүрүшүндө англис тилин билбеген респонденттердин англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы үнсүздөрдү палатализациялап айтуу тенденциясы аныкталды. Ал эми респонденттердин 1 жана 2 тобуна киргендери үнсүздөрдү этимон тилдин нормасына ылайык айтышкандыгы да эксперимент аркылуу далилденди.

Ал эми респонденттердин жогорку билимге ээ экендиги же жогорку билиминин жоктугу экспериментке дээрлик таасирин тийгизе алган жок. Мындай жыйынтыкты биз 4 жана 5 топторду салыштыруудан соң чыгардык. Анткени бул топтордун ортосундагы айырманын пайыздык көрсөткүчү анча чоң эмес.

Басымдуу көпчүлүк учурларда англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы үнсүздөр палатализацияланбаган түрдө кездешет

(сөздүктөрдө берилген турпаттары). Ошого карабай кабыл алынган сөздөрдөгү үнсүз тыбыштардын палатализацияланып колдонулушунун деңгээли төмөндөгөнү байкалбайт. Айрым учурларда палатализацияланган фонемалар сөздүн аягында да келет: cocktail —» [коктэл'].

Кабыл алынган сөздөрдүн белгилүү бир бөлүгүн кыскартылган сөздөр (аббревиатуралар) да түзөт. Кыскартылган сөздөрдүн англис тилинен кыргыз тилине кабыл алууу ар кандай мүнөздөгү тенденциялар менен коштолот. Айрым учурда реципиент тилдин нормаларына ылайык, кыскартылган сөздөрдүн фонетикалык жана графикалык структуралары өзгөрсө, башка бир учурларда мындай сөздөрдүн фонетикалык структуралары өзгөргөнү менен, графикалык формалары сакталып калат (ВИП (Ви Ай Пи) - VIP, ПК - PC, Джи Ай - GI, диджей - DJ, Си Ди - CD). Мындай сөздөр калькалоо принцибинин негизинде да кабыл алынат (ООН –БУУ, НЛО –ТУБ).

Англис тилинен кирген аббревиатуралардын фонетикалык жактан адаптацияланышы да башка сөздөрдүн адаптацияланышынын принциптерге баш иет. Кадыресе сөздөрдүн катарында кыскартылган сөздөрдүн кабыл алууу бир катар жагдай аркылуу түшүндүрүлөт. Атап айтканда, чет тилинен кабыл алынган сөздүн кыскартылган сөз экендигин билбей, аны кадыресе сөз катары кабыл алууга байланыштуу кырдаалга, маселен, орус тилине кабыл алынып, ошол тыбыштык калыбында кыргыз тилине өткөн *лазер* деген сөз англис тилинде кыскартылган сөз экендигин жана ар бир тамга өз алдынча сөз катары чечмелене тургандыгын баардык эле адамдар биле бербестиги толук ыктымал. Анткени *лазер* англис тилинде *laser* деген турпатта келип кыскартылган башка создөрдөй эле чечмеленет (light amplification by stimulating emission ofradiation). Мындай сөздөрдүн катарына *basic (бейсик)* -Beginners' Allpurpose Symbolic Instruction Code, *nylon (нейлон)* - New York and London сыяктуу сөздөрдү кошууга болот.

Экинчи топтогу кыскартылган сөздөрдө этимон сөздүн графикалык формасы сакталганы менен, алар башка кадыресе сөздөрдөй эле фонематикалык субституциянын мыйзамдарына ылайык өзгөрүүлөрдү кабыл алышат.

3.4.Дифтонгдордун фонематикалык субституциясы

Кыргыз тилинен айырмаланып англис тилинде дифтонгдордун болушу кабыл алынган сөздөрдүн адаптацияланышында бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Анткени дифтонгдордун башка тилдердин тыбыштык мүмкүнчүлүгүнө жараша айтылышы алардын бир катар фоновариантттарынын жаралышын шарттайт:

[*eɪ*],[*e*]

late[leɪt] *let[let]* *sail[seɪl]* *sell[sel]*

paper[peɪpə] *pepper[pepə]* *trade[treɪd]* *tread[tred]*

rake[reɪk] *wreck[rek]* *fail[feɪl]* *fell[fel]*

[aɪ],[eɪ]

white[waɪt] *wait[weɪt]* *lied[li:d]* *laid[leɪd]*

rice[raɪs] *race[reɪs]* *rise[raɪz]* *raise[reɪz]*

like[laɪk] *lake[leɪk]* *file[faɪl]* *fail[feɪl]*

[ɔɪ]

boy[bɔɪ] *toy[tɔɪ]* *annoy[ənɔɪ]* *noise[nɔɪz]*

oil[ɔɪl] *join[dʒɔɪn]* *avoid[əvɔɪd]* *boils[bɔɪlz]*

voice[vɔɪs] *hoist[hɔɪst]* *joint[dʒɔɪnt]* *loiter[lɔɪtə]*

Бир эле дифтонгдун бир нече фоновариантттарынын пайда болуусу кабыл алуунун оозеки же жазуу жолу аркылуу ишке ашкандыгына да түздөн-түз байланыштуу. Белгилүү болгондой, оозеки жол аркылуу кабыл алуудө сөз көптөгөн өзгөрүүлөргө учурайт. Анткени башка тилден кирген сөз угулушуна карай айтылып, өз кезегинде өздөштүрүлүп жаткан тилди алып жүрүүчүлөр ал сөздү өз эне тилиндеги сөздөр менен ассоциациялык байланыштар аркылуу жакындаштырып, ыңгайлаштырып кабыл алууларына көп сандаган мисалдарды келтирүүгө болот.

Мындан башка себептерге сөздөрдүн өздөштүрүлүү мезгилин жана кабыл алынган сөздөрдүн колдонулуш жыштыгын да киригизүү шарт. Маселен, кыргыз тилине эзелтен кабыл алынып, жыш колдонулган сөздөрдүн тыбыштык турпаты

этимон сөздөрдүн тыбыштык турпатынан эчак алыстап кеткени талаш туудурбайт. Маселен, англис тилиндеги *стюард* деген сөз XX кылымдан башында кабыл алынгандыгына карабай, жыш колдонулгандыгына байланыштуу тыбыштык жактан көбүрөөк өзгөрүүлөргө учураган. Ошол эле маалда *спиричуэл* деген сөз жогоруда аталган сөздөн айырмаланып, андан мурунураак, атап айтканда, XX кылымдан 70 – жылдарында кабыл алынгандыгына карабай, сейрек колдонулгандыгынан улам өзүнүн баштапкы тыбыштык турпатына жакын фонетикалык формасын сактап калган.

Биздин оюбузча, фоновариантардын жаралуусунун негизги себеби, англис жана кыргыз тилдеринде артикуляциялык мүнөздөмөсү бирдей айрым фонемалардын жоктугу аркылуу түшүндүрүлөт.

3.5.Англис жана кыргыз тилдериндеги басымдын мүнөздөмөсү

Басым кеп ишмердүүлүгүнүн табияты татаал жана көп кырдуу маселелерин өз кучагына камтыган зарыл талаптардын бири катары эсептелет. Анткени басымдын туура коюлушу аркылуу кептин сабаттуулугу, маданияттуулугу, сүйлөп жаткан адамдын адабий тилдин нормалары туурасында түшүнүгүнүн бар экендиги да аныкталат. Мындан тышкары басымдын туура эмес коюлушу, же болбосо акцентуациянын туура эместиги сөздүн фонологиялык, ал эми кептин ыргактык жактан уюушулушуна кедергисин тийгизет.Басым өзүнчө турган сөзгө жана кеп агымында орун алган сөздөргө да мүнөздүү келет.

Сөздүн тыбыштык формасы жалаң эле андагы тыбыштардын курамы жана алардын комбинаторикасы аркылуу айырмаланбай, ошондой эле тыбыштардын артикуляциясынын күчүнүн диференциациясы, созулушу жана башка белгилери аркылуу да аныкталат. Басым түшкөн үндүү күчтүү муундун негизин, ошону менен бирге анын айтылыш жана акустикалык бөтөнчөлүктөрүн аныктоо кызматын аткарат. Ал эми басым түшпөгөн үндүү белгилүү бир өзгөрүүлөргө дуушарланат. Атап айтканда, басым аркылуу басым түшпөгөн үндүүлөрдүн да артикуляциялык мүнөздөмөсү аныкталып, алар редукция кубулушуна туштугушат. Басым түшпөгөн

муундардын редукцияланыш деңгээлдери кыргыз жана англис тилдеринде ар кандай болот.

Кыргыз тилинде басым түшкөн муундан обочо турган муундарда редукциянын деңгээли жогору болот. Англис тилинде, тескерисинче, редукция басым түшкөн муундун алдындагы муунда жана андан кийинки муунда алсыз болуп, ал эми басым түшкөн муундан обочо, алыс турган муундарда үндүүлөрдүн чыңалуусу күч алат.

Басымдын мүнөзү, сөздөн алган орду, сапаты жана кызматы тилдин фонетикалык түзүлүшү аркылуу аныкталат. Кыргыз жана англис тилдериндеги сөздүк басымдын системаларындагы айырмачылыктар акценттин келип чыгуусун шарттайт.

Чет элдик тил илиминде сөздүк басымдын теориялык маселелери жаатында Аванесов Р.И. (1954,1955), Горбачевич К.С. (1971), Кацнельсон С.Д. (1966), Колесов В.В. (1972), Потебня А.А. (1973), Редькин В.А. (1971), Суперанская А.В. (1968), Jones D. (1976), Bolinger D. (1972) өңдүү окумуштуулар изилдөө жүргүзүшкөн болсо, ал эми В.А Богородицкийдин, (1922, 1939), В.В. Виноградовдун (1938), Л.В. Щербанын (1974) эмгектери дээрлик акцентологиянын теориялык жана практикалык маселелерине арналган.

Англис жана кыргыз тилдериндеги басым табияты жагынан бири-биринен айырмаланат. Тагыраак айтканда, англис тилинде басым түшкөн муун басым түшпөгөн муундардан айтылыш тонунун бийиктиги менен айырмаланса, кыргыз тилинде басым түшкөн муун андагы үндүү фонеманын созулуп айтылышы аркылуу айырмаланат.

А.А. Реформаторский жогоруда айтылып өткөн өзгөчөлүктөрдү бириктирип, комплекстүү басым деген түшүнүктү колдонгон. Башкача айтканда, окумуштуунун пикиринде басым түшкөн муун башка муундардан күчтүү жана созулуу менен айтылышы аркылуу айырмаланышы керек.

Англис тилиндеги басымдын тоналдык компонентинин табиятын түшүнүү үчүн салыштырма-тарыхый тил илиминде каралган маселелерге кайрылуу зарылдыгы келип чыгат. Анткени жалпы индоевропа тилдеринде басым сөздүн кайсы бир муунунун көтөрүңкү тон менен айтылышы аркылуу мүнөздөлгөн. Байыркы индоевропа тилдерине тиешелүү жазма эстеликтер катары эсептелген санскрит менен грек жазмаларында көтөрүңкү тон менен айтылган муундарды бөлүп көрсөтүү үчүн атайын белги системалуу түрдө пайдаланылгандыгы маалым. Тондун көтөрүңкү үн менен айтылышы фонологиялык жактан мааниге ээ болуу менен, сөздөрдүн маанилерин бири-биринен ажыратуу кызматын аткаргандыгы да белгилүү. Бирок мезгилдин өтүшү менен индоевропалык тилдердин ичинен герман тилдеринде тоникалык басым динамикалык басымга өтүү менен, тоникалык басымдын айрым белгилерин сактап калган. Азыркы учурда тоникалык басым швед, норвег тилинде жана дат тилинин айрым диалектилеринде кездешет.

Англис тилиндеги сөздөрдө басымдын табияты так жана жалпы мүнөздөгү эрежелерге баш ийбестиги тилчи-окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип келген. Ошондой болсо дагы көп сандаган сөздөрдүн мисалында негизги басымдын ордун аныктоого байланыштуу жеке мүнөздөгү эрежелер бар экендигин белгилөөгө болот.

Англис тилинде басым көпчүлүк учурларда сөздүн уңгусуна, анын биринчи муунуна түшөт. Ал эми англис тилиндеги айрым префикстерди (anti-, over-, ex-, ultra-) эске албаганда, аффикстерге басым түшпөйт.

В.Н. Васильев (1969: 57-58) басымдын сөздөгү ордун аныктоодогу тенденциялар катары рецессивдик, ритмикалык, ретентивдик жана семантикалык мүнөздөгү тенденцияларды бөлүп көрсөтөт. Башка учурларга карата басымдын түшүшүнө таасирин тийгизген семантикалык, морфологиялык, семантика-морфологиялык, ритмикалык, фонетикалык жана прототиптик өңдүү алты факторду атаган [Торсуев Г.П., 1970:10-12].

Басымдын белгилүү бир муунга түшүүсүн аныктаган факторлор туурасында кеп козгоодо, мындай факторлордун таасири, бири-бири менен өз ара карым-

катнашы, айрым учурларда өз ара карама-каршылыгы ар кайсы тилде ар кандай боло тургандыгын эстен чыгарбоо керек. Мындан тышкары сөз болуп жаткан факторлор тилдин тарыхый өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында ар кандайча таасирге ээ болуп келгендигин да унутпоо шарт. Себеби мезгилдин өтүшү менен тилдеги ар кандай мүнөздөгү кубулуштардан улам, акцентологиялык система да өзгөрүүлөргө учурабай койбойт. Мындай процесстердин жүрүшү айрым факторлордун пассивдешип же таптакыр жок болуусу менен, же тескерисинче, акуталдашуусу менен коштолушу да талаш туудурбайт. Мындай процесстердин натыйжасында тилдин акцентологиялык системасында сөз болуп жаткан факторлордун саны жана сапаты өзгөрүүлөргө учурайт.

Сөздүн акценттик варианттарынын мүнөзү ар кандай болуусу мүмкүн. Айрым варианттар адабий тилдин нормасынын алкагында болсо, айрымдары адабий тилдин нормасына ылайык келбейт. Аталган эки вариант нормалдаштырууну бирдей талап этет. Анткени адабий тилдин нормасына ылайык келген акцентологиялык варианттарга өзгөчө маани берүү менен, сүйлөшүү стилине, кесиптик лексикага мүнөздүү акценттик бөлтөнчөлүктөрдү эске албай коюу сөздөрдүн колдонулушундагы баш аламандыктарга алып келүүсү мүмкүн.

Сөздөгү басымдын ордуна таасирин тийгизген факторлор фонетикалык жана фонетикалык эмес мүнөздө болуулары мүмкүн. Маселен, кыргыз тилиндеги басымды аныктаган фонетикалык фактор катары *у, и* элементтеринен алардын алдындагы *а, е, о,* өңдүү үндүүлөргө басымдын өтүүсүн эсептөөгө болот. Сөздүн айтылышынын акценттик варианттарга ээ болуусунун негизги себеби катары фонетикалык процесстер эсептелет деген көз карашты окумушуу Т.М. Николаева да тутунган (1971:6). Окумуштуу алдыңкы катарды түзгөн үндүүлөргө салыштырмалуу, арткы катардагы үндүүлөр “күчтүү” келип, басымды өзүнө тартып алат деген пикирди айтуу менен, мындай үндүүлөр катары *о, а, у* тыбыштарынын мисалга келтирген.

Басымдын вариативдүүлүгүнө таасир тийгизген фонетикалык эмес, же айрым адабияттарда аталып жүргөндөй, лингвистикалык эмес факторлорго

лексиканын стилдик жактан жиктелишин киргизүүгө болот. Мындай жиктелүүлөр социалдык факторго (профессионализмдер, оозеки кеп, жаштарга мүнөздүү сленгдер ж.б.) же аймактык, территориялык факторго (диалект, говорлор) байланыштуу боло тургандыгы белгилүү.

Жалпы тил илиминин алкагынан алып караганда, басымдын теориялык жана практикалык маселелери тарыхый өңүттөн, ар кайсы тилдердин чегинде каралуу менен, аны илимий жактан нормалаштыруу аракетинин жүрүп жатканы байкалат. Акценттик нормаларды кабыл алуу багытында соңку жылдарда сөздүктөрдүн, пособиелердин, колдонмолордун жарык көрүп жатышын да кошумчалоого болот. Ал эми кыргыз тилиндеги басым туурасында кеп козголгондо төл сөздөрдө же кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө (маселен, ассимиляция, диссимиляция, протеза, эпитеза, эпентеза) ылайык кабыл алынган сөздөрдө басымдын туруктуулугу, башкача айтканда, акыркы муунга түшүшү белгиленет. Бирок башка тилдерден орус тили аркылуу кирип жаткан сөздөрдүн кыргыз тилине орус тилинин өзгөчөлүктөрүнө ылайык кирүүсү кыргыз тилинин басым системасынын бузулуусуна алып келгендигин баса белгилөө зарыл. Анткени орус тили аркылуу башка тилдерден кирген сөздөрдө басым туруктуу болбой, жылма, башкача айтканда, динамикалык басым орун алып, жыйынтыгында алардын айтылыш жана жазылыш өзгөчүлүктөрү орус тилиндегидей турпатта болуп келген жана мындай тенденция бүгүнкү күнгө дейре сакталып келе жатат.

3.6. Кабыл алынган сөздөрдөгү басым

Айрым бир учурларды эске албаганда, кыргыз тилиндеги басым башка түрк тилдериндей эле сөздүн акыркы муунуна түшөт. Андыктан кыргыз тилине түрк тилдеринен кирген сөздөрдө басым сакталып, натыйжада алардын кыргыз тилине тыбыштык жактан адаптацияланышы ийгиликтүү жүргөндүгү алардын кыргыз тили менен болгон тектештиги аркылуу түшүндүрүлөт. Ушундай эле пикирди

кыргыз тилине араб, иран, монгол тилдеринен кирген сөздөргө карата да айтууга болот.

Ал эми Европа тилдеринен кыргыз тилине сөздөр дээрлик орус тилинин транзиттик кызматы аркылуу киргендиги тарыхый жактан кыргыз элинин европа элдери менен түздөн-түз алака мамилелесинин болбогондугу менен тастыкталат. Ошол себептүү европа тилдеринен сөздөр орус тилине кабыл алынып, андан соң кыргыз тилине кирип, алардын фонетикалык жактан кабыл алууу XX кылымдын 60-жылдарынан кийин дээрлик токтоп, орус тилинде кандай айтылып жазылса, ошол калыбында кыргыз тилине өтүп тургандыктары белгилүү. Мындай жагдайдын түзүлүшүнө кыргыз тилинин 1953- жылы кабыл алынган орфографиялык эрежелери өзүнүн таасирин тийгизген. Тагыраак айтканда, туура жазуунун негизги принциптеринин катарынан тарыхый принцип да орун алып, аталган принципке ылайык, “орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөр, орус тилиндегидей айтылышы жана жазылышы керек” деген эреженин кирүүсү менен орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр орус тилинде кандай айтылып жазылса, ошол калыбында кыргыз тилине өтө баштаган. Албетте, мындай эреже кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын туруксуз, динамикалык мүнөзүнүн сакталып калышын да шарттагандыгы белгилүү. Тил илиминде мындай жагдай, тагыраак айтканда, кабыл алынган сөздөрдүн башка тилдеги тыбыштык турпатынын жана андагы басымдын түп нуска тилдегидей абалда сактылып калышы сөздөрдүн кабыл алууу катары эмес, аларды баскын сөздөр катары (варваризм) мүнөздөйт.

Сөздүн аны кабыл алып жаткан реципиент тилдин лексикалык жана грамматикалык структурасына кирүүсү менен анын акценттик адаптациясы башталат. Кабыл алынган сөздөгү басымдын диалектилерде айтылыш бөтөнчөлүктөргө ээ болушу жана аларга грамматикалык формалардын улануусун окумуштуулар сөздөрдүн өздөштүлүрүлүш процессинин белгилери катары баалашат.

Кыргыз тилине кабыл алынган сөздөр туурасында айта турган болсок, алардагы басымдын орду, жогоруда сөз болгондой, кыргыз тилинин кыртышына ылайык келбегени аларга грамматикалык формалардын уланышынан да ачык байкалат. Анткени кыргыз тилинин төл лексикасына мүнөздүү же болбосо, кыргыз тилине башка тилдерден кирип бирок сөздүн толук маанисинде кабыл алынган сөздөрдө басым сөзгө уланган акыркы грамматикалык формага түшө тургандыгы белгилүү. Бирок жогоруда сөз болгондой,кыргыз тилине орус тилинен, же ал аркылуу башка тилдерден тарыхый принциптин негизинде кабыл алынган сөздөргө мүчөлөрдүн уланганына карабастан, басым рецептор тилдегидей сакталып калгандыгы, биздин пикирибизде, сөздөрдүн өздөштүрүлбөгөндүгүнүн белгиси катары бааланышы керек. Демек, мындай тилдик фактылардан, тагыраагы, сөздүн түп нуска вариантындагы басымдын орду менен анын кыргыз тилине кабыл алынгандан кийинки ордун салыштыруу аркылуу анын кабыл алуунун деңгээлин аныктоо керектиги туурасында жыйынтыкка келүүгө болот. Сөздөрдүн кабыл алуунун жалпы мыйзамдары туурасында окумуштуу Н.К. Дмитриева (1961: 102): “Эгерде сөз өзүнүн баштапкы белгилерин (басым, жазылуу өзгөчөлүгүн ж.б.) башка тилге өткөндөн кийин дагы сактап калса, ал кабыл алынып жаткан тилде сүйлөгөн жамааттын тилдик аң-сезиминде бөтөн сөз катары кабылданат. Ал эми, тескерисинче, ал сөз өзү кабыл алынып жаткан тилдин өнүгүүсүнүн ички мыйзамдарынан келип чыккан фонетикалык, грамматикалык, синтаксистик бөтөнчөлүктөрүн кабыл алып, ошого ылайык өзгөрүүлөргө учураса, анын башка тилден киргендигинин жиги билинбей, төл сөз катара кабылдана баштайт” деген пикирди айткан. Айтылган ушул пикирге ылайык англис тилинен кыргыз тилине кирген сөздөрдүн акцентологиялык адаптациясын карай турган болсок, биз тараптан иликтөөгө алынган англицизмдердин 52% этимон тилдеги басым сакталып калган болсо, сөздөрдүн 40% басым этимон тилдеги сөздөрдөгү басым менен шайкеш келбейт. Ал эми 8% сөздөрдүн айтылышынын эки варианты бар болуп чыкты. Мындай тенденция кыргыз тилинде белгилүү мезгил аралыгында

колдонулган чет тилдерине жана соңку мезгилдерде кабыл алынган сөздөргө да мүнөздүү экендиги аныкталды.

Кабыл алынган лексика, белгилүү болгондой, бир компоненттүү жөнөкөй сөздөрдөн, ошондой эле эки же андан ашык этимон сөздөрдөн турган көп компоненттүү татаал сөздөрдөн турат. Бул өңдүү татаал жана жөнөкөй сөздөрдөгү басымдын түшүүсү өздөрүнө мүнөздүү тенденцияларга ээ болот.

Кабыл алынган сөздөр менен алардын баштапкы фомаларынын акценттик структураларындагы айырма, көбүнесе, татаал сөздөрдө ачык байкалат. Айталы, этимон сөздөрдөгү басым, эреже катары, биринчи компоненттин уңгусундагы муунга түшсө, ал эми кабыл алынган сөздөрдүн 82% басым кыргыз тилинде экинчи компонентке жылып кеткен (*'popcorn - поп'корн, 'barmen - бармен, 'off-shore - офф'шор*). Басымдын минтип жылып кетиши, кыргыз тилинде кептин ыргагынын уюушулуш бөтөнчөлүгүнө, башкача айтканда, кептеги ыргактык тең салмактуулукту сактоо зарылдыгына байланыштуу болушу мүмкүн.

Татаал сөздөрдүн биринчи муунуна сейрек учурларда гана басым түшпөсө, көпчүлүк учурларда басым экинчи же үчүнчү муунга түшө тургандыгы белгилүү. Бирок ошондой болсо да кабыл алынган сөздөрдүн бир тобунда түп нуска тилдегидей басым, тактап айтканда, биринчи муунга түшүүсү сакталып калган (*'printer - 'принтер, 'rucksack - 'рюкзак, 'practice - 'практика*).

Айрым учурларда татаал сөздөрдөгү ыргактын дестабилизациясы кошумча басымдын пайда болушу менен нейтралдашат. Бирок мындай кошумча басым бардык эле сөздүктөрдө эске алына бербегени менен, сөздөрдүн айтылышында сакталат (*боди'билдинг, шоу'бизнес).*

Татаал сөздөргө салыштырмалуу жөнөкөй сөздөрдө түп нуска тилдеги баштапкы басымдын сакталуу деңгээли көбүрөөк. Мындай тенденция колдонулушу сейрек жана соңку мезгилдерде кабыл алынган сөздөргө басымдуулук кылат (*'pilling - пилинг', lifting- беттин терисин тарттыруу*). Ал эми акценттик структуралардын шайкеш келбөөсү төрт же андан көп муундан турган жөнөкөй сөздөрдө байкалат(*'imigemaker-имидж'мейкер, 'primetime-праймтайм*).

Акыркы элементи *-ер, -инг* муундары менен аяктаган англицизмдер өзгөчө көңүл бурууну талап этет. Аталган элементтер менен аяктаган сөздөр кабыл алынган сөздөрдүн чоң тобун түзүү менен, басымдын түшүшүнүн өзүнчө тенденциясын жаратышкан. Атап айтканда, кабыл алынган мындай сөздөрдөгү басым кыргыз тилинде дээрлик акыркы муунган түшпөстөн, акыркы муундун алдындагы муунга түшөт. Башкача айтканда, мындай сөздөрдөгү акыркы муундар басымды өзүнүн алдындагы муунга тартат. Эреже катары, бул категориядагы сөздөр үч же андан ашык муундан турат жана алардагы басым сөздөрдүн баштапкы тилдеги вариантындагы басымга шайкеш келбейт (*e'lectorate-электо'рат, 'monitoring - мони'торинг).* Бирок кыргыз тилине башка тилдерден кабыл алынган эки муундан турган этимон тилдеги сөздөрдөгү басым менен реципиент тилдеги сөздөрдөгү басымга көпчүлүк учурларда шайкеш келет (*speaker - 'спикер*). Мындай өзгөчөлүк көбүнесе, эки муундан турган жөнөкөй сөздөргө мүнөздүү (*laptop - 'лэптоп,'online-онлайн 'imige-'имидж*). Сөз болуп жаткан тенденцияны кыргыз тилиндеги басымдын акыркы сөздүн акыркы муунуна түшүүсүнүн туруктуулугу аркылуу түшүндүрүүгө болот.

Кыргыз тилинде кабыл алынган сөздөргө карата акцентуациянын так эрежелеринин жоктугунан улам, басымдын кабыл алынган сөздөрдүн кайсы муунуна түшүүсүнүн тууралыгы жөнүндө маселе чечилбей келет.

Англис тилинен кыргыз тилине кирген сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгү орус тилиндегидей айтылып жана жазылып жүргөндүгүнө карабай, биздин изилдөөдө жүргүзүлгөн социолингвистикалык эксперименттер кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын коюлушуна айрым бир социалдык факторлордун (кесиптик жана курактык өзгөчөлүктөр, билим) канчалык деңгээлде таасир тийгизе алары иликтенди. Иликтөө материалы катары англис тилинен кыргыз тилине салыштырмалуу соңку мезгилдерде кирген акценттик структурасы вариативдүү сөздөр алынды. Изилдөөнүн объектилери катары алынган төмөндөгү сөздөрдүн көпчүлүгү респонденттерге белгисиз болгондугун да атайын белгилеп өтүү зарыл деп ойлойбуз:

Дисплей-display

Файл-file

Мониторинг-monitoring

Бизнес-business

Аудитор-auditor

Бестселлер-bestseller

Триллер-thriller

Мерчендайзер-merchandiser

Хит-hit

Курикулум-curriculum

Дискуссия-discussion

Инаугурация-inauguration

Саммит-summit

Бунгало - 'bungalow

буллит - 'bullet

бобтейл - bobtail

ноутбук - 'notebook

шоумен - 'showman

чайнворд - chainword

бебиситтер - 'babysitter

фаст-фуд - 'fast-food

бушмен - 'bushman

тотем - 'totem

диджей - DJ

релиз -release

плейлист- playlist

ремейк- remake

фейс-контроль-face-control

ток-шоу- talk-show

маркетинг- marketing

лизинг- leasing

брокер- broker

менеджер- manager

промоутер- promoter

уикенд- weekend

бойфренд-boy-friend

лузер-looser

дайвинг-diving

блендер- blender

постер-poster

спам - spam

тостер-toaster

иммигрант-immigrant

Келтирилген сөздөрдөгү басым лексикографиялык булактарда кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын позициялык мүнөздөмөсүнө байланыштуу айтылган пикирлердин турукташа электигин айгинелейт. Мындай жагдайды соңку мезгилдерде башка тилдерден кыргыз тилине сөздөрдүн эч кандай тескелүүсүз кирүүсүнүн агымынын ургалдуу мүнөзгө өткөндүгү, ошондой мындай сөздөрдүн акценттик структурасынын өгөртүүнүн так эрежелери иштелип чыга электиги менен түшүндүрүүгө болот. Андан калса, соңку мезгилдерде кыргыз тил илими жаатында жарык көргөн сөздүктөрдө кабыл алынган сөздөрдү этимон тилдеги акценттик структураларын сактоо менен берилүү тенденциясы ачык байкалат. Бул өндүү тенденцияларды аныктоо максатында биздин изилдөө ишибизде жүргүзүлгөн экспериментке 140 респондент катышты. Эксперименттин жүрүшүндө ар кандай курактык жана кесиптик өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу аныкталган социалдык катмарлардын өкүлдөрүнө сурамжылоолор жүргүзүлдү. Атап айтканда, мындай топтордун өкүлдөрү катарында англис жана орус тили мугалимдери, англис тили адистигинде окуган студенттер, башка тилдик

адистиктерде билим алган студенттер, мектеп окуучулары, филологияга тиешеси жок жогорку билими барлар, орто билимдүүлөр өңдүү ар кандай социалдык катмарлардан 20 өкүл алынып, аларга сурамжылоо иштери жүргүзүлгөн.

Иликтөөнүн жыйынтыгы кабыл алынган англицизмдердин 46% көп компоненттүү, тагыраак айтканда, эки же андан ашык этимон сөздөрдөн турган татаал сөздөр түзө тургандыгын көрсөттү. Мындай сөздөрдүн катарына: *бобслей, топлесс, фристайл, баттерфляй, бармен, боди-арт, бестселлер, джекпот, мейк-ап, попкорн, грейпфрут, имиджмейкер, саундтрек, пуловер, аутсайдер* өңдүү сөздөр киргендигин белгилей кетүү шарт. Англис тилинде жогоруда аталып өткөн сөздөрдө басым биринчи компоненттин уңгуну түзүп турган муунуна түшсө, кыргыз тилинде мындай тенденция бардык эле сөздөрдө сактала бербестигин көрүүгө болот. Маселен, лексикографиялык булактарда этимон тилдин акценттик структурасы *грейпфрут, бобслей, бармен, топлесс* сыяктуу сөздөрдө сактала тургандыгы айтылса, кыргыз тилинде күнүмдүк сүйлөшүү практикасында басымды экинчи муунга түшүрүп сүйлөө варианты кеңири практикалана тургандыгы да далилденди. Тагыраак айтканда, сурамжыланган респонденттердин көпчүлүгү *лэптоп, джек-пот, рюкзак* сыяктуу сөздөрдү айтууда басымды акыркы (экинчи) муунга түшүрүп айткандыгы тастыкталды (5-сүрөттү кар.). Респонденттердин 6,7 тобундагылар 1,2, 3 жана 4 – топтогуларга салыштырмалуу басымды акыркы муунга түшүрүп айтуусунун тенденциялык мүнөзү аныкталды. Маселен, *шоумен* деген сөздүн айтылышында бардык сөздүктөрдө басым биринчи муунга түшүрүлүп берилсе, сурамжыланган респонденттердин жарымына жакыны аталган сөздү басымды акыркы муунган түшүрүп айтышкан. Мындай өзгөчөлүк формалдуу аналогия фактысы аркылуу түшүндүрүлүшү ыктымал. Башкача айтканда, жогоруда бир нече ирет белгиленип өткөндөй, кыргыз тилиндеги акцентуациянын белгилүү бир тибинин басымдуулугу, же болбосо басымды акыркы муунга түшүрүп сүйлөө өзгөчөлүгү кабыл алынган сөздөрдөгү басымды акыркы муунга түшүүсүн шарттоосу мүмкүн экендиги туурасында жыйынтыкка келебиз. Мындан тышкары басымдын кайсы муунга түшүшү акыркы муундун мүнөзүнө да көз каранды экендигин белгилөө зарыл. Атап айтканда, -*мен* элементи менен аяктаган *бармен, шоумен,*

бизнес'мен, полис'мен, супер'мен, буш'мен сыяктуу сөздөрдүн көпчүлүгүн респонденттер басымды акыркы муунга түшүрүп айтышкан.

Ал эми массалык маалымат каражаттарында интер'нет, имми'грант, плей'лист сыяктуу сөздөрдү айтууда басымдын акыркы муунга түшүүсү 90%, ал эми пуло'вер деген сөздө 36% болгондугу аныкталган. Ошого карабастан сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй пуло'вер деген сөздө респонденттердин 64% басымды экинчи муунга түшүрүп айтышкан. Бирок англис тилинен кабыл алынган, аягы *–ер* элементи менен аяктаган сөздөрдө



5 – сүрөт. Социалдык топтордо *лэптоп* сөзүнүн айтылышынын акценттик варианттары

басым акыркы муунга түшө тургандыгы *имиджмейкер, бебиситтер, скутер, провайдер, компьютер, аутсайдер, плеер* өндүү сөздөрдү айтууда байкалат. Басымды акыркы муунга түшүрүп сүйлөө эксперименттин 5 (60%) жана 6 (50%) тобундагыларга мүнөздүү экендигинин пайыздык катышы аныкталды.

Сурамжылангандардын 72 % *принтер* деген сөздү айтууда басымды акыркы муунга түшүрүшсө, *ноутбук* деген сөздөгү басымды акыркы муунга түшүрүп айткандар 71% түзгөн (7 – сүрөттү кар.). Ушул өндүү



6 – сүрөт. Ар кандай социалдык топтордо *шоумен* деген сөздүн айтылышында басымдын коюлушу

бөтөнчөлүктөр менен катар аталган сөздөрдү этимон тилдегидей биринчи муунга басым түшүрүп айтуу дагы орун алгандыгын белгилөө зарыл. Этимон тилдеги басымды сактап айтуу англис тилин билген 1,2,3 топтогу информанттарда тенденциялык мүнөз алып жүрө тургандыгы тастыкталды.

Ал эми соңку мезгилдерде жарык көргөн лексикографиялык булактарда *ноутбук* же *скейтборд* өндүү айрым кабыл алынган сөздөрдүн басым биринчи муунга түшкөн варианттарын кездештирүүгө болот. Кыргыз тилине басымдын биринчи муунга түшүүсү мүнөздүү болбосо да, биринчи мууну басым менен айтылган сөздөрдүн кыргыз тилинин лексикасынан орун алып жатышы негативдүү тилдик факты катары бааланышы керек. Анткени тилдик кабыл алуу процесси өзүнүн толук маанисинде тилдин бардык ярустарына мүнөздүү болгон мыйзам ченемдүүлүктөрдүн сакталышы

менен гана ишке ашырылышы шарт экендиги окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленет.



7 –сүрөт.

Соңку мезгилдерде кыргыз тилинин активдүү лексикасынан орун алган *маркетинг* сөзү өзүнчө илик жүргүзүүгө арзыйт. Массалык маалымат каражаттарында 'маркетинг варианты 78% түзсө, *мар'кетинг* варианты 22% түзгөн. 1, 2, 3 топтогу респонденттер аталган сөздөгү басымды түп нуска тилдегидей биринчи муунга түшүрүп айтышса, калган топтордун өкүлдөрү басымды акыркы муунга түшүрүп айтышкандыгы жогоруда келтирилген 6 – сүрөттө берилген.

Басымдын акыркы муунду көздөй тартылышы, жогоруда белгиленгендей, формалдуу аналогия фактысы аркылуу түшүндүрүлүшү мүмкүн. Же болбосо, кыргыз тилиндеги акцентуациянын белгилүү бир тибинин басымдуулугу, же болбосо басымды акыркы муунга түшүрүп сүйлөө өзгөчөлүгү кабыл алынган сөздөрдөгү басымды акыркы муунга түшүүсүн шарттайт.



8 – сүрөт.

Төмөндө *маркетинг* сөзүнө акыркы муундарынын тыбыштык турпаты жакын, тагыраак айтканда, -инг менен аяктаган *серфинг, митинг, спарринг, кемпинг, виндсерфинг, мониторинг, дайвинг, кемпинг* сөздөрүндөгү акценттик нормаларды респонденттердин басымдуу көпчүлүгү формалдуу аналогиянын таасири астында аныкташкан. Башкача айтканда, алар аталган сөздөрдөгү басымды акыркы муунга түшүрүп айтышкан.

Ал эми *дисплей, саммит, истеблишмент* өндүү сөздөрдүн түп нуска тилдеги акценттик структуралары, лексикографиялык булактардагы, ошондой эле экспериментке катышкан информанттар тарабынан аныкталган акценттик структуралдар менен шайкеш келе тургандыгы конкреттүү тилдик материалдардын негизинде аныкталды.

Респонденттердин 86% *дисплей* сөзүн айтууда басымды биринчи муунга түшүрүп айтышса, *саммит* сөзүндө да басымды биринчи муунга түшүрүп айтуучулардын пайыздык катышы 91% түзгөн. Ал эми басымды экинчи муунга түшүрүп айтуу мектеп окуучуларынын арасында көбүрөөк кездешкен факт экендиги да белгиленди (дисплей -25%, саммит - 15%).

Ушул сыяктуу эле *истеблишмент* сөзүнүн айтылышынын үч акценттик вариантынын пайыздык катышы көрсөтүлгөн: респонденттердин 82% *истеблишмент* сөзүнүн экинчи муунуна басым түшүрүшкөн. Төртүнчү топко кабыл алынган бир компоненттүү сөздөр кирет. Мындай сөздөрдүн
түп нуска тилдеги жана реципиент тилдеги сөз формаларындагы басым

түшүү орду бири-бирине туура келбей тургандыгы *риэлтер, боулинг, саундтрекс, ноу-хау* деген өндүү сөздөрдүн мисалында көрсөтүлдү.



9 – сүрөт. Ар кайсы социалдык топтордун кептериндеги риэлтер сөзүндөгү басымдын идентификациясы.

Кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын түшүүсүнө айрым учурларда улуттук өзгөчөлүк сыяктуу тышкы фактор дагы өз таасирин тийгизет. Маселен, орус тилдүүлөргө салыштырмалуу кыргыз тилдүү информанттардын тилинде кабыл алынган сөздөрдөгү басымды акыркы муунга түшүрүп айтуу өзгөчөлүгү көбүрөөк байкалат. Мында, жогоруда бир нече ирет белгиленип өткөндөй, кыргыз тилиндеги басымдын акыркы муунга түшүү бөтөнчөлүгү таасирин тийгизбей койбойт. Мындай тилдик өзгөчөлүк кыргыз тилинин аглютинативдүү (жалгашма) тилдердин катарына кирүүсү менен да түшүндүрүлөт. Ал эми

мындай тилдерде сөзгө аффикстердин уланышы менен басым улам кийинки муунга жылуу табиятына ээ болот [Розенталь, Д. Э. О произношении слов иноязычного происхождения / Д. Э. Розенталь, М. А. Телянкова // Рус. яз. в шк. – 1972. – № 4 – С. 20-25.].

Бирок көпчүлүк учурларда кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдөгү басым түп нуска тилдегидей сакталып калат. Бирок жогорда биз атайын токтолуп өткөндөй, башка тилден кирген сөздөр кыргыз тилине орус тили аркылуу өтүп, натыйжада орус тилинин акцентологиялык системасына адаптацияланган варианты кыргыз тилине кабыл алынат.

Эксперименттин жүрүшүнө байланыштуу маселелерге кайрылып келе турган болсок, андагы айрым бир шарттуу кыскартууларды чечмелеп өтүү зарылдыгы туулат. Атап айтканда, төмөндөгү шарттуу кыскатуулар:Г1- тилдик адистик багытында билими бар шаардыктар; С1- айылдын жашоочулары; Г2-техникалык багытта билимге ээ шаардыктар; С2-техникалык багытта билими бар айылдыктар; ГЗ-жогорку билимсиз шаардыктар; СЗ-жогорку билимсиз айылдыктар; Г4 – шаардык жаштар; С4 – айылдык жаштар сыяктуу түшүнүктөрдү туюндурат.

Эксперименттин жүрүшүндө жогоруда шарттуу кыскартуулар аркылуу берилген социалдык топтордо айрым бир сөздөрдүн айтылыш, асыресе, алардагы басымдын коюлуш бөтөнчөлүктөрү талдоого алынган. Маселен, *сер'финг* туура вариантына карабай, *сер'финг* деп айтуу өзгөчөлүгү жогоруда шарттуу белгилер аркылуу кыскартылган топтордо, өзгөчө СЗ (65%) жана ГЗ (60%) топторунда басымдуулук кылары такталды. Г1 жана С1 топторунда *сер'финг* (85%) деген варианттын көбүрөөк колдонулушу формалдуу аналогия фактору аркылуу түшүндүрүлөт. Башкача айтканда, этимон сөздө басым биринчи муунга түшүп, ал эми анын кыргыз тилиндеги вариантында басым *–ер* акыркы элементинин алдындагы муунга жылгандыгын формалдуу аналогиянын тассири катарында мүнөздөөгө болот.

Ушул сыяктуу эле *фастфуд* сөзүн айтууда басымды биринчи муунга Г1 (55%), С1 (50%), Г4 (50%) топтору түшүрүп айтышса, ал эми айылдын жашоочуларынын тилинде басым аталган сөздүн акыркы муунуна түшүрүп айтуу тенденциялуу мүнөзгө ээ экендиги белгиленди.

Сурамжыланган топтордун жоопторундагы кескин айырмачылыктар төмөндөгү топтордо болгондугун айта кетүү зарыл: Г2 тобундагы информанттардын 55%, С2 тобундагылардын 45% *пуловер* деген сөздүн экинчи муунуна басым түшүрүп айтышса, *фастфуд* деген сөздүн биринчи муунуна басымды түшүрүп айтуу вариантынын пайыздык көрсөткүчү ГЗ тобунда 35%, СЗ тобунда 25%, Г4 тобунда 50% жана С4 тобунда 40% түзгөн.

Алынган мындай жыйынтыктардан кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын коюлушуна бир катар социалдык мүнөздөгү факторлордун катарында айылда же шаарда жашоо өзгөчөлүгү да таасир этерин көрөбүз. Маселен, шаардыктар кабыл алынган сөздөрдөгү басымды этимон тилдегидей тартипте түшүрүп айтышса, ал эми тескерисинче, басымды акыркы муунга түшүрүп айтуу техникалык билими бар информанттар менен атайын билимге ээ болбогон информанттарга мүнөздүү болуп чыккан. Мындай өзгөчөлүктөрдүн келип чыгуусун шарттаган коомдук-социалдык мүнөздөгү бир катар факторлор бар экендигин билебиз. Билим берүүнүн деңгээлинин айыл аймактарына караганда, шаар жеринде салыштырмалуу жогору экендиги, ошону менен катар эле шаар калкынын күнүмдүк сүйлөшүү кебине салыштырмалуу кабыл алынган сөздөрдүн айыл жашоочуларынын кебине кечирээк кирүүсүн атап өтүүгө болот.

Эгерде англис тилиндеги сөздөрдө басым көпчүлүк учурларда биринчи муунга түшүрүлүп айтылса, орус тилине кабыл алынган фоновариантта басым акыркы муунга жана акыркы муундун алдындагы муунга түшүп айтылат. Басымдын кабыл алынган сөздөрдөгү орун которушуна ички жана тышкы факторлордун бүтүндөй катары таасирин тийгизет. Маселен, мындай

факторлордун катарына англис тилин билүү жана билбөө, курактык өзгөчөлүк, жашаган аймак жана айрым учурларда улуттук бөтөнчөлүк өңдүү факторлорду киргизүүгө болот.

Анлис тилин билген жана жаш курактагы информанттар сөздөрдөгү басымды башкаларга салыштырмалуу анлис тилиндегидей сактап айтышса, айыл аймактарында жашаган респонденттер кабыл алынган сөздөрдү орус тилиндеги акцентологиялык моделдерге ылайык айтышкандыктары ачык байкалат.

